Co-funded by the European Union
При поддержке Европейского Союза

IPHR International Partnership for Human Rights

Юристы за права человека

АКЫЙКАТ КАРЕГИ

ЖАРАНДЫК КООМДУН СОТ АДИЛЕТТИГИ СЕКТОРУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ БОЮНЧА УЛУТТУК ТҮЙҮНҮ

ОФ «Лига защитников прав ребенка»

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ АДИЛЕТТИГИ ТУТУМУНА МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

Чөйрө: Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн укуктарын коргоо жана сактоо

Бишкек

2025

Бул аналитикалык отчет Европа Биримдигинин колдоосу астында Адам укуктары үчүн эл аралык өнөктөштүк уюму (IPHR) жана «Юристтер адам укуктары үчүн» коомдук фонду менен биргеликте ишке ашырылып жаткан Кыргызстанда кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүү боюнча «Акыйкат кареги» Улуттук түйүнүнүн мүчөсү «Балдарды коргоочулардын лигасы» Коомдук фонду тарабынан жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде даярдалды.

Отчет: долбоордун алкагында белгилүү эл аралык жана улуттук эксперттер тарабынан иштелип чыккан кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүнө мониторинг жүргүзүүнүн комплекстүү Усулдамасына ылайык, «Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн укуктарын коргоо жана сактоо» деген аталыштагы чөйрөнү камтыйт. Бул «Акыйкат карегинин» мүчөлөрү жаңы Усулдаманы колдонуп мониторинг жүргүзүүсүнүн негизинде даярдалган аналитикалык отчеттор сериясынын бир бөлүгү болуп эсептелет жана долбоордун эксперттеринин колдоосу менен.

Бул басылма Европа Биримдигинин каржылык колдоосу астында даярдалды. Бул басылманын мазмуну Адам укуктары боюнча эл аралык Өнөктөштүктүн жана «Юристтер адам укугу үчүн» КФ жоопкерчилигинин предмети болуп эсептелет жана Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбайт.

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ 2

КЫСКАРТУУЛАР 4

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР 6

УСУЛДАМА 19

БАА БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ СУРООЛОРУ 21

1-Чөйрө.Кылмыш-жаза саясаты 21

2. 5-чөйрө. Юридикалык жардам 32

3)6-чөйрө. Сотко чейинки этап 41

4) 8-чөйрө. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму 56

ЧӨЙРӨГӨ БАА БЕРҮҮ 62

КОРУТУНДУ 67

КИРИШҮҮ

Балдардын укуктарын коргоо ар бир мамлекеттин укуктук тутумунун негизги аспектилеринин бири болуп эсептелет. Кыргыз Республикасында (мындан ары - КР) калктын жалпы санынын маанилүү үлүшүн балдар жана жаштар түзүшөт, кылмыш-жаза сот өндүрүшү шарттарында алардын укуктарын камсыз кылуу өзгөчө мааниге ээ. Мыйзам менен чатагы бар балдар өзгөчө мамиле кылууга жана колдоо көрсөтүүгө муктаж болгон аярлуу категория болуп эсептелет. Алардын укуктары кылмыш-жаза сот өндүрүшүнү процессинин жүрүүсүнүн бардык учурларында корголушу керек.

Бул талдоо жүргүзүү КР кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө балдардын укуктарынын сакталышын изилдөөгө багытталган. Өзгөчө көңүл колдонуудагы мыйзамдардын, укук колдонуу тажрыйбасынын жана жашы жетелек өспүрүмдөрдүн укуктарын коргоого багытындагы ар түрдүү мамлекеттик жана коомдук институттардын өз ара аракеттенишүүсүнүн натыйжалуулугуна баа берүүгө бурулат. Изилдөөнүн негизги максаты, кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумундагы балдардын укуктары чөйрөсүндөгү КР мыйзамдарынын жана калыптанып калган укук колдонуу тажрыйбасынын жалпы таанылган эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүнө талдоо жүргүзүү болуп эсептелет, ошондой эле аталган чөйрөдөгү кырдаалды жакшыртуу үчүн боштуктарды аныктоо жана сунуштамаларды иштеп чыгуу болуп саналат.

Изилдөө балдардын укугун коргоону жөнгө салган ченемдик-укуктук базаны бөлмө изилдөөсүн жана жана жаш өспүрүмдөрдүн арасындагы кылмыштуулуктун көрсөткүчү кыйла жогору болгон аймактардан эмприкалык көрсөткүчтөрдү чогултууну камтыды. Муну үчүн тогуз район тандалып алынды, анын ичинде Бишкек шаарынын Ленин жана Биринчи май райондору, Ош шаары, Чүй облусунун Сокулук району, Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаары, Жалал-Абад, Баткен жана Кызыл-Кыя шаарлары, ошондой эле Чүй облусунун Аламедин району.

Мониторинг жүргүзүүнүн алкагында 18 адистен турган команда балдар үчүн юстиция тутумунун өкүлдөрү менен маектешүүлөрдү жана фокус топтук талкууларды жүргүздү. Тергөөчүлөр, балдар иштери боюнча тескөөчүлөр, адвокаттар, камкорчу органдардын кызматкерлери жана түзөтүү мекемелеринин өкүлдөрү үчүн деталдаштырылган сурамжылоо анкеталары иштелип чыкты. Көрсөткүчтөрдүн ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн сурамжылоо анкеталары Акыйкатчы институту менен макулдашылды жана кыргыз тилине которулду. Мындан сырткары, №14 тарбиялоо абагына жана тергөө изоляторуна кызматтык баруулар уюштурулду, ал жерлерден мекемелердин кызматкерлери жана жашы жетелек өспүрүмдөр менен маектешүүлөр жүргүзүлдү.

Усулдама ошондой эле, адистештирилген адвокаттардын өндүрүшүндөгү кылмыш-жаза иштерине мониторинг жүргүзүүнү камтыды. Бул соттук териштирүүлөрдүн реалдуу шарттарында балдардын укуктарын ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрүн аныктоого жол ачты. Бардык көрсөткүчтөр балдар жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү менен өз ара аракеттенишүүнүн этикалык аспектилерин эске алуу менен конфиденциалдуулук принцибин сактап чогултулду.

Бул аналитикалык отчеттун түзүмү талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары сунушталган «негизги корутундулар» бөлүмүнөн, мониторинг жүргүзүүнүн куралдарды жана жүргүзүү процесси ачыкталып берилген «Усулдама» бөлүмүнөн, талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары кенен ачылып берилген «Баа берилүүчү негизги суроолор» бөлүмүнөн жана баа берүү Усулдамасына ылайык ар бир көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө баа берүү сунушталган «Чөйрөгө баа берүү» бөлүмүнөн турат.

Бул талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары, КРдагы балдарга карата кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумун мындан ары жакшыртуу үчүн маанилүү болуп эсептелет. Биринчиден, алар мыйзамдардын жана укук колдонуу тажрыйбасынын учурдагы абалы жөнүндө объективдүү көрсөткүчтөрдү сунуштайт, негизги боштуктарды жана көйгөйлөрдү аныктайт. Көрсөткүчтөр улуттук укуктук тутумду эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүүгө багытталган негиздүү мыйзам демилгелерин иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

Экинчиден, мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы балдар үчүн юстиция тутумунун иштөөсүнүн практикалык аспектилерин жакшыртуу үчүн негиз катары кызмат кылат. Иштелип чыккан сунуштамалар соттордун, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, тарбиялоочу мекемелердин жана жашы жетелек өспүрүмдөрдүн укуктарын коргоо процессине катышкан башка ведомстволордун ишмердүүлүктөрүндө жайылтылуусу мүмкүн. Бул ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга жана балдарга байланыштуу иштерди кароодо баланын эң мыкты кызыкчылыктарына багытталган ыкманы камсыз кылууга жол ачат.

Изилдөө балдар катышкан кылмыш-жаза сот адилеттигинин иштөө өзгөчөлүктөрүн илимий жактан түшүнүүнү өнүктүрүүгө салымын кошуу менен, теориялык баалуулукка ээ. Бул мындан аркы изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн негиз болушу мүмкүн, ошондой эле балдардын укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү адистерди даярдоо үчүн билим берүүчү программаларда дагы колдонулушу мүмкүн.

Мониторинг жүргүзүү Европа Биримдигинин, Адам укуктары боюнча эл аралык өнөктөштүк уюмунун жана «Юристтер адам укуктары үчүн» Коомдук Фондунун каржылык колдоо көрсөтүүсү астында «Баланын укуктарын коргоочулардын лигасы» Коомдук фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Акыйкатчы институту менен өнөктөштүктө ишке ашырылган «Кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумунда жашы жетелек өспүрүмдөрдүн укуктарынын сакталышы, кепилдикке алынышы жана корголушу боюнча мониторинг жүргүзүү» долбоорунун алкагында ишке ашырылды.

КЫСКАРТУУЛАР

МКЮЖ	Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам
БП	Башкы прокуратура
КБР	Кылмыштардын бирдиктүү реестри
БИТ	Балдар иштери боюнча тескөөчү
БжК	Балдар жөнүндө кодекс
БИК	Балдар иштери боюнча комиссия[1]
КК	Көзөмөлдөөчү көрсөткүч
КР	Кыргыз Республикасы
Усулдама	Кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумуна мониторинг жүргүзүү усулдамасы
ЖСУЭП	Жарандык жана Саясий Укуктар жөнүндө Эл аралык Пакты
ЭСКжММ	Эмгек, социалдык камсыздандыруу жана миграция министрлиги
ЮМ	Юстиция министрлиги
ЖКУ	Жарандык коом уюмдары
ЖӨБО	Жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары
ҮББКБ	ЭСКжММ алдындагы Райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмү
ТИ	Тергөө изолятору
ЖМК	Жалпыга маалымдоо каражаттары
ЮЖК	Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Юридикалык жардам кызматы
КЖК	Кылмыш-жаза кодекси
КПК	Кылмыш-жаза-процессуалдык кодекси
КЖАК	Кылмыш-жаза аткаруу кодекси
ЭСКжММ СӨБ	Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык өнүктүрүү жана миграция министрлигинин алдындагы Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы
ФТТ	Фокус топтук талкуулоо
АЮЖБ	Аймактык юстиция башкармалыгынын алдындагы Калкка акысыз консультациялык-укуктук жардам көрсөтүү боюнча борбор

[1] «Балдар иштери боюнча комиссия жөнүндө» типтүү жобо (Кыргыз Республикасынын № 449 токтому менен 2017-жылдын 24-июлунда бекитилген. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/46-3214/edition/1231214/ru

МКЮЖ КБ	Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбор

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАМАЛАР

НЕГИЗГИ КОРУТУНДУЛАР
1. Кыргызстан кылмыш-жаза мыйзамдарына, өзгөчө жашы жетелек өспүрүмдөрдүн укуктарын коргоо суроолорунда эл аралык стандарттарды интеграциялоо жаатында илгерилеп жатат, бирок бир катар олуттуу чакырыктарга дагы кабылууда. Жашы жетелек өспүрүмдөргө каршы сексуалдык кылмыштар үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүнө карата мыйзам жабыр тарткан адамдардын укуктарын коргоону жашы жеткен учурдан баштап эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн эсептөө аркылуу камсыз кылат. Бирок айрым кылмыштарга карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонууда жана жаш курактык категорияларды аныктоодо ар башкача колдонулууда. Түюндурмаларды унификациялоо жана эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн кайра карап чыгуу аталап кылынат. Мыйзам жазалоонун альтернативдүү чараларын камтыйт, бирок аларды ишке ашыруу социалдык колдоо көрсөтүүнүн жеткиликсиздиги, тарбиялоо компонентинин алсыздыгы жана ювеналдык пробация секторундагы кадрдык жетишсиздик менен таталдашууда. Бул факторлор жашы жетелек өспүрүмдөрдү реинтеграциялоонун наыйжалуулугун төмөндөтөт. Кылмыш-жаза мыйзамында караштырылган чаралар балдардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алат, бирок жашоо шарттары жөнүндө маалыматтын жетишсиздигинен жана балдарды коргоо органдарынын кызматкерлеринин квалификацияларынын төмөндүгүнөн улам көп учурда декларативдүү бойдон калууда. Көйгөйлөрдү четтетүү үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн кайра карап чыгуу, кадрдык жана усулдук базаны бекемдөө, адистерди даярдоону жакшыртуу жана балдарга колдоо көрсөтүүнүн социалдык механизмдерин күчөтүү зарыл. **2.** Кыргызстан балдарга тиешелүү иштерге адистердин катышуусу жана **юридикалык жардам көрсөтүү** суроолорунда эл аралык стандарттарды сактоону жалпысынан камсыз кылат. Бирок бул стандарттарды ишке ашыруу маанилүү түрдөгү жакшыртууну талап кылат. Мыйзам балдарга алардын процессуалдык макамынан көз карандысыз түрдө акысыз юридикалык жардам көрсөтүүнү камсыз кылат, ал эми анын механизми Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо борбору аркылуу ишке ашырылат. Бирок жардам көрсөткөн адистердин, өзгөчө жабыр тарткан балдар менен иштеген адистердин квалификацияларын үзгүлтүксүз түрдө жогорулатып туруу талап кылынат. Адистештирилген тергөөчүлөрдүн, прокурорлордун, соттордун жана адвокаттардын катышуусу мыйзамда караштырылган, бирок иш жүзүндө алардын кыйла бөлүгү тиешелүү түрдөгү даярдыкка ээ эмес. Ар жыл сайын квалификацияны жогорулатып туруу жана усулдук материалдар жөнүндөгү милдеттүү түрдөгү талаптардын жоктугу кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө балдар менен иштөөнүн сапатын олуттуу түрдө төмөндөтөт. Балдар менен иштеген адистерди окутуу ыраттуу эмес жүргүзүлүүдө жана тутумдуу эмес (системдүү) болуп эсептелет. Адистештирүү принциби тандалмалуу түрдө ишке ашырылууда жана кызматкерлердин жеке даярдыгынан көз каранды, бул болсо эл аралык стандарттарга шайкеш келбейт. **3.** Кыргыз Республикасы **кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө балдардын укуктарын** коргоого багытталган көптөгөн эл аралык стандарттарды бекиткен, бирок аларды ишке ашыруу олутуу чакырыктарга кабылууда. Мыйзам балдарды кармоонун жана сотко алып келүүнүн кыскартылган мөөнөттөрүн караштырган, бул камакта кармоонун убактысын минимизациялоо принцибин чагылдырат. Бирок иш жүзүндө (практикада) кармоо убактысын документте жол-жоболоону кечиктирген окуялар байкалууда, бул балдардын укуктарынын бузулушу тобокелчилигин пайда кылат, буга укук коргоо органдарынын бала

менен адвокаттын катышуусуз байланышы дагы кирет. Мыйзам пробация жана тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары сыяктуу альтернативдүү чаралар механизмдерин караштырат. Аларды ишке ашыруу балдарды чыгаруу, андан кийин аларды коштоо жөнүндөгү келишимдерге карата формалдуу мамилелер менен, ошондой эле чараларды ишке ашыруунун үстүнөн көзөмөл жасоонун жеткиликсиздиги менен татаалданышууда, бул алардын натыйжалуулугун төмөндөтөт жана укук бузуулардын кайталануу тобокелчиликтерин пайда кылат. Мыйзамдар камакта кармоо жайларын акыркы чара катары колдонууну чектөөдө, бирок иш жүзүндө (практикада) мыйзамдуу өкүлүнүн жоктугунан улам, көзөмөлдөөгө берүү көп учурда мүмкүн эмес. Бул балдар үчүн камакка алууну жалгыз жаза чарасына айландырат, бирок жаракатка кабылтууну (травматизациялоону) минимизациялоо принциптерине шайкеш келбейт. Балдардын юридикалык жардам алууга, мыйзамдуу өкүлүнүн, мугалимдин же психологдун катышуусуна ээ болуу укуктары бекитилген. Бирок, адистердин жетишсиздиги, өзгөчө аймактарда адистердин жетишсиздиги, процессуалдык аракеттерге катышкан мугалимдердин/психологдордун квалификацияларына карата талаптардын жоктугу жана алардын эмгектерин төлөп берүү механизмдеринин жоктугу бул укуктардын ишке ашырылуусуна тоскоолдуктарды жаратууда. Мыйзам балдарга жаракатка кабылтуучу таасир этүүлөрдү төмөндөтүү жана процессуалдык аракеттерди жүргүзүү үчүн «балдар үчүн достук маанайдагы бөлмөлөрдү» караштырат. Ошол эле учурда булардын аймактардын көпчүлүгүндө жок экендиги бул талаптардын декларативдүү бойдон калуусуна алып келүүдө. Жалпысынан айтканда, прогрессивдүү мыйзамдуу ченемдер бар экендигине карабастан, стандарттарды натыйжалуу ишке ашыруу маанилүү түрдөгү чакырык бойдон калууда, бул инфраструктурадагы тутумдуу (системдүү) кемчиликтерди жоюуну, адистерди окутууну жана процессуалдык талаптардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү талап кылат.

4. Эркиндигинен ажыратылган балдарды кайра социалдаштыруу жана кармоо шарттары сүрөлору Кыргызстанда бир катар позитивдүү аспекттерге ээ, бирок олуттуу чектөөлөргө дагы кабылууда. Балдардын негизги базалык муктаждыктары, анын ичинде тамак-ашка жана медициналык жардамга карата муктаждыктары ортодон төмөн деңгээлде камсыз кылынат, бул эркиндигинен ажыратуу жайларында жашоо-тиричиликтик шарттарды жакшыртуу зарылчылыгын баса белгилейт. Оң учур болсо балдарды билим алуу жана спорт менен машыгуу мүмкүнчүлүктөрүнүн 100% камсыз кылынышы болуп эсептелет, бул камакта кармоонун терс таасирин жарым-жартылай компенсациялоого жана аларды өнүктүрүүгө жол ачат. Балдарды кайра социализациялоо чөйрөсүндөгү пенитенциардык пробация өнүгүүнүн баштапкы стадиясында болуп эсептелет. Кайра социалдаштыруучу атайын программалардын жоктугу балдардын жазасын өтөө аяктагандан кийин коомго ийгиликтүү кайтып келүүсүн чектейт. Балдардын эркиндигинен ажыратуунун терс зыяндарын минималдаштыруу үчүн жана алардын коомдо реинтеграциялануусуна колдоо көрсөтүү үчүн, жалпы кырдаал кармоо шарттарын жакшыртуу жана балдарды кайра социалдаштыруу боюнча тутумдуу ыкмаларды түзүүгө маанилүү деңгээлде көңүл бурууну талап кылат.

1-чөйрө. Кылмыш-жаза саясаты	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
9.3-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Кыргызстанда жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сексуалдык кылмыштар үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу жалпысынан	**9.3-көзөмөлдөөчү көрсөткүч.** КР КЖК 157-беренеси (Он алты жашка толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер) сексуалдык макулдуктун минималдуу жаш

эл аралык стандарттарга шайкеш келет, жабыр тарткан адам (кыз/эркек бала) жашы жеткен куракка толгон учурдан баштап эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн эсептеп баштоо мүмкүнчүлүгү дагы башталат. Бул жашы жеткен кураста кылмыш жөнүндө ачык айтууга даяр жабыр тарткан адамдардын укуктарын коргоону камсыз кылууга жол ачат. Бирок КР КЖК 157-б. каралган кылмыш-жаза куугунтуктоосунун мүмкүн эместиги, ошондой эле 157-беренеге эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуунун мүмкүн эместиги тобокелчиликтерин жараткан боштуктар болууда, бул жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун чектеши мүмкүн. Бул шайкеш келбестиктерди четтетүү үчүн, жашы жетелек өспүрүмдөргө каршы сексуалдык кылмыштардын баарына карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн жана туюндурмаларды унификациялоо талап кылынат.

13.1-КК. Кыргызстан мыйзам менен чатагы бар балдарга мамиле кылуу боюнча эл аралык стандарттарды маанилүү деңгээлде интеграциялаган. Бул пробациялык көзөмөлдөө жана тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары сыяктуу альтернативдүү чараларды караштырган мыйзамдарда чагылдырылган. Бул чаралар балдарды коомго реинтеграциялоого жана алардын кылмыш-жаза тутуму менен байланышын минимизациялоого көмөктөшүүгө багытталган.

Көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү жана жүрүм-турумун чектөө сыяктуу тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары жетишсиз түрдө белгиленген тарбиялоочу компонентке ээ. Бул чараларды ишке ашыруу, мыйзам менен чатагы бар балдардын үй-бүлөлөрүндө жоопкерчиликтүү чоң адамдардын жоктугу менен татаалдашып жатат. Бул колдоо көрсөтүүнүн кыйла натыйжалуу социалдык механизмдерин түзүү зарылчылыгын баса белгилейт.

Ювеналдык пробация секторунун кадрдык ресурска ээ болушу өтө төмөн, бул болсо курагын 16 жаш катары белгилейт. Ошол эле учурда, КР КЖК 157-беренеси тарабынан кылмыш-жаза жоопкерчилигинин кыйла жогорку минималдуу жаш курагы (18 жаш) деп караштырылган, бул болсо ыктыярдуу түрдөгү сексуалдык мамилелердеги өспүрүмдөрдү кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотот (зордуктоо ж.б. сыяктуу башка кылмыштардын квалификациялоочу белгилери жок болгон учурда). Бул Лансарот Конвенциясынын 18(3)-беренесинин жоболоруна шайкеш келет, ага КР азырынча кошулбаганы менен, ал жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сексуалдык зомбулуктар жана эксплуатациялоо менен күрөшүү чөйрөсүндөгү маанилүү багыттоочу болуп эсептелет. Бирок КР КЖК 157-беренесинде жосундун катышуучуларынын бирөөсү 16 жашка толгон, бирок 18 жашка толо элек болгон, ал эми экинчиси 16 жашка толо элек болгон учурларда алардын жаш куракторындагы максималдуу айырмачылык белгиленген эмес. Чындыгында бул боштукту пайда кылат, мунун жыйынтыгында жаш курагы улуу жашы жетелек өспүрүм ал тургай таптакыр кичинекей балага карата сексуалдык аракеттерди жасаган учурда дагы кесепеттеринен кутулуп кетиши мүмкүн.

Жаш куракторы боюнча максималдуу айырмачылыкты (эл аралык тажрыйбада бул адатта 2-3 жыл) белгилөө, ошондой эле жашы жетелек өспүрүмдөр болжолдуу түрдө бирдей өнүгүү деңгээлинде болуусу талабын (бул актуалдуу, мисалы жашы жетелек өспүрүмдөрдүн бирөөсүнүн интеллектуалдык өнүгүүсүнүн кечигүүсү бар болгон учурлар) белгилөө сунушталат.

Мындан сырткары, КР КЖК 154, 155 жана 157-беренелеринин санкциялык бөлүгүн кесиптик ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүнө тыюу салуу түрүндөгү кошумча жазалар менен толуктоо сунушталат, бул балдарды аларга кылмыштуу кол салуудан коргоо кепилдиктерин күчөтөт. Ошондой эле КР КЖК 58-беренесинин (Кылмыш куугунтуктоонун эскирүү мөөнөттөрү

жашы жетелек өспүрүмдөрдү кайра тарбиялоонун жана реабилитациялоонун максаттарын натыйжалуу ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Инновациялык ыкмаларды ишке киргизүү жана социалдык коштоо боюнча тапшырмаларды толук кандуу аткаруу үчүн, кадрдык жана усулдук базаны маанилүү деңгээлде күчөтүү талап кылынат. **13.2-КК.** Кыргызстандын мыйзамдары жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жазаларды эл аралык стандарттарды эске алуу менен колдонууну камсыз кылган жоболорду камтыйт, ага мөөнөтүн чектөө менен эркиндигинен ажыратууну акыркы чара катары колдонуу кирет. Кылмыш-жаза мыйзамында жашы жетелек өспүрүмдөр үчүн жазалоонун ар түрдүү чаралары караштырылган, алардын жаш курагын, жашоо жана тарбиялоо шарттарын, ошондой эле баланын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алат. Бирок жашы жетелек өспүрүмдүн жашоо жана тарбиялоо шарттары жөнүндө сапаттуу маалыматтардын жетишсиздигинен улам, бул чаралар көп учурда декларативдүү бойдон калууда. Кылмышка аралашып кеткен балдардын ири бөлүгү жайсыз үй-бүлөлөргө же турмуштук оор социалдык шарттарда жашаган үй-бүлөлөргө тиешелүү. Бирок бир катар окуяларда баланын жашоо кырдаалы жөнүндө маалымат толук эмес бойдон калууда, бул болсо көрсөткүчтөр менен иш алып барууну жакшыртуу зарылчылыгын баса белгилейт. Изилдөөгө катышкан адвокаттардын пикирлери боюнча, балдарды коргоо органдарынын кызматкерлеринин кесипкөйлүгүн жана компетенттүүлүгүн жакшытуу зарылчылыгы бар, муну баланын жашоо шарттарына үстүртөн талдоо жүргүзүү окуялары тастыктап турат.	өткөндүгүнө байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу) 6-бөлүгүнө «156-берененин 2-3-бөлүктөрүндө» деген сөздөрдөн кийин «157-беренесинде» деген сөздү кошуу аркылуу, КР КЖК 157-беренесинде (Он алты жашка толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер) каралган жосунду эскирүү мөөнөтү колдонулбаган беренелердин тизмесине киргизген өзгөртүүнү киргизүү сунушталат. КР КЖК 154-155-беренелеринин 3-бөлүгүнүн 2-пунктундагы «он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки» деген сөздөрдү алып салуу, аталган беренелердин 4-бөлүгүн жоюу сунушталат. Аталган беренелердин 3-4-бөлүктөрүндө караштырылган санкция толугу менен окшош. 156-берененин 2-бөлүгүнүн 1-пунктун алып салуу, 3-бөлүгүндө «он төрт жашка толо элек» деген сөздөрдү алып салуу, мына ушундайча бардык курактагы балага карата «Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо» үчүн кыйла катаал санкцияны сактоо сунушталат. **13.1-КК.** КР КПК 480-беренесинде тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын ишке ашыруунун конкреттүү программаларын белгилөө зарыл, же болбосо тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларынын мазмунун жана ишке ашыруу алгоритмин жөнгө салган мыйзам алдындагы актыга шилтеме келтирген ченемди киргизүү зарыл. Пробация кызматынын кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн усулдук жактан камсыз кылуу бөлүгүндө, ювеналдык пробацияны жана алардын мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча адиштештирилүүсүн активдүү өнүктүрүү зарыл. Пробация кызматынын пробациянын кардарлары менен иштеген бардык адистеринин мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө суроолору боюнча квалификацияларын жогорулатуу жаатында иш алып баруу зарыл. Буга паралелдүү түрдө эле, келечекте ювеналдык пробация суроолору боюнча адистештирилген кызматкерди бөлүү мүмкүнчүлүгүн түзүү

	максатында райондук деңгээлде акырындан кадрларды өстүрүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу керек. Мыйзам менен чатагы бар баланын жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти түшүнүүсү жана өкүнүүсү менен түз байланыштуу элдештирүүчү процедураларды (медиация, үй-бүлөлүк топтук конференциялар ж.б.) камтыган калыбына келтирүүчү сот адилеттигин кеңири колдонуу, ювеналдык пробацияны өнүктүрүүнүн багыттарынын бири болушу зарыл. Пробация тутумунун алкагында кайрадан социалдаштыруу программаларын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жалпы республика боюнча ювеналдык пробация борборлорун түзүү максаттуу, ал жерлерде пробациялык көзөмөл дайындалган мыйзам менен чатагы бар балдар, жашы жетелек өспүрүмдөрдүн (кыз/эркек бала) муктаждыктары жана жекече тобокелчиликтери белгиленген усулга ылайык аныктамалардын негизинде гана кайра тарбиялоого, реабилитациялоого жана кайрадан социалдаштырууга багытталган кийлигишүүлөрдөн өтүшмөк. **13.2-КК.** КР Прокуратура органдарынын ишмердүүлүктөрүнүн багыттарынын бири балдардын укуктарын коргоо, балдардын мыйзамда караштырылган укуктарынын аткарылышын камсыз кылуу, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого багытталган мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү болуп эсептелет, ошондой эле баланын маанилүү кызыкчылыктарын камсыз кылуу жана колдоо принциби колдонулат, КР Башкы Прокуратурасы баланын турмуштук кырдаалына толук кандуу жана ар тараптуу баа берүү жана талдоо жүргүзүү колдонулушун камсыз кылуусу зарыл. Жекече баа берүүнү жана талдоо жүргүзүүнү дал ушул сотко чейинки пробациянын кызматкери балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери менен чогуу жүргүзүүсү максаттуу болот. Бул баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылууда тобокелчиликтерди жана муктаждыктарды

	эске алуу менен, баланын өздүгүн жана жагдайларын ар тараптуу изилдөөнү камсыз кылууга шарт түзөт. Бул сунуштаманы, келечекте райондук деңгээлде ювеналдык пробация суроолору боюнча адистештирилген кызматкерди бөлүү мүмкүнчүлүгүн паралелдүү түрдө караштырып, Пробация кызматынын бардык адистеринин мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча квалификацияларын жогорулатуу жаатында иш алып баруу зарылчылыгы жөнүндөгү жогоруда белгиленип өткөн сунуштамалар менен чогуу карoo керек.
5-чөйрө. Юридикалык жардам	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
3.1-КК. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары балдарга алардын процессуалдык макамынан көз карандысыз түрдө, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында акысыз квалификацияланган юридикалык жардам алуу укугу кепилдигин берет. Кыргызстанда юридикалык жардам берүүнүн принциптери жалпысынан эл аралык стандарттарга шайкеш келет, ага баланын кызыкчылыктарын артыкчылыктуу түрдө камсыз кылуу, анын жаш курактык жана социалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу кирет. Кыргызстанда мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам берүүнүн механизми КР Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча Борбор аркылуу ишке ашырылат, бул аныкталган мөөнөттүн ичинде квалификацияланган жардам алуунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга жол ачат. Ошол эле учурда, жабыр тарткан балдарга мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамды камсыз кылууга катышкан адистердин квалификацияларын жогорулатуу чөйрөсүндөгү иш-чараларды тутумдуу түрдө (системалуу) жүргүзүү маанилүү. **7.2-КК.** КР мыйзамдары балдарга байланыштуу иштер боюнча, анын ичинде	**3.1-КК.** Жабыр тарткан балдардын укуктарын бирдиктүү камсыз кылуу максатында, МКЮЖ КБ мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүүгө катышкан субъекттердин (координаторлордун, адвокаттардын) квалификацияларын жогорулатууну тутумдуу негизде (системалуу) жүргүзүү зарыл. КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 13-беренесинин 5-бөлүгүн кийинкидей редакцияда карап чыгуу сунушталат: «Жабыр тарткан балдарга жана күбөлөргө кылмыш-жаза иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам, балдар иштери боюнча адистештирилген адвокаттар тарабынан берилет». **7.2-КК.** КР КПК 457-беренесинин «мыйзам менен чатагы бар балдарга карата иштер боюнча адистештирилген прокурордун, тергөөчүнүн, судьянын жана балдардын иштери боюнча адвокаттын, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, жабыр тарткан адамдын жана күбөлөрдүн катышуусу милдеттүү болуп саналат» деп көрсөтүлгөн 2-бөлүгүн аткаруу үчүн мыйзам алдындагы ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу жана бекитүү зарыл. Бул ченемди комплекстүү түрдө ишке ашыруу үчүн КРнын прокуратура, сот, ИИМ,

жабыр тарткан балдар, күбөлөр жана мыйзам менен чатагы бар балдарга байланыштуу иштер боюнча кылмыш-жаза сот өндүрүштөрүнө адистештирилген тергөөчүлөрдүн, прокурорлордун, соттордун жана адвокаттардын катышуусун талап кылат. Бирок бул талапты иш жүзүндө ишке ашыруу олуттуу көйгөйлөргө кабылууда. Балдар менен иштеген адвокаттардын, тергөөчүлөрдүн жана башка адистердин маанилүү бөлүгү, адистештирилген даярдыкка зарыл ээ эмес. КР КЖК балдар үчүн юстиция боюнча ҮББКБ адистерин жана балдар иштери боюнча тергөөчүлөрдү адистештирүү жөнүндөгү атайын талаптарды камтыган эмес, анткени алардын адистештирилүүсү балдар менен иш алып баруу менен жалпылаштырылат. Бирок сурамжылоолордун көрсөткүчтөрү, ошондой эле КР Башкы прокуратурасы келтирген статистика аталган адистердин квалификацияларын жогорулатуу тутумунун натыйжалуулугун жакшыртуу боюнча, квалификациясын жогорулатуу сааттарынын милдеттүү түрдөгү жылдык минимумун бекитүү боюнча, квалификациясын жогорулатуу планынын үстүнөн маанилүү түрдө иш алып баруу боюнча комплекстүү чараларды көрүүнүн зарыл экендигин тастыктап турат. Балдар менен иштөө боюнча усулдамалык материалдар өтө эле сейрек колдонулат. Адвокаттардын жана тергөөчүлөрдүн арасында кесиптик иш-билгиликти жогорулатуу үчүн мындай окуу куралдарын иштеп чыгууга жана таратууга карата суроо-талап жогору экендиги байкалууда. Юстициянын алкагында балдар менен иш алып барган адистерди окутуу жетишсиз бойдон калууда. Балдар иштери боюнча тескөөчүлөрү жана пробация органынын кызматкерлери кирген адистердин чоң бөлүгү же адистештирилген окутуудан өтүшкөн эмес, же болбосо андан жарым-жартылай өтүшкөн.	адвокатура органдарынын ортосундагы натыйжалуу ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүүнү жолго коюу зарыл. Ыйгарым укуктуу органдарга тергөөчүлөрдөн, прокуроролордон, адвокаттардан, соттордон, тескөөчүлөрдөн жана пробация органдарынын кызматкерлеринен турган кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө балдар менен иштеген бардык адистер үчүн милдеттүү түрдө окутуу программаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү максаттуу болуп эсептелет. Кошумча билим берүүчү программаларды даярдоодогу жана иштеп чыгуудагы бошуктарды аныктоо максатында, балдар менен иштеген адистердин компетенттүүлүгүнө үзгүлтүксүз түрдө мониторинг жүргүзүүнү киргизүү маанилүү болуп саналат. Балдар иштери боюнча адистерди балдар үчүн юстиция стандарттарына шайкеш келтирүүнү камсыз кылуу аркылуу, бул адистерди сертификациялоо тутумун (системасын) түзүү жана бардык категориядагы адистер үчүн балдар менен иштөөнүн практикалык көндүмдөрүн, анын ичинде кайчылаш предметтик ыкмалар боюнча практикалык көндүмдөрүн өстүрүүгө багытталган сааттардын конкреттүү минималдык көлөмүн камтыган квалификацияны жогорулатуу курстарынан милдеттүү түрдө өткөрүүнү бекитүү маанилүү. Адвокаттар, тергөөчүлөр, соттор, пробация кызматкерлери, психологдор жана башка адистер үчүн адистештирилген усулдук материалдарды иштеп чыгуу жана бекитүү, ошондой эле бул багытта иш жүзүндө түздөн түз иш алып барган адистердин арасында окуу куралдарын таратуу, бул окуу куралдарынын жеткиликтүүлүгүн кесиптик уюмдар жана билим берүү борборлору аркылуу камсыз кылуу. КР ЮМ Пробация тутумунда балдар менен иштөө боюнча адистештирилген бөлүнүштөрдү түзүү жана аларды зарыл ресурстар менен камсыз кылуу суроосун

Пробация органдарындагы балдар менен иштеген кызматкерлерди адистештирүү принциби үзүл-кесил, бир бүтүндүктө эмес ишке ашырылууда жана кызматкерлерди даярдоонун тутумдуу түрдөгү (системдүү) эмес, жекече деңгээлинен көз каранды болуп келүүдө.	карап чыгуу керек, ошондой эле пробация органдарынын кызматкерлерин балдарга социалдык колдоо көрсөтүү боюнча, ошондой эле юридикалык жардамдарга муктаждыктар жаатындагы жалпы мүнөздөгү маалыматтар боюнча окутуу модулдарын киргизүү сунушталат.
6-чөйрө. Сотко чейинки этап	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
3.4-КК. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары негизинен, кармоо мөөнөттөрүн, өзгөчө балдарга карата кармоо мөөнөттөрүн минимизациялоону жана камакка алууну колдонууну чектөөнү талап кылган эл аралык стандарттарга шайкеш келет. Камакка алуунун убакыттык так алкактары белгиленген, чоңдор үчүн (48 саат), ошондой эле балдар үчүн (24 саат). КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде баланы кармоонун жана сотко жеткирүүнүн кыскартылган мөөнөттөрү караштырылган (чоңдор үчүн 45 саатын ордуна 21 саат), балдарды камакта кармоонун убактысын минимизациялоо принцибине шайкеш келет. Ошол эле учурда, балдарды кармоо тажрыйбасы кармоонун реалдуу убактысын документтерде жол-жоболоонун кечиктирилүүсү (көрсөтүү, жазуу) тажрыйбасы орун алып жаткандыгын аныктады. Бул баланын укук коргоо органдары менен адвокаттын катышуусуз аракеттенишүүсү тобокелчиликтеринин пайда болушуна алып келет жана баланын укуктарын бузушу мүмкүн. Кармоо убактысын документте жол-жоболоону кечиктирүү баланы тиешелүү көзөмөлдөө жана колдоо жок учурда анын реалдуу кармалган убактысын негизсиз көбөйтүү үчүн колдонулушу мүмкүн.	**3.4-КК**. Мисалы, баланы кармоону ишке ашырууда, ошондой эле алып келүүдө кармалган күнүн жана саатын так көрсөткөн милдеттүү түрдөгү видеофиксациялык белгилөө талабын КР КПКне киргизүү аркылуу, баланы иш жүзүндө реалдуу кармоо убактысын көзөмөлдөө механизмин киргизүү зарыл.
5.1-КК. Эл аралык стандарттарга, анын ичинде Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга жана Европа Кеңешинин сунуштамаларына ылайык, Кыргызстанда балдарды кылмыш-жаза сот өндүрүшү тутумунан чыгарууга багытталган мыйзамдуу механизмдер караштырылган. Мындай механизмдер альтернативдүү чараларды	**5.1-КК.** Чыгарууну колдонуу жөнүндө келишим шаблондуу формада болушу таптакыр мүмкүн эмес, бирок анда минималдуу түрдөгү маалыматтын болуусу милдеттүү болуп эсептелет. Алсак, тергөөчүлөрдү, адвокаттарды, прокуратуранын кызматкерлерин, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын адистерин чыгарууну колдонуунун өзгөчөлүктөрү боюнча окутуудан өткөрүү зарыл; мыйзам менен чатагы бар балдардын мыйзамдуу өкүлдөрү үчүн чыгаруу (кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан баланы чыгаруу) боюнча кыскача эскертмелерди иштеп чыгуу жана аларды ачык, жеткиликтүү жерлерге жайгаштыруу. Чыгаруу боюнча келишимде мыйзам менен чатагы бар бала бир нече милдеттерди өзүнө алат. Алардын келишимде көрсөтүлгөн милдеттерди аткаруусуна балдарды коргоо боюнча мамлекеттик органдын адисинин активдүү катышуусун камсыз кылуу зарыл, ошондой эле чыгаруу жөнүндө келишимди бекиткен прокурор тарабынан дагы дайыма мониторинг жүргүзүлүп турушу зарыл. Чыгаруунун алкагында балага коюлган шарттар жана таасир этүүчү жаза-чаралары баланын инсандыгына жана жагдайларына

камтыйт, мисалы, пробациялык көзөмөлдөөнү жана тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чарларын. Статистика балдарды кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумунан чыгаруу боюнча чараларды колдонуунун оң динамикасын көрсөтүүдө, бул альтернативдүү ыкмаларды таануу өсүп жаткандыгын далилдеп турат.

Мыйзамдуу негиздер бар болгонуна карабастан, аларды практикада колдонуу жаатында олуттуу кемчиликтер аныкталды, анын ичинде: 1) чыгаруу жөнүндө келишимдердин мазмундарындагы формалдуу мамилелер, аларда баланын инсандык өзгөчөлүктөрү эске алынган эмес; 2) келишимдерде процедуралардын катышуучуларынын кол тамгаларынын жоктугу, бул алардын юридикалык күчүнө күмөн санооо алып келет, анын ичинде баладан ыктыярдуу түрдө маалыматтык макулдук алуу фактысы; 3) балдарды тарбиялоо жана кайрадан социалдаштыруу боюнча жана бул чарлардын ийгиликтүүлүгүнө баа берген чаралардын ишке ашырылышын тастыктаган документтердин жоктугу жана көзөмөлдөөнүн дагы тиешелүү деңгээлде эместиги; 4) альтернативдүү чаралар колдонулгандан кийин, балдарды андан ары коштоо практикасынын жоктугу; 5) документтерди жүргүзүүдөгү кемчиликтер, бузуулар, анын ичинде иштин материалдарында чыгаруу жөнүндө келишимдердин өздөрү жок болгон окуялар. Келишимдердин аткарылышына жана альтернативдүү чараларды колдонуунун жыйынтыктарына тутумдуу түрдөгү (системалуу) мониторинг жүргүзүүнүн жоктугу бул чараларды колдонуунун натыйжалуулугун төмөндөтөт, балдардын укук бузууларга кайрадан кайталап кирептер болуу тобокелчилигин жаратат жана системага карата ишенимин жоготот.

5.2-КК. КР КПК жана КР Балдар жөнүндө кодекси камакка алуу жаза-чарасын акыркы чара катары колдонууну караштырат, бул өзгөчө окуяларда гана колдонулат, ошол эле кылдат баа берүүгө негизделүүсү зарыл жана аныкталган баланы коргоо факторлорун күчөтүүгө, динамикалуу тобокелчиликтерди төмөндөтүүгө (кримогендик муктаждыктарды) багытталышы керек, бул жекече планды иштеп чыгууну жана аны үзгүлтүксүз түрдө кайра карап чыгып турууну талап кылат.

5.2-КК. Мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча адистештирилген кабыл алуучу үй-бүлөлөрдү түзүү сууроолорун карап чыгуу сунушталат, бул үй-бүлөсүнүн чөйрөсүндө көзөмөлдөө боюнча милдеттерди өз моюнуна алууга жөндөмдүү жана/же даяр адамдар жок балдар үчүн альтернативаларды пайда кылат.

Ошондой эле объективдүү себептер боюнча көзөмөлдөөгө өткөрүп берүүгө мүмкүн эмес мыйзам менен чатагы бар балдар үчүн, убактылуу жашап туруучу борборлорду түзүү сунушталат. Ошол эле учурда мындай борборлордогу шарттар тергөө изоляторлорундагы шарттардан маанилүү деңгээлде айырмаланып турат. Бул контексте электрондук билериктерди колдонуу өзүн актоочу жана натыйжалуу катары сунушталууда, бирок көзөмөлдөөнүн электрондук каражаттарын колдонуу балага күтүлбөгөн зыянды алып келбөөсү үчүн балдарга сезимтал мамилелерди, ыкмаларды колдонуу зарыл.

5.3-КК. КР КПК 464-беренесинин талабына ылайык, 16 жашка чейинки балдардын иштери боюнча мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун алкагында адвокаттар катышкан сыяктуу эле, мугалимдин же психологдун катышуусун камсыз кылуу зарыл.

МКЮЖ координацилоо борборуна өзүнүн раймий сайтында мыйзамдуу өкүлдөр үчүн мыйзам менен чатагы бар баланын укуктары жөнүндө зарыл маалыматтарды камтыган бөлүмдү ачуу сунушталат.

Ошол эле мезгилде, КР КПК жоболору тарабынан мугалим/психолог жооп берүүсү керек болгон талаптар так көрсөтүлгөн эмес (мисалы, мыйзам менен чатагы бар же

учурда камакка алууга бир гана альтернатива катары – көзөмөлгө өткөрүп берүү караштырылган. Көзөмөлгө өткөрүп берүү мүмкүн болгон адамдардын чөйрөсүнүн твр чечмелениши, ошондой эле адистештирилген кабыл алуучу үй-бүлөлөр институтунун жоктугу (мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча окутулган), бала эгерде мыйзамдуу өкүлү бар болсо гана, ал географиялык жактан жеткиликтүү болсо жана бул милдетти өз моюнуна алууга даяр болсо гана көзөмөлдөөгө өткөрүп бериле турган кырдаалдарга алып келүүдө, бул бардык убактрда эле мүмкүн боло бербейт. Мына ушундайча мыйзам менен чатагы бар балдарга карата камакка алуу акыркы чара катары колдонулбастан, жалгыз жеткиликтүү баш коргоо чарасы катары колдонулууда жана камакка алууга жайгаштырылууда. **5.3-КК.** Кыргыз Республикасы улуттук мыйзамдарга кылмыш-жаза сот өндүрүшүндөгү балдардын укуктарына тиешелүү көптөгөн эл аралык ченемдеди жана стандарттарды киргизген, ага күнөөсүздүк презумпциясы, юридикалык жардам алуу укугу, мыйзамдуу өкүлдөрдүн катышуусу жана процедуралар жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгү кирет. Кыргыз Республикасынын КПК адвокаттын, мыйзамдуу өкүлдүн катышуусу, зарылчылыкка жараша – мугалимдин же психологдун катышуусу, ошондой эле балага жана анын өкүлдөрүнө бардык укуктары менен милдеттерин түшүндүрүү сыяктуу процессуалдык кепилдиктер караштырылган, бул кылмыш-жаза процессинде адилеттүүлүктү жана баланын кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылууга багытталган. Кыргызстандын мыйзамдары баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнөн чыгаруу үчүн деталдаштырылган процедураларды жана шарттарды караштырат, ага бул чаранын маңызы, шарттары жана кесепеттери жөнүндө кенен маалымат берүү кирет. Маанилүү аспектиси мындай	байланыштуу жашы жетелек өспүрүмдөр менен иштөө боюнча кошумча даярдык талабы). КР КПК 464-беренесинин 3-бөлүгү мугалимдин/психологдун тергөөчүнүн/прокурордун уруксаты менен шектелип жаткан/айыпталуучу балага сүроолорду берүү укугун караштырган. Кошумча даярдыктан өткөндүгү жөнүндө талаптар жок болгондуктан, бул укук туура эмес сүроолорду берүү тобокелчилигин (мисалы, багыттоочу/ суггестивдик), баланын эң мыкты кызыкчылыктарына, ошондой эле тергөөнүн кызыкчылыктарына кайчылаш келүүчү баланы уят кылуучу, жана башка аракеттердин орун алуусун потенциалдуу түрдө пайда кылышы мүмкүн. КР КПКде мугалимде/психологдо мыйзам менен чатагы бар/байланыштуу жашы жетелек өспүрүмдөр менен иштөө үчүн тиешелүү түрдөгү даярдыгы бар болуусу талабын караштыруу сунушталат, ошондой эле мыйзам алдындагы ченемдик-укуктук актылардын деңгээлинде суракка алуулардын жана башка процессуалдык аракеттердин алкагында окутуудан өткөн мугалимдин/психологдун жана тергөөнүн ортосундагы өз ара аракеттенишүү усулун иштеп чыгуу жана ишке киргизүү сунушталат. Бекитилген усул боюнча тергөөчү менен өз ара аракеттенишип иштей турган, жашы жетелек өспүрүмдөрдү суракка алууну жүргүзүү усулу боюнча окутуудан өткөн адистерди-психологдорду даярдоо сунушталат. Алардын байланышуу түйүндөрү атайын бекитилген реестр аркылуу тергөөчүлөргө, прокурорлорго жеткиликтүү болуусу зарыл. КР КПК талабына ылайык 16 жашка чейинки балдардын иштеринде, жашы жетелек өспүрүмдөрдү суракка алуу боюнча гана атайын даярдыктан өткөн адистердин реестрине киргизилген мугалимдин, же психологдун катышуусун алардын эмгек акысын мамлекеттик бюджеттен караштыруунун негизинде камсыз кылуу зарыл.

процедурага баланын ыктыярдуу түрдөгү макулдугу кирет. Мыйзам ченемдери бар болгонуна карабастан, иш жүзүндө маанилүү чакырыктар пайда болууда, алар: 1) мугалимди/психологду даярдоо жана алардын процессуалдык аракеттерге катышуу усулдары боюнча конкреттүү талаптардын жоктугу, анткени суроолорду берүү боюнча ыйгарым укуктар кеңири болгондуктан бул баланын эң мыкты кызыкчылыктарына, ошондой эле тергөөнүн кызыкчылыктарына дагы кайчылаш болуп өтүшү мүмкүн, адистердин жетишсиздиги, өзгөчө аймактарда; 2) мугалимдердин жана психологдордун эмгек акысын төлөп берүү механизмдеринин жоктугу, бул аларды процесске катыштыруудагы тоскоолдуктарды пайда кылат. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бардык катышуучуларынын ролдорунун маанилүүлүгү жана алардын мыйзам менен чатагы бар баланы коргоо бөлүгүндөгү функциялары менен катар эле, баланын кызыкчылыктары үчүн аракеттенүүчү негизги субъект анын мыйзамдуу өкүлү болуп эсептелет, мына ушундайча анын кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагындагы укуктары жана процессуалдык мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтуулугу, баланын эң мыкты кызыкчылыктарын сактоо мүмкүнчүлүгү менен тыгыз байланыштуу. Мыйзамдуу өкүлдүн кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн ар бир катышуучусунун функциялары жөнүндө маалыматка ээ болуусу, баланын эң мыкты укуктарынын сакталышын камсыз кылууга шарт түзөт жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн субъектилери өз милдеттерин кыйла сапаттуу аткаруусуна түрткү болот. Мындай мүмкүнчүлүктөргө мугалимди же психологду катыштырууну, же УББКБ адисинин БКЖП (баланы коргоонун жекече планын) түзүүнү кошууга болот. **5.4-КК.** Кыргыз Республикасы мыйзам менен чатагы бар балдар жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү үчүн сотко чейинки өндүрүштүн алкагында өзгөчө шарттарды	**5.4-КК.** КР Ички иштер министрлигине, балдар катышкан бардык тергөө иш-чараларын «балдар үчүн достук маанайдагы бөлмөлөрдө» балдар иштери боюнча адистештирилген тергөөчүнүн катышуусун камсыз кылуу менен өткөрүү бөлүгү боюнча, ал эми баланын тергөөгө чейинки жана тергөө аракеттеринин алкагындагы иш-чараларды өткөрүү үчүн күтүүсүн – атайын балдар үчүн түзүлгөн күтүүчү бөлмөлөрдө гана камсыз кылуу бөлүгү боюнча райондук ишки иштер бөлүмдөрүнүн деңгээлинде КР КПК талаптарынын аткарылышына үзгүлтүксүз түрдө текшерүү жүргүзүп туруу сунушталат.

кепилдикке алган көптөгөн эл аралык ченемдерди жана стандарттарды улуттук мыйзамдарда бекиткен. Алардын катарында балдардын иштери боюнча баланын турмуштук кырдаалынын жекече жагдайларын кошумча түрдө аныктоо зарылдыгы талабы дагы белгиленген, кылмышты жасоого жашы жеткен чоң адам менен чогуу катышкан балага карата иш өзүнчө өндүрүшкө бөлүнүп жүргүзүлөт, сот тарабынан баш коргоо чарасы аныкталганга чейин камакка алуунун атайын (чоң адамдар үчүн белгиленген мөөнөттөргө салыштырмалуу кыскартылган мөөнөт) мөөнөттөрү аныкталган, мыйзам менен чатагы бар бала катышып жаткан процессуалдык аракеттерге адвокат менен чогуу эле, кошумча түрдө УББКБ адиси, мыйзамдуу өкүл катышуусу керек, ал эми эгерде баланын жаш курагы 16 жаштан төмөн болсо, анда мугалим же психолог катышышат, тергөөчү мыйзам менен чатагы бар бала катышып жаткан бардык процессуалдык аракеттерди атайын «достук маанайдагы» бөлмөлөрдө өткөрүүгө милдеттүү. КР КПК 78-беренесине ылайык, алгачкы текшерүү органынын кызматкери, тергөөчү балдар катышкан бардык тергөө иш-чараларын «балдар үчүн достук маанайдагы бөлмөлөрдө», балдар иштери боюнча адистештирилген тергөөчүнүн катышуусун камсыз кылуу менен өткөрүүлөрү керек. Баланын тергөөгө чейинки жана тергөө убагындагы аракеттеринин алкагындагы иш-чараларды өткөрүү үчүн күтүүсү, бир гана балдар үчүн өзүнчө каралган күтүү бөлмөлөрдө күтүп туруусуна жол берилет. Баланы, мыйзам менен чатагы бар баланы жаракатка кабылтуучу таасирлерин төмөндөтүү максатында белгиленген бул берененин талаптары, атайын бөлмөлөр жок болгондуктан көп учурда сакталбайт.	
8-чөйрө. Кылмыш-жаза-аткаруу тутуму	
Макамы жана чакырыктар	**Сунуштамалар**
11.4-КК. Жашоо-тиричиликтик шарттардын канааттандырбаган фонунда жазасын	**11.4-КК.** КР МЖАКна КР Юстиция министрлигинин алдындагы Жазаларды

эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдардын негизги базалык муктаждыктары, тамактануу жана медициналык жардам көрсөтүү бөлүгүндө ортодон төмөн деңгээлде камсыз кылынууда. Ошол эле учурда жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдар 100% билим алып жатышат, спорт менен машыгуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ. Жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдарды кайрадан социалдаштыруу менен камсыз кылуу чөйрөсүндө пенитенциардык пробация активдүү өнүктүрүүнү талап кылат, анын ичинде кайрадан социалдаштыруучу атайын программаларды иштеп чыгууну дагы талап кылат.	аткаруу кызматынын №14 мекемесинде балдардын керектөөлөрүнө жооп бере турган жана жетиштүү тамак аштын деңгээли менен камсыз кылуу боюнча, ошондой эле медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү сунушталат. Жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан ар бир бала боюнча бейне-менеджментин киргизүү аткарылуучу чара катары сунушталууда, ал кайрадан тарбиялоого жана келечекте натыйжалуу түрдө кайра социалдаштырууга багытталган. Бейне-менеджменти, бекитилген усулду сактоо менен жүргүзүлгөн тобокелчиликтерге жана муктаждыктарга комплекстүү баа берүүнүн жыйынтыктарына негизделген бала менен иштөөнүн деталдуу жекече планын өзүнө камтышы керек. Жекече иштөө планын ишке ашыруу жүрүп жаткан кезде ага үзгүлтүксүз түрдө баа берилип турушу керек, зарылчылыкка жараша кайра каралып чыгуусу зарыл. Пландын түзүлүшүнө эң минималдуу дегенде кайра калыбына келтирүү боюнча жана/же үй-бүлөсү менен байланышты сактоо боюнча иштер жөнүндө бөлүмдөр киргизилиши керек. Орундуу учурларда элдештирүүчү процедураларды колдонуу, билим алуу жана эмгектенүү көндүмдөрүнө ээ болуу боюнча план, баланын ден соолугунун абалы жана дарылануу зарылдыгы жөнүндө бөлүм, социалдык-когнитивдик көндүмдөрдү (зомбулуксуз байланышуу көндүмдөрүн кошкондо) алуу/күчтөндүрүү боюнча план ж.б. камтылат. Бала абактан бошотулган учурда бейне жабылбашы керек, мунун ордуна баланы кайрадан социалдаштырууга багытталган пенитенциардык пробациядан кийинки механизмдер ишке ашырылып баштайт.

УСУЛДАМА

Мониторинг жүргүзүүнүн максаты, КР мыйзамдарынын жана калыптанып калган укук колдонуу тажрыйбасынын кылмыш-жаза сот адилеттиги чөйрөсүндөгү баланын укуктары боюнча жалпы таанылган эл аралык стандарттарга шайкеш келүүсүнө талдоо жүргүзүү болуп эсептелет. Аталган чөйрөдөгү мыйзамдар тутумуна бөлмөлүк изилдөө жүргүзүлдү.

Укук колдонуу тажрыйбасына талдоо жүргүзүү үчүн, республиканын балдар жасаган кылмыштардын статистикалык көрсөткүчтөрү кыйла жогору болгон 9 району аныкталып алынды: Бишкек шаарынын Ленин району, Бишкек шаарынын Биринчи май району, Ош шаары, Чүй облусунун Сокулук району, Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаары, Жалал-Абад облусунун Жалал-Абад шаары, Баткен облусунун Баткен шаары, Чүй облусунун Аламүдүн району, Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаары.

18 мониторинг жүргүзүүчүдөн турган топ, укук колдонуу тажрыйбасына мониторинг жүргүзүлүүчү райондордо балдар үчүн юстиция тутумунун адистери менен фокус-топтук талкууларды жана маектешүүлөрдү жүргүздү. Маектешүү үчүн сурамжылоо анкеталары жана ФТТ сценарийи иштелип чыкты жана Акыйкатчы институтунун өкүлдөрү менен макулдашылды, кыргыз тилине которулду: тергөөчүлөр менен маектешүү үчүн сурамжылоо анкетасы (Усулдамага ылайык түзүлгөн 60 суроодон турган), балдар иштери боюнча тескөөчүлөр үчүн сурамжылоо анкетасы (Усулдамага ылайык түзүлгөн 39 суроодон турган), адвокаттар менен маектешүү үчүн сурамжылоо анкетасы (Усулдамага ылайык түзүлгөн 71 суроодон турган), КР ЭСӨжММ СӨБ Үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмдөрүнүн адистери менен маектешүү үчүн сурамжылоо анкетасы (Усулдамага ылайык түзүлгөн 58 суроодон турган), Тергөө изолятолорунда баш коргоо чарасы камакка алуу түрүндө камакта туган балдар менен маектешүү үчүн сурамжылоо анкетсы (Усулдамага ылайык түзүлгөн 58 суроодон турган), Вознесеновкадагы №14 тарбиялоочу абакта жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдар менен маектешүү үчүн сурамжылоо анкетасы ((Усулдамага ылайык түзүлгөн 80 суроодон турган), Вознесеновкадагы №14 тарбиялоочу абактын кызматкерлери менен маектешүү үчүн сурамжылоо анкетасы ((Усулдамага ылайык түзүлгөн 63 суроодон турган), балдар иштери боюнча Комиссиялардын мүчөлөрү үчүн фокус-топтук талкуулоонун сценарийи ((Усулдамага ылайык түзүлгөн, 6 бөлүмгө бириктирилген 29 суроодон турган). Мониторинг жүргүзүүчүлөр сурамжылоо анкеталары менен иштөө боюнча окутуудан өтүштү. Респонденттер кийинкидей негизде сунушталды:





№14 Тарбиялоочу абакта кармалган жашы жетелек өспүрүмдөр үчүн тергөө изоляторуна мониторингдик баруу уюштурулду. Мониторингдик баруунун жүрүшүндө камакка алынган балдар кармалып турган жайга тышкы кароо жүргүзүлдү, ошондой эле мыйзам менен чатагы бар 22 бала менен маектешүү жүргүзүлдү.

Ошондой эле №14 Тарбиялоо абагына мониторингдик баруу жүргүзүлдү. Мониторингдик баруунун жүрүшүндө жазаларын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жатышкан мыйзам менен чатагы бар 13 бала менен маектешүү жүргүзүлдү.

Балдар үчүн юстиция боюнча адистештирилген адвокаттар тарабынан мыйзам менен чатагы бар балдардын 7 иши алынып барылган, бул мыйзам менен чатагы бар баланын укуктарынын ишке ашырылуусуна кылмыш-жаза сот өндүрүшү процессине түздөн-түз катышуунун негизинде мониторинг жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берди.

Этикалык талаптар боюнча, мониторингдин алкагында ФТТ катышышкан адвокаттар укуктарын коргошкон респонденттер – мыйзам менен чатагы бар балдар жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү жөнүндө маалыматтар конфиденциалдуу болуп эсептелет.

Мониторинг жүргүзүүгө карата ар тараптуу ыкмалар колдонулганына карабастан, изилдөө бир нече чектөөлөргө ээ. Кылмыштардын жогорку көрсөткүчү катталган 9 райондон турган тандоо, Кыргызстандын жалпы аймагы боюнча укук колдонуу тажрыйбасын түшүнүүнү чектеп турат. Чектөөнүн экинчи аспектиси адистештирилген сурамжылоо анкеталарын жана сценарийлерин колдонуу болуп эсептелет, алар ар бир конкреттүү учурдун өзгөчө жагдайларын эске ала ала албайт. Ошондой эле, материалдарды кыргыз тилине которуу менен байланыштуу чектөөлөрдү эске алуу зарыл, бул респонденттердин суроолорду так кабыл алуусуна таасирин тийгизиши мүмкүн. Эскерте кетчү маанилүү нерсе, маалыматтардын конфиденциалдуулугу, балдар менен иштөөнү жөнгө салган этикалык принциптер жана балдардын коопсуздугу артыкчылыктуу болду, бул бир катар окуялар боюнча кыйла деталдашкан көрсөткүчтөрдү чогултуу мүмкүнчүлүктөрүн чектеди.

БАА БЕРҮҮНҮН НЕГИЗГИ СУРООЛОРУ

1-Чөйрө.Кылмыш-жаза саясаты

9-индикатор. Эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу

9.3-көзөмөлдөөчү көрсөткүч. Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жасалган сексуалдык кылмыштардын эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн эсептөө жабыр тарткан адамдын жашы жеткен күндөн башталат

Сыпаттамасы

Эл аралык стандарттар жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жасалган сексуалдык кылмыштардын эскирүү мөөнөтүн эсептөөнү жөнгө салат. Мисалы, Европа Кеңешинин аялдарга карата зомбулук жана үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүү жана аларга бөгөт коюу жөнүндө конвенциясы,[2] ушул Конвенциянын 36, 37, 38 жана 39-беренелеринде бекитилген укук бузууларга ылайык белгиленген укук бузууларга карата бардык юридикалык процедураларды козгоо үчүн Тараптар бардык зарыл мыйзамдык жана башка чараларды көрөт деп белгилейт, ошондой эле жабыр тарткан адамга жашы жеткенден кийин сот ишин натыйжалуу козгоо мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн, каралып жаткан укук бузуулардын олуттуулугуна бирдей катыштагы жана жетиштүү боло турган убакыттын ичинде таасирдүү болуусу үчүн тиешелүү чараларды көрөт деп белгилейт.

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КЖК ылайык балага карата жасалган кылмыштуу аракеттерди караштырылган кийинки беренелерге эскирүү мөөнөтү өткөндүгү колдонулбайт: 154-бereненин (Зордуктоо) 4-бөлүгүнө, 3-бөлүгүнүн 2-пунктуна, 155-бereненин (Сексуалдык мүнөздөгү зомбулук аракеттер) 4-бөлүгү, 3-бөлүгүнүн 2-пункту, 156-бereненин (Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо) 2-3-бөлүктөрү, 158-берене (Ыплас аракеттер), 159-бereненин (Сойкулук кылууга тартуу) 3-бөлүгү, 160-бereненин (Сойкулукка жана ыпластыкка көмөктөшүү) 2-бөлүгү, 162-берене (Баланы порнобизнеске тартуу).

Демек, жабыр тарткан адам жашы жеткен куракка толгондон кийин өз укуктарын коргоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу, же болбосо эскирүү мөөнөтү өткөндөн кийин башынан өткөргөн окуяны ачык айтууга даярдыгын билдирсе, болжолдуу түрдөгү күнөөлүү адамга карата кылмыш куугунтугу мүмкүнчүлүгү күчүн жоготпойт. Муну менен катар эле, талдоо жүргүзүү бир катар чакырыктарды таап чыкты:

1) КР КЖК157-беренесине эскирүү мөөнөтү өткөндүгү колдонулат (Он алты жашка *толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер): «… КР КЖК 154, 155 жана 156-беренелеринде каралган кылмыштардын белгилери болбогондо, он сегиз жаш куракка жеткен адам тарабынан он алты жашка толо элек бала менен жасалган жыныстык катнашуу, - сегиз жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат».* Ошол эле учурда, КР КЖК 158-беренесине карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгү колдонулбайт (Ыплас аракеттер): *«КР КЖК 154, 155 жана 157-беренелеринде каралган кылмыштардын белгилери болбогондо, он алты жашка толо элек балага карата*

[2] Европа Кеңешинин Аялдарга карата зомбулук менен жана үй-бүлөлүк зомбулук менен күрөшүү жана аларга бөгөт коюу жөнүндө Конвенциясы. Стамбул, 11.V.2011. URL: https://rm.coe.int/168046253f

сексуалдык катнашсыз ыплас аракеттер жасалса, - жети жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат».

2) КР КЖК 159-160-162-беренелери БУУнун Баланын укуктары боюнча Комитети тарабынан сунушталган *«балага карата»* деген универсалдуу терминологияны камтыйт.[3] КР КЖК 154-155-156-157-158-беренелери кийинкидей туюндурмаларды камтыйт: «*он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки жаш куракгагы балага карата», «он төрт жашка толо элек балага карата», «он алты жашка толо элек жаранга карата».*

Корутундулар

1. Кыргызстанда жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сексуалдык кылмыштар үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу жалпысынан эл аралык стандарттарга шайкеш келет, жабыр тарткан адам (кыз/эркек бала) жашы жеткен куракка толгон учурдан баштап эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн эсептеп баштоо мүмкүнчүлүгү дагы башталат. Бул жашы жеткен куракта кылмыш жөнүндө ачык айтууга даяр жабыр тарткан адамдардын укуктарын коргоону камсыз кылууга жол ачат. Бирок КР КЖК 157-б. каралган кылмыш-жаза куугунтуктоосунун мүмкүн эместиги, ошондой эле 157-беренеге эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуунун мүмкүн эместиги тобокелчиликтерин жараткан боштуктар болууда, бул жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттигинин жеткиликтүү болуусун чектеши мүмкүн. Бул шайкеш келбестиктерди четтетүү үчүн, жашы жетелек өспүрүмдөргө каршы сексуалдык кылмыштардын баарына карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн жана туюндурмаларды унификациялоо талап кылынат.

Сунуштамалар

1. КР КЖК 157-беренеси (Он алты жашка толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер) сексуалдык макулдуктун минималдуу жаш курагын 16 жаш катары белгилейт. Ошол эле учурда, КР КЖК 157-беренеси тарабынан кылмыш-жаза жоопкерчилигинин кыйла жогорку минималдуу жаш курагы (18 жаш) деп караштырылган, бул болсо ыктыярдуу түрдөгү сексуалдык мамилелердеги өспүрүмдөрдү кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотот (зордуктоо ж.б. сыяктуу башка кылмыштардын квалификациялоочу белгилери жок болгон учурда). Бул Лансарот Конвенциясынын 18(3)-беренесинин жоболоруна шайкеш келет, ага КР азырынча кошулбаганы менен, ал жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сексуалдык зомбулуктар жана эксплуатациялоо менен күрөшүү чөйрөсүндөгү маанилүү багыттоочу болуп эсептелет. Бирок КР КЖК 157-беренесинде жосундун катышуучуларынын бирөөсү 16 жашка толгон, бирок 18 жашка толо элек болгон, ал эми экинчиси 16 жашка толо элек болгон учурларда алардын жаш куракгарындагы максималдуу айырмачылык белгиленген эмес. Чындыгында бул боштукту пайда кылат, мунун жыйынтыгында жаш курагы улуу жашы жетелек өспүрүм ал тургай таптакыр кичинекей балага карата сексуалдык аракеттерди жасаган учурда дагы кесепеттеринен кутулуп кетиши мүмкүн.

Жаш куракгары боюнча максималдуу айырмачылыкты (эл аралык тажрыйбада бул адатта 2-3 жыл) белгилөө, ошондой эле жашы жетелек өспүрүмдөр болжолдуу түрдө бирдей өнүгүү деңгээлинде болуусу талабын (бул актуалдуу, мисалы жашы жетелек өспүрүмдөрдүн бирөөсүнүн интеллектуалдык өнүгүүсүнүн кечигүүсү бар болгон учурлар) белгилөө сунушталат.

Мындан сырткары, КР КЖК 154, 155 жана 157-беренелеринин санкциялык бөлүгүн кесиптик ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүнө тыюу салуу түрүндөгү кошумча жазалар менен толуктоо

[3] КР Кылмыш-жаза кодекси. 28-октябрь, 2021-жыл. № 127 . URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112309/edition/2087/ru

сунушталат, бул балдарды аларга кылмыштуу кол салуудан коргоо кепилдиктерин күчөтөт. Ошондой эле КР КЖК 58-беренесинин (Кылмыш куугунтуктоонун эскирүү мөөнөттөрү өткөндүгүнө байланыштуу кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотуу) 6-бөлүгүнө «156-берененин 2-3-бөлүктөрүндө» деген сөздөрдөн кийин «157-беренесинде» деген сөздү кошуу аркылуу, КР КЖК 157-беренесинде (Он алты жашка толо элек бала менен сексуалдык мүнөздөгү аракеттер) каралган жосунду эскирүү мөөнөтү колдонулбаган беренелердин тизмесине киргизген өзгөртүүнү киргизүү сунушталат.

КР КЖК 154-155-беренелеринин 3-бөлүгүнүн 2-пунктундагы «он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки» деген сөздөрдү алып салуу, аталган беренелердин 4-бөлүгүн жоюу сунушталат. Аталган беренелердин 3-4-бөлүктөрүндө караштырылган санкция толугу менен окшош. 156-берененин 2-бөлүгүнүн 1-пунктун алып салуу, 3-бөлүгүндө «он төрт жашка толо элек» деген сөздөрдү алып салуу, мына ушундайча бардык курактагы балага карата «Сексуалдык мүнөздөгү аракеттерге мажбурлоо» үчүн кыйла катаал санкцияны сактоо сунушталат.

13-индикатор. Кылмыш-жаза кодекси балдардын жана жаш адамдардын кылмыш-жаза жоопкерчилигинин жана аларды жазалоонун өзгөчөлүктөрүн караштырат

13.1-КК. Кылмыш-жаза кодеси жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жазалоону колдонуунун ордуна таасир этүүнүн башка жаза-чараларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн караштырат

Сыпаттамасы

Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын[4] 40.1-беренеси караштырат: «1.

Катышуучу-мамлекеттер кылмыш-жаза мыйзамын бузду деп эсептелген, аны бузгандыгы боюнча айыпталып жаткан же күнөөлүү деп таанылган ар бир баланын укугун тааныйт, ага андагы башкалардын адам укуктарын жана эркиндиктерин сыйлоону калыптандырган, балада өзүнүн кадыр-баркы жана маанилүүлүгү сезимин өстүрүүгө түрткү болгон мамиле жасоону тааныйт, муну менен катар эле, баланын жаш курагы жана аны реинтеграциялоого жана алардын коомдо пайдалуу ролду аткаруусуна мүмкүн болушунча көмөктөшүүнү эске алат». ***Бириккен Улуттар Уюмунун жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттигин жөнөтүүгө тиешелүү Минималдык стандарттык эрежелери (Пекин эрежелери)***[5] караштырат: «*5.1. Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттиги тутуму эң биринчи кезекте, жашы жетелек өспүрүмдүн бакубаттуулугун камсыз кылууга жана жашы жетелек укук бузуучуларга карата бардык тарбиялоочу жаза-чаралары, укук бузуучунун инсандык өзгөчөлүктөрүнө жана укук бузуунун жагдайларына чен өлчөмдүү түрдө болуусун камсыз кылууга багытталган*».

Глобалдык чакырыктарга жооп берүү үчүн комплекстүү стратегиялар жөнүндө Сальдовар декларациясы: кылмыштуулуктун жана кылмыш-жаза сот адилеттигин алдын алуу тутуму жана өзгөрүлүп турган дүйнөдөгү алардын өнүгүшү[6] караштырат:

[4] Баланын укуктары жөнүндө конвенция. Башкы Ассамблеянын 44/25 резолюциясы менен кабыл алынган . 20-ноябрь, 1989 -жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/childcon.shtml

[5] Бириккен Улуттар Уюмунун жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттигин жөнөтүүгө тиешелүү Минималдык стандарттык эрежелери (Пекин эрежелери). Башкы Ассамблеянын 40/33 резолюциясы менен кабыл алынган. 29-ноябрь, 1985-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/beijing_rules.shtml

[6] Глобалдык чакырыктарга жооп берүү үчүн комплекстүү стратегиялар жөнүндө Сальдовар декларациясы: кылмыштуулуктун жана кылмыш-жаза сот адилеттигин алдын алуу тутуму жана өзгөрүлүп турган дүйнөдөгү

«*27. Биз балдарды эркиндигинен ажыратуу бир гана акыркы чара катары колдонулушун жана тиешелүү түрдө максаималдуу кыска мөөнөттүн колдонулушун караштырган принципти колдойбуз. Биз тиешелүү учурларда абакка камоонун альтернативдүү чараларын колдонууну, жашы жетелек укук бузуучуларды кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумунун таасири чөйрөсүнөн чыгарууга шарт түзгөн реституциондук сот адилеттиги чараларын жана башка тиешелүү чараларды кеңири колдонууну сунуштайбыз*». ***Кылмыштуулук жана сот адилеттиги жөнүндө Вена декларациясы: XXI кылымдын чакырыктарына жооптор***[7] караштырат: «*24. … оор жагдайлардагы жашы жетелек өспүрүмдөр укук бузуучуга айлануу же кылмыштуу топторго тартуу үчүн жеңил олжо болуп калуу коркунучуна, анын ичинде улуттар аралык уюшкан кылмыштуулук менен байланыштуу топторго тартуу үчүн жеңил олжо болуп калуу коркунучуна кабылган учурлары сейрек эмес, жана биз өсүп жаткан бул көрүнүштөрдүн алдын алуучу аракеттерди көрүү үчүн буларга каршы чараларды кабыл алышыбыз керек».*

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кылмыш жасаган мыйзам менен чатагы бар балага карата жаза дайындоонун ордуна кийинкилер колдонулушу мүмкүн: 1) Тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары (КР КЖК. 96-98-бер., КР КПК 480-бер.); 2) Пробациялык көзөмөлдү дайындоо (КР КЖК 96-бер., КР КПК 479-бер.); 3) Мыйзам менен чатагы бар баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруу (КР КПК 97-бер., КР КПК 467- 475-бер.).

Ушул изилдөөнүн алкагында адвокаттарга сурамжылоо жүргүзүү кийинкилерди көрсөттү, окуялардын 85% мыйзам менен чатагы бар балдарга карата тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары дайындалган эмес. Муну иштердин бөлүгүндөгү жосундардын оордугу жана иштин жагдайлары балага карата тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын колдонууга жол берген жок деген түшүндүрмөнү айтышкан, белгилей кетчү нерсе буларды колдонуу көп учурда кылмыш-жаза укуктук таасир этүү чаралары катары колдонулат.



Адвокаттардын 68% алар катышкан иштер боюнча, сот пробациялык көзөмөлдөөнү дайындаганын белгилешти. Бул сот иштин жагдайлары жана жосундун оордугу мыйзам

алардын өнүгүшү. Башы Ассамблеянын 65/230 резолюциясы менен кабыл алынган. 21-декабрь, 2010-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/salvador_declaration.shtml

[7] Кылмыштуулук жана сот адилеттиги жөнүндө Вена декларациясы: XXI кылымдын чакырыктарына жооптор.Бирикеен Улуттар Уюмунун Кылмыштуулуктун алдын алуу жана укук бузуударга мамиле кылуу боюнча Онунчу Конгрессинде кабыл алынган Вена, 10—17-апрель, 2000-ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/vendec.shtml

менен чатагы бар балдарга эркиндигинен ажыратуу менен байланышкан жазаны дайындабоого жол берген учурда, кайра тарбиялоонун максаттарына жооп берген башка чараларды колдонушкандыгын далилдеп турат.



Мыйзам менен чатагы бар балдардын иштери боюнча тажрыйбага ээ адвокаттарды сурамжылоо дагы адвокаттар мыйзам менен чатагы бар баланы жазадан бошотууга багытталган чараларды колдонушарын көрсөттү, жабыр тарткан адам менен элдештирүү боюнча чараларды көрүшөт, балага карата тарбиялоочу мүнөздөгү мажбурлоо чараларын дайындоого же пробациялык көзөмөлдөөнү колдонуу жөнүндө эскертме өткөрүшөт.



Эгерде пробациялык көзөмөл дайындалган соттолгон бала, пробациялык мөөнөттүн ичинде өзгөчө оор болуп саналбаган жаңы кылмыш жасаса, сот иштин жагдайын жана күнөөлүүнүн ким экендигин эске алуу менен пробациялык мөөнөттү колдонуу жөнүндө чечимди кайрадан кабыл ала алат (КР КЖК 103-бер.). Балдарга карата пробациялык көзөмөлдөө 6 айдан 1 жылга чейинки мөөнөткө белгиленет.

Бөлмөлүк талдоо жүргүзүү жана балдарды коргоо тутумундагы адистерге сурамжылоо жүргүзүү, жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жазалоонун ордуна башка жаза-чараларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруу жаатындагы бир катар чакырыктарды аныктады:

Сот тарабынан кийинкидей тарбиялоо мүнөздөгү мажбурлоо чаралары дайындалышы мүмкүн: 1) эскертүү менен көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү; 2) эскертүү менен жүрүм-турумун чектөө. Бул чаралардын тарбиялык мүнөзү ачык-айкын жана жетиштүү эмес. Көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү жана жүрүм-турумун чектөө, бала менен жетиштүү түрдөгү тыгыз байланышууга ээ үй-бүлөнүн мүчөсү болуп саналган жоопкерчиликтүү чоң адамдын бар болуусун түшүндүрөт. Иш жүзүндө болсо, мыйзам менен чатагы бар баланын үй-бүлөсүндө бүлөнүн мүчөсү болуп саналган жоопкерчиликтүү чоң адам жок болуп чыгат же бала менен үй-бүлөнүн жашы жеткен мүчөлөрүнүн ортосунда байланыш жоголгон болот.

2) Пробация кызматы башкармалыгынын Борбордук аппаратынын түзүмүндө Социалдык коштоо жана реабилитациялоо иш алып барбайт. Ювеналдык пробация сектору жана мамлекеттик органдар менен, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдары жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенишүү эки адистин курамында. Кадрдык камсыз кылуунун бул көлөмү максаттары мыйзам менен чатагы бар балдарды кайра тарбиялоо, усулдук иштерди жүргүзүү, балдар менен иштөөдө инновациялык ыкмаларды киргизүү болуп эсептелген пробациялык көзөмөлдөө боюнча уюштуруучулук иштерин жүргүзүү үчүн жетишсиз болуп саналат. Пробация кызматынын райондук деңгээлдеги кадрдык түзүмүндө ювеналдык пробация суроолору боюнча адистештирилген кызматкерди бекитүү мүмкүнчүлүгү жок.

Корутундулар

1. Кыргызстан мыйзам менен чатагы бар балдарга мамиле кылуу боюнча эл аралык стандарттарды маанилүү деңгээлде интеграциялаган. Бул пробациялык көзөмөлдөө жана тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары сыяктуу альтернативдүү чараларды караштырган мыйзамдарда чагылдырылган. Бул чаралар балдарды коомго реинтеграциялоого жана алардын кылмыш-жаза тутуму менен байланышын минимизациялоого көмөктөшүүгө багытталган.

2. Көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү жана жүрүм-турумун чектөө сыяктуу тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары жетишсиз түрдө белгиленген тарбиялоочу компонентке ээ. Бул чараларды ишке ашыруу, мыйзам менен чатагы бар балдардын үй-бүлөлөрүндө жоопкерчиликтүү чоң адамдардын жоктугу менен татаалдашып жатат. Бул колдоо көрсөтүүнүн кыйла натыйжалуу социалдык механизмдерин түзүү зарылчылыгын баса белгилейт.

3. Ювеналдык пробация секторунун кадрдык ресурска ээ болушу өтө төмөн, бул болсо жашы жетелек өспүрүмдөрдү кайра тарбиялоонун жана реабилитациялоонун максаттарын натыйжалуу ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Инновациялык ыкмаларды ишке киргизүү жана социалдык коштоо боюнча тапшырмаларды толук кандуу аткаруу үчүн, кадрдык жана усулдук базаны маанилүү деңгээлде күчөтүү талап кылынат.

Сунуштамалар

1. КР КПК 480-беренесинде тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын ишке ашыруунун конкреттүү программаларын белгилөө зарыл, же болбосо тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларынын мазмунун жана ишке ашыруу алгоритмин жөнгө салган мыйзам алдындагы актыга шилтеме келтирген ченемди киргизүү зарыл.

2. Пробация кызматынын кызматкерлеринин ишмердүүлүгүн усулдук жактан камсыз кылуу бөлүгүндө, ювеналдык пробацияны жана алардын мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча адиштештирилүүсүн активдүү өнүктүрүү зарыл. Пробация кызматынын пробациянын кардарлары менен иштеген бардык адистеринин мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө суроолору боюнча квалификацияларын жогорулатуу жаатында иш алып баруу зарыл. Буга паралелдүү түрдө эле, келечекте ювеналдык пробация суроолору боюнча адистештирилген кызматкерди бөлүү мүмкүнчүлүгүн түзүү максатында райондук деңгээлде акырындан кадрларды өстүрүү мүмкүнчүлүгүн караштыруу керек.

3. Мыйзам менен чатагы бар баланын жасагандыгы үчүн жоопкерчиликти түшүнүүсү жана өкүнүүсү менен түз байланыштуу элдештирүүчү процедураларды (медиация, үй-бүлөлүк топтук конференциялар ж.б.) камтыган калыбына келтирүүчү сот адилеттигин кеңири колдонуу, ювеналдык пробацияны өнүктүрүүнүн багыттарынын бири болушу зарыл. Пробация тутумунун алкагында кайрадан социалдаштыруу программаларын натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жалпы республика боюнча ювеналдык пробация борборлорун түзүү максаттуу, ал жерлерде пробациялык көзөмөл дайындалган мыйзам менен чатагы бар балдар, жашы жетелек өспүрүмдөрдүн (кыз/эркек бала) муктаждыктары жана жекече тобокелчиликтери белгиленген усулга ылайык аныктамалардын негизинде гана кайра тарбиялоого, реабилитациялоого жана кайрадан социалдаштырууга багытталган кийлигишүүлөрдөн өтүшмөк.

13.2-КК. Кылмыш-жаза кодекси балдар жана жаш адамдар үчүн жазаны жумшартуу мүмкүнчүлүгүн караштыруусу керек

Сыпаттамасы

Баланын укуктары жөнүндө конвенция караштырат: *«37-берене. Катышуучу-мамлекеттер караштырышат: a)… бошотуу мүмкүнчүлүгүн караштырбаган өлүм жазасы дагы, өмүр боюу абакка эркиндигинен ажыратуу дагы, жаш курагы 18 жаштан ылдыйкы адамдар жасаган кылмыштар үчүн дайындалбайт; b) … Баланы камакка алуу, кармоо же абакка камоо мыйзамга ылайык ишке ашырылат жана болушунча кыска убакыт аралыгына шайкеш келген акыркы чара катары гана колдонулат».* **Пекин эрежелери караштырат:** *«5.1. Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттиги тутуму эң биринчи кезекте, жашы жетелек өспүрүмдүн бакубаттыгын камсыз кылууга жана жашы жетелек өспүрүм укук бузуучуларга карата бардык таасир этүү жаза-чаралары дайыма укук бузучунун өздүгү менен, ошондой эле укук бузуунун жагдайлары менен чен-өлчөмдүү болуусун камсыз кылууга багытталган».* **Бириккен Улуттар Уюмунун эркиндигинен ажыратылган жашы жетелек өспүрүмдөргө карата Эрежелери**[8] белгилейт: *«Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сот адилеттиги тутуму алардын укуктарын жана коопсуздуктарын коргошу керек, жана да алардын дене бойлук жана акыл-эстик жактан абалдарынын жакшы болууларына көмөктөшүүсү зарыл. Абакка камоо акыркы чара катары гана колдонулушу керек».*

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР КЖК 17-бөлүмү «Балдардын кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү» мыйзам менен чатагы бар балдарга карата жазаларды дайындоонун бир катар өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Балагага жазаны дайындоодо жазанын алдын алуучу максаттарын эске алуу

[8] Бириккен Улуттар Уюмунун эркиндигинен ажыратылган жашы жетелек өспүрүмдөрдү коргоого тиешелүү Эрежелери. Башкы Ассамблеянын 45/113 резолюциясы менен кабыл алынган. 14-декабрь, 1990 -ж. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/juveniles_liberty.shtml

менен, күнөөнүн даражасы жосун тарабынан келтирилген залалдын даражасына шайкеш келүүсү керек (КР КЖК 72-берене), анын жашоо жана тарбия шарттары, психикалык өнүгүшүнүн деңгээли, инсандык башка өзгөчөлүктөрү, ошондой эле ага курагы боюнча жашы улуулардын таасири эске алынат (КР КЖК 102-беренеси). Мыйзам менен чатагы бар кылмыш жасаган балдарга жазалардын төмөнкүдөй түрлөрү гана дайындалышы мүмкүн: коомдук иштер, айып, эркиндигин чектөө, түзөтүү жумуштары, эркиндигинен ажыратуу (КР КЖК 103-беренеси). Коомдук иштер 20 сааттан 120 саатка чейинки мөөнөткө дайындалат, баланын дене боюнун мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен жумуштарды аткарууну билдирет жана ал аны окуудан же негизги ишинен бош убакта аткарат. Жазанын мындай түрүн он төрт жаштан он алты жашка чейинки балдардын аткаруусунун узактыгы бир күндө эки сааттан, ал эми он алтыдан он сегиз жашка чейинки балдарга бир күндө - үч сааттан ашпоого тийиш (КР КЖК 104-берене).

Айып он алты жашка толгон балдарга карата колдонулат. Айып соттолгон баланын өз алдынча эмгек акысы же өндүрүп алууга айландырыла турган мүлкү болгондо дайындалат (КР КЖК 105-берене).

Коркунучтуулугу аз же анча чоң эмес кылмыш жасаган он төрт жаштан он алты жашка чейинки балдарга 2 айдан 6 айга чейинки мөөнөткө, 16 жаштан 18 жашка чейинки куракгагыларга - 6 айдан 1 жылга чейинки мөөнөткө эркиндигин чектөө дайындалат (КР КЖК 106-берене).

Түзөтүү жумуштары 16 жаштан 18 жашка чейинки куракгагы ишке орношкон балдарга иштеген жеринде бир айдан бир жылга чейин дайындалат. Түзөтүү жумуштарына соттолгон баланын эмгек акысынан, соттун өкүмүндө 5тен 10 пайызга чейинки чектерде белгиленген өлчөмдө мамлекеттин кирешесине чегерүү жүргүзүлөт (КР КЖК 107-беренеси).

Кылмыш жасаган учурга карата 18 жаш куракка толо элек балдарга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза 6 айдан 10 жылга чейинки мөөнөткө дайындалышы мүмкүн (КР КЖК 108-беренеси).

Кылмыштардын же өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоодо эркиндигинен ажыратуунун максималдуу мөөнөтү 10 жылдан ашпоого тийиш. Эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза 16 жашка чейинки куракта биринчи жолу анча оор эмес кылмыш жасаган 14 жаштан 18 жашка чейинки куракгагы соттолгон балага дайындалбайт (КР КЖК 108-беренеси). 14 жаштан 16жашка чейинки куракгагы балага оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындалганда, КР КЖК Өзгөчө бөлүгүнүн тийиштүү беренесинде каралган жазанын төмөнкү чеги жарымына кыскартылат (КР КЖК 108-беренеси).

КР КЖК 58 жана 92-беренелеринде каралган эскирүү мөөнөттөрү он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки куракгагы балдарды кылмыш-жаза жоопкерчилигинен же жаза өтөөдөн бошотууда жарымына кыскартылат (КР КЖК 111-беренеси).

КР Балдар жөнүндө кодексинин 90-беренеси ювеналдык юстиция тутумунун функционалдашуусунун бир принциби катары *«мөөнөтүн чектөөнү эске алуу менен эркиндигинен ажыратууну акыркы чара катары колдонууну»* караштырат.
КР КЖК 17-бөлүмүнө «Балдардын кылмыш-жаза жоопкерчилигинин өзгөчөлүктөрү» ылайык, балага жазаны дайындоодо жазанын алдын алуучу максаттарын эске алуу менен күнөөнүн даражасы жана жосун тарабынан келтирилген залалдын даражасына шайкеш келүүсүн эске алуусу зарыл деген жалпы эрежелерден (КР КЖК 72-беренеси) сырткары, анын жашоо жана тарбия шарттары, психикалык өнүгүшүнүн деңгээли, инсандык башка өзгөчөлүктөрү, ошондой эле ага курагы боюнча жашы улуулардын таасири эске алынат (КР

КЖК 102-беренеси). Эгерде кылмыш ишинин материалдарында баланын жаш курагы ачык-айкын жагдай болуп саналса жана минималдуу түрдө 14 жаштан 16 жашка чейинки жана 16 жаштан 18 жашка чейинки интервалдарда кылмыш-жаза жана кылмыш-жаза процессуалдык укуктун ченемдерине так шайкеш келсе, анда мыйзам менен чатагы бар баланын жашоо жана тарбия шарттары, анын психикалык өнүгүшүнүн деңгээли, инсандык башка өзгөчөлүктөрү ошондой эле ага курагы боюнча жашы улуулардын таасири, жазаны дайындоодо көп учурда эске алынбаган номиналдуу түрдөгү декларативдик жагдайлар боюнча калат, бул аталган маалыматтын кылмыш ишинин материалдарында жок экенин тастыктап турат.

2022-2023-жж. карата Балдардын арасындагы кылмыштуулукка КР Башкы прокуратурасы[9] тарабынан талдоо жүргүзүүгө ылайык, КБР алдын ала көрсөткүчтөрүнүн негизинде кылмыш жасагандыгы боюнча катталган 973 жашы жетелек өспүрүмдүн ичинен: 64 ата-энесинин камкордугусуз калтырылгандар, 149 аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдөн, 9 жетим балдар, 23 мигранттардын балдары, 28 кароосуз балдар, 3 балдар үйлөрүнүн жана интернаттардын тарбияланууучулары, 132 толук эмес үй-бүлөлөрдө тарбияланып жаткандар, 295 толук үй-бүлөлөрдө тарбияланып жаткандар, 9 үй-бүлөдөн сырткары тарбияланып жаткандар. Калган 261 бала боюнча аныктоо мүмкүн болгон жок (баланын макамы көрсөтүлгөн эмес), ушуга байланыштуу бүгүнкү күндө электрондук базанын ишин жакшыртып иштеп чыгуу боюнча иштер алынып барууда. Мына ошентип, мыйзам менен чатагы бар балдардын иштеринин 26,8% баланын жашоо жана тарбия шарттары мызам тарабынан эске алынуусу мүмкүн эмес бойдон калат.



Мыйзам менен чатагы бар баланын жашоо кырдаалынын инсандык өзгөчөлүктөрүн сотко чейинки стадияда чагылдырууга түздөн түз арналган механизм, балдарды коргоо боюнча ыйгрым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери алып келе турган баланын жашоо кырдаалына баа берүү жана талдоо жүргүзүү болуп эсептелет. КР КПК 54-беренесине ылайык, балдарды коргоо боюнча ыйгрым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери кылмыш-жаза сот өндүрүшү процессинде милдеттүү:

[9] 2022-2023-жылдарга карата балдар арасындагы кылмыштуулукка талдоо жүргүзүү. КР Башкы Прокуратурасы

1) баланын турмуштук кырдаалына баа берүүгө жана талдоо жүргүзүүгө, алардын жыйынтыгы боюнча корутунду түзүүгө;

2) баланын социалдык-психологиялык мүнөздөмөсүн түзүүгө.

Ошондой эле, сот балдар жасаган кылмыштар жөнүндө пробация органына милдеттүү түрдө пробациялык баяндама даярдоону тапшырат (КР КПК 28-берене, 4-бөл.). КР КПК 5-беренесинин 42-пунктуна ылайык, **пробациялык баяндама** - инсандыгын, социалдык-турмуш-тиричилик шарттарын жана кылмыш жасоого өбөлгө болгон башка жагдайларды изилдөөнүн негизинде айыпталуучунун социалдык-психологиялык портрети жөнүндө пробация органдарынын корутундусу.

Ошол эле учурда пробациялык баяндама айыпталуучу баланын инсандыгын жана жагдайларын ар тараптуу изилдөө аркылуу ага жекелештирилген мамилени камсыз кылуу үчүн маанилүү куралды өзүнө камтыйт, бул жерде татаалдаштыруучу фактор Пробация департаментинин адистери мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча адистикке ээ эмес экендиги болуп саналат (13.1-КК.кара). Ошол эле учурда балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистери айыпталуучу балдардын дал ушул муктаждыктарына жана тобокелчиликтерине баа берүүнү жүргүзүү боюнча окутуудан өтүшкөн эмес. Бул болсо алардын баланын инсандыгы жана жагдайлары боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрүнүн динамикалык тобокелчиликтерди (криминогендик муктаждыктарын) жана коргоо факторлорун аныктоо жаатындагы пайдалуулугун чектейт, бул жашы жетелек өспүрүмдүн инсандыгын жана жагдайларын үстүртөн, формалдуу изилдөөгө алып келиши мүмкүн. Тобокелчиликтерге жана муктаждыктарга толук кандуу баа берүү мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөөнү туура уюштуруу үчүн кардиналдуу түрдө маанилүү болуп эсептелет, тактап айтканда, балага жазаны дайындоодо жана аны менен тарбиялык иштердин жекече планын иштеп чыгууда маанилүү.

Изилдөөнүн жүрүшүндө сурамжылоого катышкан 34 адвокаттын пикирлерине ылайык, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адисинин мыйзам менен чатагы бар балдардын иштеринин алкагында баланын жашоо кырдаалына талдоо жүргүзүү жана баа берүү боюнча изилдөөсүнүн толуктугу жана ар тараптуулугу кийинкидей бааланат:

№	**Сиз катышкан иштерде, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адиси мыйзам менен чатагы бар балдардын иштеринин алкагында баланын жашоо кырдаалына талдоо жүргүзүү жана баа берүү боюнча изилдөөсүнүн толуктугуна жана ар тараптуулугуна кандай баа бересиз?**	**Респонденттердин саны**
1	Абдан жакшы	
2	Жакшы	5
3	Канааттандырарлык	4
4	Жаман	4
5	Баалай албайм	7
6	Алар болгону баланын жашаган дареги боюнча чыгышат жана ЖТШ (жашоо-тиричилик шарттары) актысын түзүшөт	2
7	Кызматкерлер көп учурда номиналдуу түрдө гана катышышат	3

8	Кызматкерлер өз ишин аткарышат	2
9	Кызматкерлердин кесипкөйлүгүн, иш-билгилигин жакшыртуу зарыл деп эсептейм	4
10	Талдоо жүргүзүүнүн ар тараптуулугу жеткиликсиз болбой калган учурлар кездешет	1

Демек, КР Кылмыш-жаза кодекси анын жашоо жана тарбия шарттары, психикалык өнүгүшүнүн деңгээли, инсандык башка өзгөчөлүктөрү, ошондой эле ага курагы боюнча жашы улуулардын таасири эске алуу менен, балдар жана жаш адамдар үчүн жазаны жумшартуу мүмкүнчүлүгүн караштырып турган учурда дагы, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан баланын жашоо кырдаалына сапаттуу талдоо жүргүзүүнүн жоктугунан иш жүзүндө (практикада) бул мүмкүнчүлүктү ишке ашыруу көп учурда мүмкүн эмес болууда.

Корутундулар

1. Кыргызстандын мыйзамдары жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жазаларды эл аралык стандарттарды эске алуу менен колдонууну камсыз кылган жоболорду камтыйт, ага мөөнөтүн чектөө менен эркиндигинен ажыратууну акыркы чара катары колдонуу кирет. Кылмыш-жаза мыйзамында жашы жетелек өспүрүмдөр үчүн жазалоонун ар түрдүү чаралары караштырылган, алардын жаш курагын, жашоо жана тарбиялоо шарттарын, ошондой эле баланын жеке өзгөчөлүктөрүн эске алат. Бирок жашы жетелек өспүрүмдүн жашоо жана тарбиялоо шарттары жөнүндө сапаттуу маалыматтардын жетишсиздигинен улам, бул чаралар көп учурда декларативдүү бойдон калууда.

2. Кылмышка аралашып кеткен балдардын ири бөлүгү жайсыз үй-бүлөлөргө же турмуштук оор социалдык шарттарда жашаган үй-бүлөлөргө тиешелүү. Бирок бир катар окуяларда баланын жашоо кырдаалы жөнүндө маалымат толук эмес бойдон калууда, бул болсо көрсөткүчтөр менен иш алып барууну жакшыртуу зарылчылыгын баса белгилейт.

3. Изилдөөгө катышкан адвокаттардын пикирлери боюнча, балдарды коргоо органдарынын кызматкерлеринин кесипкөйлүгүн жана компетенттүүлүгүн жакшытуу зарылчылыгы бар, муну баланын жашоо шарттарына үстүртөн талдоо жүргүзүү окуялары тастыктап турат.

Сунуштамалар

1. КР Прокуратура органдарынын ишмердүүлүктөрүнүн багыттарынын бири балдардын укуктарын коргоо, балдардын мыйзамда караштырылган укуктарынын аткарылышын камсыз кылуу, балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоого багытталган мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү болуп эсептелет, ошондой эле баланын маанилүү кызыкчылыктарын камсыз кылуу жана колдоо принциби колдонулат, КР Башкы Прокуратурасы баланын турмуштук кырдаалына толук кандуу жана ар тараптуу баа берүү жана талдоо жүргүзүү колдонулушун камсыз кылуусу зарыл.

Жекече баа берүүнү жана талдоо жүргүзүүнү дал ушул сотко чейинки пробациянын кызматкери балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери менен чогуу жүргүзүүсү максаттуу болот. Бул баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылууда тобокелчиликтерди жана муктаждыктарды эске алуу менен, баланын өздүгүн жана жагдайларын ар тараптуу изилдөөнү камсыз кылууга шарт түзөт. Бул сунуштаманы, келечекте райондук деңгээлде ювеналдык пробация суроолору боюнча адистештирилген

кызматкерди бөлүү мүмкүнчүлүгүн паралелдүү түрдө караштырып, Пробация кызматынын бардык адистеринин мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча квалификацияларын жогорулатуу жаатында иш алып баруу зарылчылыгы жөнүндөгү жогоруда белгиленип өткөн сунуштамалар менен чогуу кароо керек.

2. 5-чөйрө. Юридикалык жардам

3-чөйрө. Жабыр тарткан адамдар квалификациялуу юридикалык жардам алуунун жеткиликтүүлүгүнө ээ

3.1-КК. Укук бузуулардан/кылмыштардан жабыр тарткан адамдар (жабырлануучулар) эгердеюридик алык колдоо көрсөтүүгө муктаж болушса, юридикалык жардам алышат

Сыпаттамасы

Бириккен Улуттар Уюмунун кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумдарында юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө тиешелүү принциптер жана жетектөөчү жоболор[10] караштырат: «*4-принцип. Кылмыштардын жыйынтыгында жабыр тарткандарга юридикалык жардам көрсөтүү. 1. Мамлекет кылмыштардын жыйынтыгында жабыр тарткандарга юридикалык жардамды ал зарыл болгон учурда, айыпталуучулардын укуктарына кесепетин тийгизбестен жана мыйзамды бузбастан көрсөтүшү керек… 10-принцип. Юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө тең укуктуулук… 32. Балдарга… юридикалык жардамдын реалдуу түрдө жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн атайын чараларды кабыл алуу керек. Мындай чаралар бул топтордун өзгөчө муктаждыктарын, анын ичинде гендердик жана жаш курактык… аспектилерин эске алуулары зарыл. 11-принцип. Баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылууга багытталган юридикалык жардам.1. Балдарга юридикалык жардам берүүгө тиешелүү бардык чечимдерде, негизги аракеттердин баары баланын эң мыкты кызыкчылыктарын камсыз кылуу болушу зарыл.2. Балдарга көрсөтүлүүчү юридикалык жардам артыкчылыктуу багыт болуусу керек, баланын кызыкчылыктарын эң мыкты деңгээлде камсыз кылышы жана жеткиликтүү болуусу зарыл, балдардын жаш курактарын эске алуусу, тармактар аралык жана натыйжалуу мүнөзгө ээ болушу, балдардын конкреттүү юридикалык жана социалдык муктаждыктарына жооп берүүсү керек*».

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Кылмыш иштери боюнча мамлекет кепилдеген акысыз квалификациялуу юридикалык жардам алууга бардык процессуалдык макамда *балдар* укуктуу (КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө»[11] Мыйзамынын 13-бер., 4-бөл. 6-п.).

Изилдөөнүн алкагында ЮЖК 8 координатору сурамжылоого катышышты (ыйгарым укуктары мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун арыз берүүчүлөрүнүн,

[10] Бириккен Улуттар Уюмунун кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумдарында юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгүнө тиешелүү принциптер жана жетектөөчү жоболор Башкы Ассамблеянын Резолюция менен кабыл алынган [Үчүнчү комитеттин баяндамасы боюнча (A/67/458)]. URL: https://www.unodc.org/documents/justice-and-prison-reform/13-86672_e_book.pdf

[11] Кыргыз Республикасынын Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө Мыйзамы, 10-август,2022-жыл. № 91. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/112412/edition/3556/ru

кызматтан колдонуучуларынын, адвокаттарынын жана башка субъектилеринин ортосундагы өз ара аракеттенишүүнү камсыз кылуудан турган адис[12]).

Сурамжылоого катышкан адистердин бирөө жабыр тарткан балдардын мамлекет кепилдеген юридикалык жардам алууга укугу жок деп билдирди жана бир адис жабыр тарткан балага мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүнүн зарылдыгы жөнүндө арыз менен мыйзамдуу өкүл тергөөчүгө кайрылат, ал болсо КР ЮМ алдындагы ЮЖК менен өз ара аракеттенишет деп билдирди. Мына ошентип, ЮЖК координаторлоруна сурамжылоо жүргүзүү боюнча мындай жыйынтыктарды чыгарсак болот, жабыр тарткан балдарга жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү суроолору боюнча укук колдонуу тажрыйбасы, бирдиктүү эмес жана ЮЖК координаторлорунун жана тергөөчүлөрдүн квалификацияларын жогорулатууга багытталган чараларды көрүүнү, ошондой эле калкка жабыр тарткан балдардын укуктарынын кепилдиги жөнүндө маалымдоо боюнча чараларды кабыл алууну талап кылат.

Сурамжылоого катышкан 34 адвокаттын ичинен 27си МКЮЖ реестринде турушат, 27 адвокаттын ичинен 19 (56%) , акыркы 3 жылда МКЮЖ тутумунун алкагында жабыр тарткан балдардын иштерин алып барышкандыгын айтышты.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары балдарга алардын процессуалдык макамынан көз карандысыз түрдө, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында акысыз квалификацияланган юридикалык жардам алуу укугу кепилдигин берет. Кыргызстанда юридикалык жардам берүүнүн принциптери жалпысынан эл аралык стандарттарга шайкеш келет, ага баланын кызыкчылыктарын артыкчылыктуу түрдө камсыз кылуу, анын жаш курактык жана социалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу кирет.

2. Кыргызстанда мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардам берүүнүн механизми КР Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча Борбор аркылуу ишке ашырылат, бул аныкталган мөөнөттүн ичинде квалификацияланган жардам алуунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга жол ачат. Ошол эле учурда, жабыр тарткан балдарга мамлекет тарабынан кепилденген юридикалык жардамды камсыз кылууга катышкан адистердин квалификацияларын жогорулатуу чөйрөсүндөгү иш-чараларды тутумдуу түрдө (системалуу) жүргүзүү маанилүү.

Сунуштамалар

1. Жабыр тарткан балдардын укуктарын бирдиктүү камсыз кылуу максатында, МКЮЖ КБ мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүүгө катышкан субъекттердин (координаторлордун, адвокаттардын) квалификацияларын жогорулатууну тутумдуу негизде (системалуу) жүргүзүү зарыл.

2. КР **«**Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамынын 13-беренесинин 5-бөлүгүн кийинкидей редакцияда карап чыгуу сунушталат: «Жабыр тарткан балдарга жана күбөлөргө кылмыш-жаза иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам, балдар иштери боюнча адистештирилген адвокаттар тарабынан берилет».

7-индикатор. Муктаж болгон адамдарга натыйжалуу жана сапаттуу юридикалык жардам көрсөтүлөт

7.2-КК. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүгө ыйгарым укуктуу адамдарды даярдоо жана усулдук жардам көрсөтүү туруктуу негизде жүргүзүлөт

[12] Ошол жерде.

Сыпаттамасы

Пекин эрежелери[13] караштырат: «*22. Кесипкөйлүк жана даярдыктан өтүү зарылдыгы. 22.1.Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн иштери боюнча иш алып барган бардык адистердин зарыл кесипкөйлүк ишмердүүлүктөрүн камсыз кылуу жана колдоо көрсөтүү үчүн, кесипкөйлүккө даярдоону, иштөө процессинде окутууну, кайра даярдоо курстарын жана окутуунун башка тиешелүү түрлөрүн колдонуу керек».* ***Кылмыштардан жабыр тарткан балдардын жана күбөлөрдүн катышуусу менен байланыштуу суроолорго тиешелүү жетектөөчү принциптер***[14] ошондой эле караштырат: *«40. Балдар - жабыр тарткандар, күбөлөр менен иш алып барган адистер, балдарды – жабыр тарткандарды жана күбөлөрдү коргоого жана алардын кызыкчылыгын эске алуу менен аларга натыйжалуу мамиле кылууга багытталган адистештирилген усулдарды, ыкмаларды жана позицияларды жакшырта иштеп чыгуу жана бекитүү максатында, бул адистерге тиешелүү даярдыктан өтүү, билим алуу жана маалыматтар жеткиликтүү болушу керек. 41. Адистер, балдардын – жабыр тарткандардын жана күбөлөрдүн муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жана аларды натыйжалуу коргоо үчүн даярдыктан өтүүлөрү керек, анын ичинде адистештирилген бөлүнүштөрдөн жана кызматтардан.43. Мындай даярдык камтышы керек: a) адам укуктары, анын ичинде баланын укуктары чөйрөсүндөгү тиешелүү ченемдерди, стандарттарды жана принциптерди; b) тиешелүү кызматтык милдеттерди аткаруу үчүн принциптерди жана этикалык ченемдерди; c) балдарга карата кылмыштар жасалгандыгы жөнүндө күбөлөндүрүшү мүмкүн болгон белгилерди таануу; d) кризистик кырдаалдарга баа берүү көндүмдөрүн жана усулдарын, өзгөчө кандайдыр бир инстанцияларга кайрылган учурда, конфиденциалдуулукту сактоо зарылдыгына өзгөчө көңүл буруу менен; e) кылмыштардын кесепеттеринин балдарга карата тийгизген таасирин, анын ичинде терс дене бойлук жана психологиялык таасирин, ошондой эле жаракаттык таасирин; f) Балдарга жабыр – тарткандарга, күбөлөргө сот адилеттигине жөнөтүү процессинде жардам көрсөтүүнүн атайын чараларын жана усулдарын; g) тил, дин социалдык абалы жана жынысы менен байланыштуу маданий аралык жана жаш куракты көйгөйлөрдү; h) чоң адамдардын жана балдардын ортосундагы сүйлөшүүнүн тиешелүү көндүмдөрүн; i) баладан максималдуу түрдө жогорку сапаттагы маалыматтарды алууну камсыз кылууда баланын жаракатка кабылып калуу мүмкүнчүлүгүн минималдуулукка чейин түшүргөн сурамжылоо жана баалоо усулун колдонууну; j) Балдар жабыр – тарткандар, күбөлөр менен көңүл буруунун негизинде, түшүнүү менен, конструктивдүү жана тынч маанайдагы ыкмада сүйлөшүү көндүмдөрүн; k) бала-күбөлөрдү коргоонун, далилдерди өткөрүүнүн жана суракка алуунун усулдарын; l) Балдар жабыр – тарткандар, күбөлөр менен иштеген адистердин функцияларын, жана алар колдонуучу усулдарды»* **.**

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Мыйзам менен чатагы бар балдарга карата иштер боюнча адистештирилген прокурордун, тергөөчүнүн, судьянын жана балдардын иштери боюнча адвокаттын, балдарды коргоо

[13] Бириккен Улуттар Уюмунун Жашы жетелек өспүрүмдөрдү сот адилеттигине жөнөтүүгө тиешелүү Минималдуу стандартьык эрежелери (Пекин эрежелери). Башкы Ассамблеянын 40/33 резолюциясы менен кабыл алынган. 29-ноябрь, 1985-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/beijing_rules.shtml

[14] Кылмыштардан жабыр тарткан балдардын жана күбөлөрдүн катышуусу менен байланыштуу суроолорго тиешелүү жетектөөчү принциптер . 2005/20 резолюциясы менен кабыл алынган. ЭКОСОС . 22-июль, 2005-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/guidelines_justice_inv_child.shtml

боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, жабырлануучунун жана күбөлөрдүн катышуусу милдеттүү болуп саналат (КР УПК 457-б., 2-б.).

КР УПК 6-беренеси аныктамаларды камтыйт: 1) *«балдар иштери боюнча адистешкен тергөөчү, прокурор, судья - балдар үчүн юстиция маселелери боюнча кошумча адистештирилген окуудан өткөн жана мыйзам менен чатагы бар балага, жабырлануучу жана күбө болгон балдарга карата кылмыш-жаза сот өндүрүшүн жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу кызмат адамы;* 2) «*балдардын иштери боюнча адистешкен адвокат - мыйзам менен чатагы бар балага, жабырлануучу жана күбө болгон балдарга карата кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө коргоону жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу, балдар үчүн юстиция маселелери боюнча кошумча адистештирилген окуудан өткөн адвокат».*

Он сегиз жашка чейинки куракгагы күбөлөргө, ошоңдой эле балдарга кылмыш-жаза иштери боюнча квалификациялуу юридикалык жардам балдар иштери боюнча адистешүүдөн өткөн адвокаттар тарабынан берилет (КР МКЮЖ Мыйзамынын 13-бер. 5-б.). Балдар иштери боюнча атайын окутуудан өткөн адвокаттардын ичинен адистештирилген реестр түзүлөт. КР ЮМ алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды[15] координациялоо боюнча борбордун буйругуна №1 тиркеменин 19.3-пунктчасы МКЮЖ адвокаттарынын нөөмөткө туруу графигин түзүүнүн жана жүргүзүүнүн тартибин бекитет: «Координатор бекитилген ырааттуулукту так сактоо менен, адвокаттардын нөөмөткө туруу графигине жана резервдеги тизмесине ылайык адвокаттарды дайындоого милдеттүү. Өзгөчө учур болушу мүмкүн, эгерде адвокатты кызматты пайдалануучунун гендердик тиешелүүлүгүнөн көз карандылуу түрдө дайындоо зарылчылыгы пайда болгондо, адвокатта жашы жетелек өспүрүмдү, кыйноолордун, үй-бүлөлүк зомбулуктун жабырлануучуларын ж.б. коргоо боюнча адистешкен билими бар болсо».

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн алкагында 34 адвокатка сурамжылоо жүргүзүү кийинкилерди аныктады: адвокаттардын маанилүү бөлүгү мыйзам менен чатагы бар балдарды коргоону ишке ашырышат, бирок КР КПК талаптарына ылайык адистештирүүдөн өтүшкөн эмес, ал эми ошол эле учурда болсо бул шарт МКЮЖ тутумунун алкагында жөнгө салынган. Ал эми, мыйзам менен чатагы бар баланын мыйзамдуу өкүлдөрү адвокаттарга жеке тартипте кайрылышканда, жактоочунун адистештирилгендиги суроосу жөнгө салынбаган боюнча калат.



[15] Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо боюнча борбордун буйругуна №1 тиркеме. №28, 3-декабрь, 2018-жыл . URL: https://ukuk-jardam.gov.kg/ru/p/attorney/instruction



Ошондой эле 32 адвокаттын (сурамжылоого катышкан 34 ичинен) ичинен балдардын иштери боюнча катышуу тажрыйбасына ээ жана адистештирилген усулдук окуу куралын колдонот:

№	**Сиз жабырлануучу, күбө, шектүү, айыпталуучу макамындагы балдардын иштери боюнча кандайдыр бир усулдук окуу куралды колдоносузбу (Сураныч, эгер белгилүү болсо аталышын, чыккан жылын көрсөтүңүз)? Эгер колдонбосоңуз, мындай усулдук окуу куралына зарылдык барбы?**	Респонденттердин саны
1	Жок, колдонбойм	12
2	Жок, бирок усулдук окуу куралга ээ болууну каалайт элем	15
3	Негизинен кодекстердимыйзамдарды колдонобуз (КЖК, КПК, Үй-бүлөлүк кодекс, Балдар жөнүндө кодекс ж.б.)	13
4	Балдар үчүн юстиция боюнча адвокаттар үчүн окуу куралын колдоном	1
5	«Кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө соттук-психиатриялык жана соттук-психологиялык экспертизаларды дайындоодогу эксперттик суроолор» окуу куралын колдонгом	1

Сурамжылоого катышкан 21 тергөөчүнүн ичинен 16 КР КПКнын балдар иштери боюнча тергөөчүлөрдү, прокурорду, адвокатты жана судьяны адистештирүү боюнча талабын зарыл жана максаттуу деп эсептешет:



Сурамжылоого катышкан 21 тергөөчүнүн ичинен, бирөөсү дагы балдар иштери боюнча адистештирилген эмес. Бул кырдаал КР КПК 457-беренесинин 2-бөлүгүнүн «мыйзам менен чатагы бар балдарга карата иштер боюнча адистештирилген прокурордун, тергөөчүнүн, судьянын жана балдардын иштери боюнча адвокаттын, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, жабырлануучунун жана күбөлөрдүн катышуусу милдеттүү болуп саналат» деген талаптарын ишке ашырууга багытталган мыйзам алдындагы жана ведомстволук, ченемдик-укуктук актылардын жоктугу менен шартталып жатат. Сурамжылоого катышкан 21 тергөөчүнүн ичинен, 6 тергөөчү гана балдар үчүн юстиция боюнча атайын тренингден өтүшкөн.



Сурамжылоого катышкан 21 тергөөчүнүн ичинен болгону 1 тергөөчү балдар иштери боюнча иш алып баруу усулдук окуу куралын колдонот.

Сурамжылоого катышкан 21 тергөөчүнүн ичинен 17 тергөөчү мындай усулдук окуу куралдарын бекитүү жана жайылтуу зарыл деп билдиришти.

Сурамжылоого ошондой эле, ЭСӨжММ караштуу Социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын үй-бүлөнү жана балдарды коргоо бөлүмүнүн 13 кызматкери дагы катышышты. Балдардын кызыкчылыктарындагы кылмыш-жаза сот өндүрүштөрүнө түздөн түз катышкан адистердин квалификацияларын милдеттүү түрдө жогорулатуу жөнүндө суроого кийинкидей жооптор алынды:

№	**ҮББКБ адистеринин квалификацияларын милдеттүү түрдө жогорулатуу талабы барбы? Эгерде бар болсо, квалификацияны жогорулатуу сааттарынын минималдуу көлөмү канча жана кайсы убакыттын ичинде?**	**Респонденттердин саны**
1	Ооба	1
2	Ооба, бирок сааттардын саны боюнча талаптар жок	2
3	Ооба, бирок квалификацияны жогорулатуу болгон жок	1
4	Эч кандай талаптар жок	2
5	Талаптар бекитилет	2
6	Менде мындай маалымат жок	2
7	Бул иш тажрыйбасына жараша аныкталат	1
8	ҮББКБ адистерин окутуу зарыл	1
9	Каалоочулар жок	1

№	**Квалификацияны милдеттүү түрдө жогорулатуу программасына ҮББКБ адисинин мыйзам менен чатагы бар балдардын жана кылмыштардан же укук бузуулардан жабыр тарткан балдардын иштери боюнча кылмыш-жаза сот өндүрүшүнө натыйжалуу катышуусу суроолору киреби?**	Респонденттердин саны
1	Жок	2
2	Жок, бирок керек	2
3	Билбейм	3
4	Жооп берүү кыйын	2
5	Кирет	2
6	Иш тажрыйбасы жүзүндө (практикада) эле болот деп ойлойм	1
7	Эгерде сот отурумунда бала күбө катары суракка алынса, анда судья администрацияны чакырат	1

Изилдөөнүн жүрүшүндөгү сурамжылоого ошондой эле, 18 балдар иштери боюнча тескөөчүлөр катышышты. Төмөндө квалификацияны жогорулатуу бөлүгүндөгү сурамжылоонун жыйынтыктары келтирилди. Сурамжылоого катышкандардын 50% балдар иштери боюнча тескөөчү кызматына дайындалган учурда балдар үчүн юстиция жана/же

ювеналдык юстиция боюнча квалификациясын жогорулатуучу курстан/тренингден өтүшкөндүгүн ырасташты.

№	**Эгер жок болсо, Сиз миш жүзүндө (практикада) мындай окуу куралдарын бекитүү зарылчылыгын сезип жатасызбы? (Респондент балким, башка суроолор боюнча окуу куралдарынын зарылчылыгын белгилөөсү мүмкүн, сураныч, сунуштарды белгилегиле)**	**Респонденттердин саны**
1	Бар	1
2	Бекитилген	2
3	Жок	2
4	Жооп берүү кыйын	2
5	Зомбулуктан жабыр тарткан балага психологиялык жардам	1
6	Балдар менен иштөө боюнча усулдук көрсөтмөлөр	3
7	Окуу куралдарын/ усулдамаларды бекитүү зарылчылыгы бар	7

Изилдөөнүн жүрүшүндө мониторинг жүргүзүлгөн 9 райондордон кошумча 9 адис сурамжылоонун суроолоруна жооп беришти. Негизги суроолор боюнча респонденттердин жооптору кийинкидей болуп бөлүштүрүлдү:

№	**Пробация органдарын (кызмат адамдарын) балдар менен иштөө боюнча адистештирүү принциби иш жүзүндө (практикада) кандайча ишке ашырылып жатат?**	Респонденттердин саны
1	Иш жүзүндө (практикада) бул принцип колдонулуп жатат	1
2	Атайын курстардан окутуудан өткөрүү аркылуу	1
3	Мындай адистештирүү жок	3
4	Кызматкерлерди иш тажрыйбасы (практика) менен теорияны айкалыштыра билүүгө окутуу боюнча мониторинг жүргүзүлүүдө	1
5	Ал мыйзамдардын алкагында, мыйзамдардын жана ченемдик-укуктук актылардын негизинде аларды туура колдонуу аркылуу ишке ашырылууда	1
6	Кардарлар сыноочу мөөнөттө кызматкерлердин саны боюнча бөлүштүрүлөт жана зарыл иштер жүргүзүлөт	1
7	Биз балдарга турмуштук оор кырдаалдан чыгууга жардам беребиз. Биздин негизги жумушубуз – юридикалык жардам көрсөтүү	1

№	**Пробация органдарын (кызмат адамдарын) балдар менен иштөө боюнча адистештирүү кантип камсыз кылынууда?**	Респонденттердин саны
1	Жок	1
2	Социалдык билими бар экендиги эске алынат	1

3	Тренингдерден/окутуулардан/курстардан өтүшкөн адистер иштешет	3
4	Мен адис эмесмин	1
5	Бизге балдар менен иштөө боюнча усулдамаларды беришет	1
6	Пробация кызматынын аймактык башкармалыктарындагы жашы жетелек өспүрүмдөрдүн иштери боюнча бардык кызматкерлери адистештирилген	1
7	Иштер Кыргыз Республикасынын «Пробация жөнүндө» Мыйзамынын негизинде жүргүзүлөт	1

Пробация органдарынын адистерине сурамжылоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы, алардын мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча адистештирилүүсү суроосу жаатында маалыматтары жетишсиз экендигин көрсөтүп турат, мындан улам, пробация органдарынын кызматкерлеринин адистештирүү жана адистешүү боюнча квалификацияларын жогорулатуу жаатында иш алып барылбайт же жеткиликтүү эмес деңгээлде жүргүзүлүүдө деген корутунду чыгарууга болот.

Корутундулар

1. КР мыйзамдары балдарга байланыштуу иштер боюнча, анын ичинде жабыр тарткан балдар, күбөлөр жана мыйзам менен чатагы бар балдарга байланыштуу иштер боюнча кылмыш-жаза сот өндүрүштөрүнө адистештирилген тергөөчүлөрдүн, прокурорлордун, соттордун жана адвокаттардын катышуусун талап кылат. Бирок бул талапты иш жүзүндө ишке ашыруу олуттуу көйгөйлөргө кабылууда. Балдар менен иштеген адвокаттардын, тергөөчүлөрдүн жана башка адистердин маанилүү бөлүгү, адистештирилген даярдыкка зарыл ээ эмес. КР КЖК балдар үчүн юстиция боюнча УББКБ адистерин жана балдар иштери боюнча тергөөчүлөрдү адистештирүү жөнүндөгү атайын талаптарды камтыган эмес, анткени алардын адистештирилүүсү балдар менен иш алып баруу менен жалпылаштырылат. Бирок сурамжылоолордун көрсөткүчтөрү, ошондой эле КР Башкы прокуратурасы келтирген статистика аталган адистердин квалификацияларын жогорулатуу тутумунун натыйжалуулугун жакшыртуу боюнча, квалификациясын жогорулатуу сааттарынын милдеттүү түрдөгү жылдык минимумун бекитүү боюнча, квалификациясын жогорулатуу планынын үстүнөн маанилүү түрдө иш алып баруу боюнча комплекстүү чараларды көрүүнүн зарыл экендигин тастыктап турат.

2. Балдар менен иштөө боюнча усулдамалык материалдар өтө эле сейрек колдонулат. Адвокаттардын жана тергөөчүлөрдүн арасында кесиптик иш-билгиликти жогорулатуу үчүн мындай окуу куралдарын иштеп чыгууга жана таратууга карата суроо-талап жогору экендиги байкалууда.

3. Юстициянын алкагында балдар менен иш алып барган адистерди окутуу жетишсиз бойдон калууда. Балдар иштери боюнча тескөөчүлөрү жана пробация органынын кызматкерлери кирген адистердин чоң бөлүгү же адистештирилген окутуудан өтүшкөн эмес, же болбосо андан жарым-жартылай өтүшкөн.

4. Пробация органдарындагы балдар менен иштеген кызматкерлерди адистештирүү принциби үзүл-кесил, бир бүтүндүктө эмес ишке ашырылууда жана кызматкерлерди даярдоонун тутумдуу түрдөгү (системдүү) эмес, жекече деңгээлинен көз каранды болуп келүүдө.

Сунуштамалар

1. КР КПК 457-беренесинин «мыйзам менен чатагы бар балдарга карата иштер боюнча адистештирилген прокурордун, тергөөчүнүн, судьянын жана балдардын иштери боюнча адвокаттын, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, жабыр тарткан адамдын жана күбөлөрдүн катышуусу милдеттүү болуп саналат» деп көрсөтүлгөн 2-бөлүгүн аткаруу үчүн мыйзам алдындагы ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу жана бекитүү зарыл. Бул ченемди комплекстүү түрдө ишке ашыруу үчүн КРнын прокуратура, сот, ИИМ, адвокатура органдарынын ортосундагы натыйжалуу ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүүнү жолго коюу зарыл.

2. Ыйгарым укуктуу органдарга тергөөчүлөрдөн, прокурорлордон, адвокаттардан, соттордон, тескөөчүлөрдөн жана пробация органдарынын кызматкерлеринен турган кылмыш-жаза сот өндүрүшүндө балдар менен иштеген бардык адистер үчүн милдеттүү түрдө окутуу программаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү максаттуу болуп эсептелет. Кошумча билим берүүчү программаларды даярдоодогу жана иштеп чыгуудагы боштуктарды аныктоо максатында, балдар менен иштеген адистердин компетенттүүлүгүнө үзгүлтүксүз түрдө мониторинг жүргүзүүнү киргизүү маанилүү болуп саналат.

3. Балдар иштери боюнча адистерди балдар үчүн юстиция стандарттарына шайкеш келтирүүнү камсыз кылуу аркылуу, бул адистерди сертификациялоо тутумун (системасын) түзүү жана бардык категориядагы адистер үчүн балдар менен иштөөнүн практикалык көндүмдөрүн, анын ичинде кайчылаш предметтик ыкмалар боюнча практикалык көндүмдөрүн өстүрүүгө багытталган сааттардын конкреттүү минималдык көлөмүн камтыган квалификацияны жогорулатуу курстарынан милдеттүү түрдө өткөрүүнү бекитүү маанилүү.

4. Адвокаттар, тергөөчүлөр, соттор, пробация кызматкерлери, психологдор жана башка адистер үчүн адистештирилген усулдук материалдарды иштеп чыгуу жана бекитүү, ошондой эле бул багытта иш жүзүндө түздөн түз иш алып барган адистердин арасында окуу куралдарын таратуу, бул окуу куралдарынын жеткиликтүүлүгүн кесиптик уюмдар жана билим берүү борборлору аркылуу камсыз кылуу.

5. КР ЮМ Пробация тутумунда балдар менен иштөө боюнча адистештирилген бөлүнүштөрдү түзүү жана аларды зарыл ресурстар менен камсыз кылуу суроосун карап чыгуу керек, ошондой эле пробация органдарынын кызматкерлерин балдарга социалдык колдоо көрсөтүү боюнча, ошондой эле юридикалык жардамдарга муктаждыктар жаатындагы жалпы мүнөздөгү маалыматтар боюнча окутуу модулдарын киргизүү сунушталат.

3)6-чөйрө. Сотко чейинки этап

3-индикатор. Кылмыш иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш адам укуктарынын минималдуу кепилдиктерин камсыз кылат

3.4-КК. Кылмыш-жаза айыбы боюнча кармалган ар бир адам сотко дароо жеткирилүүгө укуктуу

Сыпаттамасы

Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты[16] (ЖСУЭП) караштырат: «*9-берене. …3) Ар бир кармалган адам сотко же мыйзам тарабынан соттук функцияларды*

[16] Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакты. Башкы Ассамблеянын 2200 А (XXI) резолюциясы менен кабыл алынган. 16- декабрь, 1966-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/pactpol.shtml

ишке ашырууга ыйгарым укуктуу башка кызмат адамына кечиктирилбестен жеткирилиши керек.

Сотко чейинки кармоо эреже болбошу керек жана анын узактыгы минималдуу түрдө мүмкүн болушу керек». ***Баланын укуктары жөнүндө конвенция***[17] ошондой эле кийинкилерди белгилейт: *«37-берене. Катышуучу-мамлекеттер камсыз кылышат: …b) бир дагы бала мыйзамсыз түрдө же өзүм билемдик менен эркиндигинен ажыратылбашы керек. Баланы камакка алуу, кармоо… мыйзамга ылайык ишке ашырылат жана акыркы чара катары гана, ошондой эле болушунча кыска убакыт аралыгына шайкеш келген мөөнөткө колдонулат».* ***Кармоонун же камакка алуунун кандай гана формасына болбосун кабылган бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйындысы***[18]**:** «*37-принцип. Кылмыш-жаза айыптоосу боюнча кармалган адам, камакка алынары менен сотко же мыйзам тарабынан аныкталган башка органга жеткирилет. Мындай орган кармоонун мыйзамдуулугу жана зарылчылыгы боюнча эч кечиктирбестен чечим кабыл алуусу зарыл».* ***Пекин эрежелери***[19] кийинкилерди караштырат: «*10.1. Жашы жетелек өспүрүмдү кармаган учурда, анын (кыздын/баланын) ата-энесине же камкорчусуна мындай кармоо жөнүндө дароо маалымдалат, а эгерде мындай ыкчам түрдө маалымдоого мүмкүн эмес болсо, ата-энеси же камкорчу кечирэээк мүмкүн болушунча эң кыска убакыттын ичинде маалымдалат. 10.2. Сот же башка компетенттүү кызмат адамы же орган бошотуу жөнүндө суроону эч кечиктирбестен дароо карайт».*

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Конституциясы[20] белгилейт: *«4.Эч ким соттун чечимисиз 48 сааттан ашык мөөнөткө кармалышы мүмкүн эмес. Ар бир кармалган адам кармалышынын мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө маселени чечүү үчүн дароо, кармалган учурунан 48 саат өткөнгө чейин сотко жеткирилүүгө тийиш. Эгерде адамды кармоого негиз жок болсо, ал адам дароо бошотулууга тийиш.Айрым учурларда кармап туруунун мындан кыска мөөнөттөрү мыйзам менен белгилениши мүмкүн. 5. Кармалган ар бир адамга кармалышынын жүйөлөрү жөнүндө эч кечиктирилбестен билдирилиши жана анын укуктары түшүндүрүлүшү керек. Кармалган учурдан тартып адамдын коопсуздугу камсыз кылынат, ага өзүн-өзү коргоого жана адвокаттын квалификациялуу юридикалык жардамынан пайдаланууга мүмкүнчүлүк, ошондой эле медициналык кароого жана дарыгердин жардамына укук берилет. 6. Ушул берененин жоболорун бузуу менен кармалган же камакка алынган ар бир адам мыйзам тарабынан белгиленген тартипте жана өлчөмдө компенсация төлөтүп алуу менен тарткан зыяндын ордун мамлекеттин эсебинен толтуртуп алууга укуктуу.*

Ушул Кодексте каралгандан башка негизде жана тартипте эч ким камакка алынышы мүмкүн эмес. Соттун чечимине чейин адам 48 сааттан ашык эмес мөөнөткө, ал эми бала – 24 сааттан ашык эмес мөөнөткө кармалууга кириптер болушу мүмкүн (КР КПК 12-бер., 1-б.).

---

[17] Баланын укуктары жөнүндө конвенция. Башкы Ассамблеянын 44/25 резолюциясы менен кабыл алынган. 20-ноябрь,1989-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/childcon.shtml

[18] Кармоонун же камакка алуунун кандай гана формасына болбосун кабылган бардык адамдарды коргоо принциптеринин жыйындысы. БУУнун Башкы Ассамблеянын 43/173 резолюциясы менен кабыл алынган. 9-декабрь, 1988-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/detent.shtml

[19] Бириккен Улуттар Уюмунун Жашы жетелек өспүрүмдөрдү сот адилеттигине жөнөтүүгө тиешелүү Минималдуу стандарттык эрежелери (Пекин эрежелери). Башкы Ассамблеянын 40/33 резолюциясы менен кабыл алынган. 29-ноябрь, 1985-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/beijing_rules.shtml

[20] Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 5-май, 2021-жыл (референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө кабыл алынды). 11-апрель, 2021-жыл. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/1-2/edition/1202952/ru

Иш жүзүндө кармалган учурдан тартып 45 саат өткөнгө чейин, ал эми шектелген балага карата 21 саат өткөнгө чейин кармалышынын мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө көйгөйдү чечүү үчүн шектүү сотко жеткирилүүгө тийиш (КР КПК 97-бер.5-бөл.).

Камакка алуунун мөөнөтү шектүүнү кармаган учурдан тартып ишти сотко жиберүүгө чейин эсептелет (КР КПК 115-бер., 5-бөл.).

Баланы кармоо жана ага карата камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу өзгөчө учурларда жүргүзүлөт (КР КПК 460-бер., 1-бөл.).

Баланы кармоо, камакка алуу жөнүндө кармалган же камакка алынган учурдан тартып 3 сааттын ичинде баланын ата-энесине же анын мыйзамдуу өкүлдөрүнө билдирилүүгө тийиш (КР КПК 460-бер., 4-бөл.).

Мыйзам менен чатагы бар балдардын иштери боюнча иштүү тажрыйбасы бар 34 адвокатка сурамжылоо жүргүзүү, адвокаттардын 44% өз тажрыйбаларында баланы кармоонун максималдуу түрдө жол берген убакыттын чегинен чыгуу окуяларын кездештиришкенин көрсөттү (24 саат).



Муну менен катар элле адвокаттар баланы кармоону документте жол-жоболоштуруу кармоонун реалдуу убактысынан бир нече саатка кеч жүргүзүлгөндүгүн билдиришти, бул биринчиден, кылмыш процессуалдык мыйзамын жана баланын укуктарын орой түрдө бузуу болуп эсептелет, экинчиден, кармалган бала менен адвокат келгенге чейин байланышуу тобокелчилигин пайда кылат.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары негизинен, кармоо мөөнөттөрүн, өзгөчө балдарга карата кармоо мөөнөттөрүн минимизациялоону жана камакка алууну колдонууну чектөөнү талап кылган эл аралык стандарттарга шайкеш келет. Камакка алуунун убакыттык так алкактары белгиленген, чоңдор үчүн (48 саат), ошондой эле балдар үчүн (24 саат). КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинде баланы кармоонун жана сотко жеткирүүнүн кыскартылган мөөнөттөрү караштырылган (чоңдор үчүн 45 саатын ордуна 21 саат), балдарды камакта кармоонун убактысын минимизациялоо принцибине шайкеш келет. Ошол эле учурда, балдарды кармоо тажрыйбасы кармоонун реалдуу убактысын документтерде жол-жоболоонун кечиктирилүүсү (көрсөтүү, жазуу) тажрыйбасы орун алып жаткандыгын аныктады. Бул баланын укук коргоо органдары менен адвокаттын

катышуусуз аракеттенишүүсү тобокелчиликтеринин пайда болушуна алып келет жана баланын укуктарын бузушу мүмкүн. Кармоо убактысын документте жол-жоболоону кечиктирүү баланы тиешелүү көзөмөлдөө жана колдоо жок учурда анын реалдуу кармалган убактысын негизсиз көбөйтүү үчүн колдонулушу мүмкүн.

Сунуштамалар

1. Мисалы, баланы кармоону ишке ашырууда, ошондой эле алып келүүдө кармалган күнүн жана саатын так көрсөткөн милдеттүү түрдөгү видеофиксациялык белгилөө талабын КР КПКне киргизүү аркылуу, баланы иш жүзүндө реалдуу кармоо убактысын көзөмөлдөө механизмин киргизүү зарыл.

5-индикатор. Сотко чейинки стадиядагы сот адилеттиги балага карата достук маанайда болуп эсептелет

5.1-КК. Сотко чейинки стадияда балдарга карата сот өндүрүшүнүн альтернативасы караштырылган

Сыпаттамасы

Баланын укуктары жөнүндө конвенция[21] караштырат: *«40-берене… Катышуучу-мамлекеттер кылмыш-жаза мыйзамын бузган, аны бузгандыгы боюнча күнөөлөнүп жаткан же таанылган балдарга карата түздөн түз тиешеси бар мыйзамдарды, процедураларды, органдарды жана мекемелерди түзүүгө көмөктөшүшөт, тактап айтканда: … b) зарылчылык жана каалоо бар болгон учурда мындай балдарга алардын адам укуктарын жана укуктук кепилдиктерин толук кандуу сактоо шартында соттук териштирүүнү колдонбостон мамиле кылуу боюнча чараларды көрүү».* ***Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин Балага карата достук маанайдагы сот адилеттиги боюнча Сунуштамалары***[22] караштырат: «24. *Сот механизмдеринин медиация, дивергенция сыяктуу соттук өндүрүштүн альтернативаларын (кылмыш-жаза жоопкерчилигин түзөтүү таасирлеринин альтернативдүү түрлөрү менен алмаштыруу – котормочуну колдонуу) жана эгерде бул баланын маанилүү кызыкчылыктарын сактоону камсыз кылса, талаш-тартыштарды альтернативдүү түрдө чечүү колдоого алынышы керек. 25. Балдарга элдешүү мүмкүнчүлүгү боюнча толук кандуу маалымат берүү жана консультация берүү зарыл, же болбосо соттук процедуралар, же альтернативдик механизм катары соттон сырткаркы угуулар аркылуу. Бул маалымат ошондой эле ар бир варианттын мүмкүн болуучу кесепеттерин дагы түшүндүрүшү керек. Адекваттуу юридикалык жана жалпы маалыматтын негизинде, эгер бар болсо соттук процедуралардын жана соттон сырткаркы механизмдердин ортосундагы тандоону жасоо керек. Эгерде мындай альтернативалардын максаттуулугу жана зарылчылыгы аныкталса, балдарга юридикалык жардам алуу жана башка колдоолорго ээ болуу мүмкүнчүлүгүн берүү керек. Мындай чечимдерди кабыл алууда баланын пикирин эске алуу зарыл. 26.Соттук угуулардын альтернативасы юридикалык компетенттүүлүктүн жетиштүү түрдөгү*

[21] Баланын укуктары жөнүндө конвенция. Башкы Ассамблеянын 44/25 резолюциясы менен кабыл алынган. 20-ноябрь, 1989 -жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/childcon.shtml

[22] Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин Балага карата достук маанайдагы сот адилеттиги боюнча Сунуштамалары (Министрлердин орун басарларынын 1098-жолугушуусунда Министрлер Комитети тарабынан кабыл алынган. 17-ноябрь, 2010 –жыл, URL: https://nadejdaarh.ru/images/dokuments/norm_prav_baza/%D1%80%D0%B5%D0%BA_%D0%BA%D0%BE%D0%BC%D0%BC%D0%B8%D0%BD_%D1%81%D0%B5_%D0%BF%D0%BE_%D0%BF%D1%80%D0%B0%D0%B2%D0%BE%D1%81%D1%83%D0%B4.pdf

жогорку деңгээли кепилдигин бериши керек. Бул сунуштамаларга ылайык, адам укуктарын коргоо жана адам укуктары боюнча бардык тиешелүү укуктук куралдар соттон сырткаркы механизмдерде дагы сотто камсыз кылынгандай эле өлчөмдө кепилдикке алынуусу керек».

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан баланы чыгаруу - баланын өсүүсүнө, укуктук маданиятын жана укуктук тарбиясын жогорулатууга, кылмыштын кайрадан жасалышына жол бербөөгө көмөктөшүүгө багытталган, кылмыш жасаганы үчүн кылмыш куугунтугуна альтернативдүү жол-жобо (КР КПК 5-бер. 33-п.).

Эгерде бала азыраак оор кылмышты биринчи жолу жасады деп эсептөөгө негиз бар болсо, тергөөчү КР КПК 37-беренесинин 1-бөлүгүнүн 22-пунктуна ылайык, мыйзамда каралган тартипте кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан баланы чыгаруу боюнча жүйөлөштүрүлгөн чечим кабыл ала алат. Азыраак оор кылмышты биринчи жолу жасаган бала, сот тарабынан пробациялык көзөмөлдү колдонуу же тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын дайындоо аркылуу кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгарылат. Баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан баланы чыгаруу жөнүндө чечимди кабыл алууда анын эң мыкты кызыкчылыктарына, жасалган кылмыштын мүнөзүнө жана оордугуна, анын жаш курагына, күнөөсүнүн деңгээлине, келтирилген зыянга, кылмышты жасагандан кийинки жүрүм-турумуна көңүл бурулушу керек.

Баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруу кийинки жагдайлардын жыйындысы бар болгон учурда колдонулушу мүмкүн: 1) анын кылмышты биринчи жолу жасоосу; 2) мурда соттолбогондугу; 3) аны кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруу жана медиация программаларына катышпагандыгы; 4) кылмышты жасагандыгын моюнга алуусу.

Баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруу жөнүндө келишимде кийинкидей чаралар караштырылышы мүмкүн: 1) жазуу жүзүндөгү эскертүү; 2) келтирилген зыяндын толук же жарым-жартылай ордун толтуруу;3) милдеттерди жүктөө; 4) көзөмөлгө коюу.

Баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруу боюнча бир нече чараларды колдонууга мүмкүн.

КР Башкы Прокуратурасынын Паракорчулукка каршы аракеттерди көрүү жана мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча башкы башкармалыгы тарабынан 2023-жылдын 15-ноябрында даярдалган баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруу боюнча Талдоо жүргүзүүнүн материалдарына ылайык,[23] 2021-жылдын 1-декабрында жаңы КР КЖК жана КПК күчүнө кирген, 2021-жыл ичинде кылмыш-жаза сот өндүрүшү тутумунан 2 бала чыгарылган, 2022-жыл ичинде 26, 2023-жылдын 9 айынын ичинде 411 бала чыгарылган.

[23] КР Башкы Прокуратурасынын Паракорчулукка каршы аракеттерди көрүү жана мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча башкы башкармалыгы тарабынан 2023-жылдын 15-ноябрында даярдалган баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруу боюнча Талдоо жүргүзүү.



КР БП жүргүзүлгөн талдоо чыгарууну колдонуу тажрыйбасындагы бир катар маанилүү кемчиликтерди аныктады. Алсак, 1) кылмышты жасоонун жүйөлөрү жана себептери ар түрдүү болгонуна, баланын жаш курагы, жашоо шарттары жана башка жагдайлары ар түрдүү болгонуна карабастан, кылмыш иштери боюнча келишимдин мазмуну окшош. Кыргыз Республикасынын КПК 467-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, баланы кылмыш-жаза сот адилеттигинин тутумунан чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууда анын эң мыкты кызыкчылыктары, жасалган кылмыштын мүнөзү жана оордугу, жаш курагы, күнөөсүнүн даражасы, келтирилген залал, кылмыш жасагандан кийинки жүрүм-туруму көңүлгө алынууга тийиш. Ошол эле учурда алдын алуучу аңгемелешүү жана жазуу жүзүндөгү эскертүү түрүндөгү чаралар колдонулат (алдын алуучу аңгемелешүү түрүндөгү чара Кыргыз Республикасынын КПК таптакыр жок); 2) чыгаруу жөнүндөгү келишимдердин бир бөлүгүндө процедуранын катышуучуларынын кол тамгалары жок; 3) көп учурда баланы кылмыш-жаза сот адилеттигинин тутумунан чыгаруу боюнча чаралар кабыл алынгандан кийин, анын андан аркы жашоо кырдаалы процедуранын катышуучуларынын көз салуусу жок бойдон калат; 4) бардык кылмыш иштеринде баланы кайрадан социалдаштыруу, тарбиялоо жана түзөө боюнча кабыл алынган чараларды тастыктаган документтер жок; 5) тергөө органдары тарабынан чыгаруу колдонулгандан кийин иш сактоо үчүн архивге жиберилет, ошол эле учурда келишимдин аткарылуусуна көзөмөл жок; 6) кылмыш ишинде баланы чыгаруу жөнүндө келишим жок болгон учурлар аз эмес, мындан улам иш жүзүндө келишим аткарылбай эле көз жаздымда калды деп кесе айтууга болот.

Корутундулар

1. Кыргызстанда эл аралык стандарттарга, анын ичинде Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга жана Европа Кеңешинин сунуштамаларына ылайык балдарды кылмыш-жаза сот өндүрүшү тутумунан чыгарууга багытталган мыйзамдуу механизмдер караштырылган. Мындай механизмдер альтернативдүү чараларды камтыйт, мисалы, пробациялык көзөмөлдөөнү жана тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чарларын. Статистика балдарды кылмыш-жаза сот адилеттиги тутумунан чыгаруу боюнча чараларды колдонуунун оң динамикасын көрсөтүүдө, бул альтернативдүү ыкмаларды таануу өсүп жаткандыгын далилдеп турат.

2. Мыйзамдуу негиздер бар болгонуна карабастан, аларды практикада колдонуу жаатында олуттуу кемчиликтер аныкталды, анын ичинде: 1) чыгаруу жөнүндө келишимдердин мазмундарындагы формалдуу мамилелер, аларда баланын инсандык өзгөчөлүктөрү эске алынган эмес; 2) келишимдерде процедуралардын катышуучуларынын кол тамгаларынын жоктугу, бул алардын юридикалык күчүнө күмөн санооого алып келет, анын ичинде баладан

ыктыярдуу түрдө маалыматтык макулдук алуу фактысы; 3) балдарды тарбиялоо жана кайрадан социалдаштыруу боюнча жана бул чарлардын ийгиликтүүлүгүнө баа берген чаралардын ишке ашырылышын тастыктаган документтердин жоктугу жана көзөмөлдөөнүн дагы тиешелүү деңгээлде эместиги; 4) алтернативдүү чаралар колдонулгандан кийин, балдарды андан ары коштоо практикасынын жоктугу; 5) документтерди жүргүзүүдөгү кемчиликтер, бузуулар, анын ичинде иштин материалдарында чыгаруу жөнүндө келишимдердин өздөрү жок болгон окуялар. Келишимдердин аткарылышына жана альтернативдүү чараларды колдонуунун жыйынтыктарына тутумдуу түрдөгү (системалуу) мониторинг жүргүзүүнүн жоктугу бул чараларды колдонуунун натыйжалуулугун төмөндөтөт, балдардын укук бузууларга кайрадан кайталап кирептер болуу тобокелчилигин жаратат жана системага карата ишенимин жоготот.

Сунуштамалар

1. Чыгарууну колдонуу жөнүндө келишим шаблондуу формада болушу таптакыр мүмкүн эмес, бирок анда минималдуу түрдөгү маалыматтын болуусу милдеттүү болуп эсептелет. Алсак, тергөөчүлөрдү, адвокаттарды, прокуратуранын кызматкерлерин, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу органдын адистерин чыгарууну колдонуунун өзгөчөлүктөрү боюнча окутуудан өткөрүү зарыл; мыйзам менен чатагы бар балдардын мыйзамдуу өкүлдөрү үчүн чыгаруу (кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан баланы чыгаруу) боюнча кыскача эскертмелерди иштеп чыгуу жана аларды ачык, жеткиликтүү жерлерге жайгаштыруу.

2. Чыгаруу боюнча келишимде мыйзам менен чатагы бар бала бир нече милдеттерди өзүнө алат. Алардын келишимде көрсөтүлгөн милдеттерди аткаруусуна балдарды коргоо боюнча мамлекеттик органдын адисинин активдүү катышуусун камсыз кылуу зарыл, ошондой эле чыгаруу жөнүндө келишимди бекиткен прокурор тарабынан дагы дайыма мониторинг жүргүзүлүп турушу зарыл.

3. Чыгаруунун алкагында балага коюлган шарттар жана таасир этүүчү жаза-чаралары баланын инсандыгына жана жагдайларына кылдат баа берүүгө негизделүүсү зарыл жана аныкталган баланы коргоо факторлорун күчөтүүгө, динамикалуу тобокелчиликтерди төмөндөтүүгө (кримогендик муктаждыктарды) багытталышы керек, бул жекече планды иштеп чыгууну жана аны үзгүлтүксүз түрдө кайра карап чыгып турууну талап кылат.

КП 5.2-КК. Эркиндигинен ажыратууну бөгөт коюу жана жазалоо чаралары катары колдонууну чектөө

Сыпаттамасы

БУУнун баланын укуктары жөнүндө конвенциясы караштырат: «37-берене. Катышуучу-мамлекеттер камсыз кылат:» *…b) … баланы камакка алуу, кармоо же абакка камоо мыйзамга ылайык ишке ашырылат жана акыркы чара катары гана колдонулат жана болушунча кыйла кыска убакытка туура келген мөөнөткө колдонулат».* **Пекин эрежелери** караштырат: «*17.1. Таасир этүү чараларын тандоодо компетенттүү орган кийинки принциптерди жетекчиликке алышы керек: …b) жашы жетелек өспүрүмдүн жеке эркиндигин чектөө жөнүндө чечим бир гана суроону кылдат иликтеп чыккандан кийин кабыл алынышы зарыл жана чектөө мүмкүнчүлүккө жараша минимумга чейин түшүрүлүшү керек; c) жашы жетелек мыйзам бузуучуну жеке эркиндигине ажыратпоо керек, эгерде ал башка адамга каршы зомбулукту колдонуу менен олуттуу жосунду жасоого күнөөлүү деп таанылбаса же башка олуттуу укук бузууларды бир нече жолу жасады деп таанылбаса, ошондой эле башка тиешелүү таасир этүү чаралары колдонулган эмес болсо; d) жашы жетелек өспүрүмдүн ишин кароодо анын (кыздын же*

эркектин) бакубаттыгы жөнүндөгү суроо аныктоочу фактор катары кызмат кылуусу зарыл». ***Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин балага достук маанайдагы сот адилеттиги боюнча сунуштамалары***[24] балага карата эркиндигинен ажыратуу боюнча ар бир чара эң акыркы учурларда жана өтө кыска мөөнөткө жана өтө кыска убакыттык мөөнөткө кабыл алынуусу керектиги жөнүндө айтат. Эркиндигинен ажыратуу жөнүндө токтом кабыл алынган учурда, бала эрежеге ылайык чоң адамдардан өзүнчө кармалып туруу су керек. Балдарды чоң адамдар менен чогуу кармоо эң акыркы учурларда гана жана баланын эң мыкты кызыкчылыктарын коргоо үчүн жүргүзүлүүсү зарыл. Кандай гана жагдай болбосун балдар алардын керектөөлөрүнө ылайыкташтырылган жайларда кармалып турушу керек. Жашы жетелек балдарды чоң адамдардын коштоосусуз, убактылуу баш калкалоочу жай издеген балдарды жана үй-бүлөсүнөн алынган балдарды кошкондо, эч бир жагдайларда жашаган дареги жана каттоо макамы жок болгондугуна негизделбеши жана жүйөлөштүрүлбөшү керек».

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

КР Балдар жөнүндө кодексинин[25] 90-беренеси ювеналдык юстициянын иш алып баруу принциптерин караштырат, алардын бири мөөнөтүн чектөөнү эске алуу менен эркиндигинен ажыратууну акыркы чара катары колдонуу болуп саналат.

КР КЖК 17-бөлүгү мыйзам менен чатагы бар балдарга эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазаны дайындоону чектеген же анын мөөнөттөрүн кыскартуу ыкмасын белгилейт. Баланы кармоо, ошондой эле ага карата эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү баш коргоо чарасын колдонуу өзгөчө учурларда гана колдонулат (КР КПК 460-бер.1-бөл.)

Балага карата бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө маселени чечүүдө ар бир учурда балан көз салып турууга өткөрүп берүү сыяктуу чараны колдонуу мүмкүнчүлүгү талкууланышы керек (КР КПК 460-бер. 3-бөл.).

Изилдөөнүн алкагында сурамжылоого катышкан 21 тергөөчүнүн ичинен 16сы (76%) балага карата баш коргоо чарасын тандоодо кылмыштын оордугу, кылмыш биринчи жолу жасалып жатабы, мыйзам менен чатагы бар баланын жаш курагы, ошондой эле баланы көзөмөлгө өткөрүп берүү үчүн ата-энеси же мыйзамдуу өкүлдөрү бар экендиги эске алынарын билдиришти. Бул тизменин ичинен, баланы көзөмөлгө өткөрүп берүү мүмкүн болгон адамдарды тар талкуулоо көйгөйлүү, бул КР КПК 111-беренесинин, ата-энелерден жана мыйзамдуу өкүлдөрдөн сырткары, ошондой эле балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлерин жана атайын балдар мекемелеринин өкүлдөрүн камтыган жоболоруна шайкеш келбейт. Мына ошентип, суроо кароону ишке ашырууга жөндөмдүү ата-энеси/мыйзамдуу өкүлү барбы деп коюлбайт, а бул функцияларды ишке ашырууга кыйла ылайыктуу адам барбы деген суроо коюлушу керек. Мисалы, үй-бүлө мүчөлөрүнүн көзөмөлдөөнү ишке ашырууга жөндөмдүүлүгүнө жана кыйла ылайыктуу талапкерди аныктоо үчүн баа берүү жүргүзүлөбү белгисиз, ошондой эле иш жүзүндө болсо (практикада) усулдук жактан балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик

[24] Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин Балага карата достук маанайдагы сот адилеттиги боюнча Сунуштамалары (Министрлердин орун басарларынын 1098-жолугушуусунда Министрлер Комитети тарабынан кабыл алынган. 17-ноябрь, 2010 –жыл, URL: https://nadejdaarh.ru/images/dokuments/norm_prav_baza/%D1%80%D0%B5%D0%BA_%D0%BA%D0%BE%D0%BC%D0%BC%D0%B8%D0%BD_%D1%81%D0%B5_%D0%BF%D0%BE_%D0%BF%D1%80%D0%B0%D0%B2%D0%BE%D1%81%D1%83%D0%B4.pdf

[25] Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө кодекси. 10-июль, 2012 –ж. № 100. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/203700/edition/1208810/ru

органдын кызматкерлери жана атайын балдар мекемелеринин өкүлдөрү көзөмөлдөөнү ишке ашыра алышат.

Мунун баары чогулуп келип формалдуу мамилеге алып келет, ошондой эле жайсыз үй-бүлөлөрдөгү балдарга карата басмырлоо тобокелчилигин пайда кылат.

Корутундулар

1. КР КПК жана КР Балдар жөнүндө кодекси камакка алуу жаза-чарасын акыркы чара катары колдонууну караштырат, бул өзгөчө окуяларда гана колдонулат, ошол эле учурда камакка алууга бир гана альтернатива катары – көзөмөлгө өткөрүп берүү караштырылган. Көзөмөлгө өткөрүп берүү мүмкүн болгон адамдардын чөйрөсүнүн твр чечмелениши, ошондой эле адистештирилген кабыл алуучу үй-бүлөлөр институтунун жоктугу (мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча окутулган), бала эгерде мыйзамдуу өкүлү бар болсо гана, ал географиялык жактан жеткиликтүү болсо жана бул милдетти өз моюнуна алууга даяр болсо гана көзөмөлдөөгө өткөрүп бериле турган кырдаалдарга алып келүүдө, бул бардык убактрда эле мүмкүн боло бербейт. Мына ушундайча мыйзам менен чатагы бар балдарга карата камакка алуу акыркы чара катары колдонулбастан, жалгыз жеткиликтүү баш коргоо чарасы катары колдонулууда жана камакка алууга жайгаштырылууда.

Сунуштамалар

1. Мыйзам менен чатагы бар балдар менен иштөө боюнча адистештирилген кабыл алуучу үй-бүлөлөрдү түзүү суроолорун карап чыгуу сунушталат, бул үй-бүлөсүнүн чөйрөсүндө көзөмөлдөө боюнча милдеттерди өз моюнуна алууга жөндөмдүү жана/же даяр адамдар жок балдар үчүн альтернативаларды пайда кылат.
2. Ошондой эле объективдүү себептер боюнча көзөмөлдөөгө өткөрүп берүүгө мүмкүн эмес мыйзам менен чатагы бар балдар үчүн, убактылуу жашап туруучу борборлорду түзүү сунушталат. Ошол эле учурда мындай борборлордогу шарттар тергөө изоляторлорундагы шарттардан маанилүү деңгээлде айырмаланып турат. Бул контексте электрондук билериктерди колдонуу өзүн актоочу жана натыйжалуу катары сунушталууда, бирок көзөмөлдөөнүн электрондук каражаттарын колдонуу балага күтүлбөгөн зыянды алып келбөөсү үчүн балдарга сезимтал мамилелерди, ыкмаларды колдонуу зарыл.

5.3-КК. Балдарга жана алардын ата-энелерине алардын укуктары жөнүндө өз убагында маалымат берилет

Сыпаттамасы

Баланын укуктары жөнүндө конвенция 40-беренесинде караштырат: 1. *«Катышуучу-мамлекеттер кылмыш-жаза мыйзамын бузган, аны бузгандыгы боюнча күнөөлөнүп жаткан же күнөөлүү деп таанылган ар бир баланын укугун таануйт, балада башка адамдардын адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин сыйлоону, муну менен катар эле башкалардын кадыр-баркын сыйлоо сезимдерин жана маанилүүлүгүн тааануну өстүрө тургандай мамиле кылууну тааныйт, ошол эле учурда баланын жаш курагы, аны реинтеграциялоого жана алардын коомдо пайдалуу ролду аткарууга көмөктөшүү керектиги эске алынат.2.Бул максаттарда эл аралык документтердин тиешелүү жоболорун көңүл борборуна алуу менен, катышуучу-мамлекеттер, тактап айтканда кийинкилерди камсыз кылышат: а) бир дагы бала аларды жасап жатканда улуттук жана эл аралык укук тарабынан тыюу салынбаган аракеттер же аракетсиздиктер үчүн күнөөлүү деп күнөөлөнбөшүн жана таанылбоосун; b) кылмыш-жаза мыйзамын бузду деп таанылган же аны бузгандыгы боюнча күнөөлөнүп жаткан ар бир бала эң жок дегенде кийинкилердин кепилдигине ээ болуусун: i) күнөөсүздүк презумпциясына, анын күнөөсү*

мыйзамга ылайык далилденмейинче; ii) аны ага каршы коюлуп жаткан күнөөлөр жөнүндө эч кечиктирбестен жана түздөн-түз маалымдоого жана зарылчылык болгон учурда анын ата-энеси жана мыйзамдуу өкүлдөрү аркылуу өзүн коргоого даярдануда жана өзүн коргоону ишке ашырууда укуктук жана башка зарыл жардамдарды алууга».

Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга карата Факультативдик протокол балдарды сатууга, балдар сойкулугуна жана балдар порнографиясына тиешелүү[26] 8-беренесинде караштырат: «1. *Катышуучу-мамлекеттер жабыр тарткан балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо үчүн кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бардык стадияларында тиешелүү чараларды кабыл алат, тактап айтканда кийинкилер аркылуу: а)жабыр тарткан балдардын аярлуулугун таануу жана алардын өзгөчө муктаждыктарын таануу үчүн, анын ичинде алардын күбө катары өзгөчө муктаждыктарын таануу; b) жабыр тарткан балдарды сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө алардын укуктары, алардын ролдору жана кармоо жөнүндө, сот өндүрүшүнүн мөөнөттөрү жана жүрүшү жөнүндө жана алардын иштери жөнүндө кабыл алынган чечимдер тууралуу маалымдоо*». ***Баланын укуктары жөнүндө конвенцияны ишке ашыруу боюнча жалпы чаралар жөнүндөгү №5 жалпы тартиптеги эскертүүлөр***[27]: «*Укуктар чындыгында эле сакталышы үчүн, бузуулардын үстүнөн даттануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга багытталган соттук коргоонун натыйжалуу каражаттары караштырылуусу керек. Бул талап Конвенцияда караштырылган жана адам укуктары боюнча башка алты маанилүү эл аралык келишимдерде тутумдуу түрдө баса белгиленет. Балдардын өзгөчө жана көз карандылуу абалы, алардын укуктары бузулган учурда коргонуунун соттук каражаттарын колдонуу планында алар үчүн реалдуу кыйынчылыктарды пайда кылат. Ошондуктан, мамлекеттер балдардын укуктарын коргоого багытталган жана натыйжалуу процессуалдык ченемдер бар болуусун камсыз кылууга, алардан балдар жана алардын өкүлдөрү колдоно алуусун камсыз кылууга өзгөчө көңүл буруулары зарыл. Мындай процедуралардын катарына балдар үчүн жеткиликтүү жана түшүнүктүү маалымат берүү, консультативдик жардамдар, адвокаттын жардамын колдонуу мүмкүнчүлүгү, өзүн өзү коргоо боюнча чаралар, ошондой эле даттануунун көз карандысыз процедураларынын жеткиликтүүлүгү жана сот боюнча зарыл юридикалык жана башка жардамдарды берүү кирет. Укуктары бузулгандыгы аныкталган учурларда тиешелүү түрдөгү ордун толтуруу (калыбына келтирүү), анын ичинде компенсация төлөп берүү караштырылуусу зарыл, жана дагы зарыл учурларда дене бойлук жана психологиялык калыбына келтирүүгө, реабилитациялоого жана реинтеграциялоого көмөктөшүү боюнча чаралар көрүлүшү керек…». **Пекин эрежелери** караштырат: «7.1.Кийинкидей негизги процессуалдык кепилдиктер: күнөөсүздүк презумпциясы, коюлуп жаткан күнөө, айып жөнүндө маалымдар болуу укугу, көрсөтмө берүүдөн баш тартуу укугу, адвокатка ээ болуу укугу, ата-энесинин же камкорчунун катышуусу укугу, беттешүүгө күбөлөрдүн катышуусуна жана алардын кайчылаш сурагы укугу, жогорку органга аппеляциялык кайрылуу укугу –*

---

[26] Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга карата Факультативдик протокол балдарды сатууга, балдар сойкулугуна жана балдар порнографиясына тиешелүү Жалпы Ассамблеянын 54/263 резолюциясы менен кабыл алынган.25-май, 2000-жыл. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/rightschild_protocol2.shtml

[27] БУУнун Баланын укуктары боюнча комитети. Отуз төртүнчү сессия. 19-сентябрь – 3-октябрь, 2003-жыл. ЖАЛПЫ ТАРТИПТЕГИ ЭСКЕРТҮҮЛӨР № 5 (2003). Баланын укуктары жөнүндө конвенцияны ишке ашыруу боюнча жалпы чаралар. URL: https://docstore.ohchr.org/SelfServices/FilesHandler.ashx?enc=6QkG1d%2FPPRiCAqhKb7yhsiQql8gX5Zxh0cQqSRzx6Zd2%2FQRsDnCTcaruSeZhPr2vUBcDzXTs%2BkduIvu5N%2BHg04BxLNmOHuynq2wjSJLVITOY0Ndda5UQ6R%2BHtSKsk8ze

мунун баары соттук териштирүүнүн бардык этаптарында кепилдикке алынуусу зарыл».

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Баланы кармоо, камакка алуу жөнүндө кармалган же камакка алынган учурдан тартып 3 сааттын ичинде баланын ата-энесине же анын мыйзамдуу өкүлдөрүнө билдирилүүгө тийиш (КР КПК 460-бер.).

Шектүү, айыпталуучу катары баланы суракка алуу адвокаттын, мыйзамдуу өкүлдүн, зарыл болгондо – балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкеринин, психологдун, мугалимдин катышуусунда өтөт, алар суракка алынып жаткан адамга суроолорду берүүгө, ал эми сурак бүткөндө – протокол менен таанышууга, көрсөтмөлөрдүн туура жана толук жазылгандыгы жөнүндө пикирин билдирүүгө укуктуу (КР КПК 462-бер.).

Баланын мыйзамдуу өкүлүнүн ишке катышуусуна тергөөчүнүн токтому менен баланы алгачкы суракка алган учурдан тартып жол берилет. Баланын мыйзамдуу өкүлүнө анын укуктары түшүндүрүлөт (КР КПК 465-бер.). Тергөөчү сотко чейинки өндүрүш аяктагандан кийин балага терс таасир этиши мүмкүн болгон материалдардын бөлүгүн ага тааныштырууну чектөө, бул материалдар менен баланын мыйзамдуу өкүлүн тааныштыруу жөнүндө токтом чыгарууга укуктуу (КР КПК 65-бер.).

Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынганга чейин балага, анын мыйзамдуу өкүлүнө жана жактоочуга кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруунун маңызы, аны колдонуу тартиби, узактыгы, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгаруу боюнча чараларды сактабоонун мүмкүн болгон шарттары жана кесепеттери жөнүндө толук маалымат берилүүгө тийиш. Балага оозеки жана жазуу жүзүндө кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгарууга макулдугу ыктыярдуу болушу керектиги жана бала каалаган этапта кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тутумунан чыгуудан баш тартууга укуктуу экендиги түшүндүрүлүшү керек (КР КПК 469-бер.).

Сурамжылоого катышкан ҮББКБ 13 адисинин ичинен 5өө, мыйзам менен чатагы бар балдарга жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө алардын укуктары жөнүндө өз убагында жана толук кандуу маалымат берүүнү камсыз кылуу үчүн консультация алуу үчүн юристке жиберишерин айтышты, 1 адис иш боюнча иш алып барууда алар мыйзам менен чатагы бар балдарга жана анын мыйзамдуу өкүлүнө зарылчылык бар болсо социалдык жардам алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө маалымат беришерин, жана ошондой эле баланы коргоонун жекече планын (БКЖП) түзүшөрүн айтты. КР Балдар жөнүндө кодексинин 5-беренесине ылайык, мыйзам менен чатагы бар балдарга *«турмуштук оор кырдаалда турган бала»* деген макам ыйгарылат, демек мындай болгондо БКЖП түзүү милдеттүү түрдө болуп эсептелет. ҮББКБ тарабынан мындай пландын бар болушу жана ишке ашырылышы баланы коргоонун кепилдиктеринин жана анын эң мыкты кызыкчылыктарында чараларды көрүүнүн бири болуп саналат. Бирок, иш тажрыйбасында (практикада) мыйзам менен чатагы бар балдарга БКЖП дайыма эле түзүлө бербейт. Сурамжылоого катышкан ҮББКБнын 13 адисинин ичинен 3 маалыматты жеткиликтүү формада жалгыз гана мыйзамдуу өкүлүнө эмес, ошондой эле мыйзам менен чатагы бар баланын өзүнө дагы анын жаш курагына жана өнүгүү деңгээлине ылайыктап жеткирүүгө аракет кылышарын билдиришти.

Мониторинг жүргүзүлгөн 9 райондун алкагында сурамжылоого катышкан 21 тергөөчүнүн ичинен 16 тергөөчү, мыйзам менен чатагы бар балдар боюнча иш алып барууда мугалимди жана психологду катыштырышкандыгын айтышты. 12 тергөөчү республиканын аймактарында психологдор жетишпейт деп билдиришти. Ошондой эле белгилей кетчү

нерсе, мугалимдин же психологдун катышкандыгы үчүн эч кандай акы төлөө караштырылбайт жана аларды катыштыруу тергөөчүнүн милдети болуп эсептелет, ал мисалы, райондун жалпы билим берүүчү мектептерине адисти жөнөтүү өтүнүчү менен кайрылат.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасы улуттук мыйзамдарга кылмыш-жаза сот өндүрүшүндөгү балдардын укуктарына тиешелүү көптөгөн эл аралык ченемдеди жана стандарттарды киргизген, ага күнөөсүздүк презумпциясы, юридикалык жардам алуу укугу, мыйзамдуу өкүлдөрдүн катышуусу жана процедуралар жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгү кирет. Кыргыз Республикасынын КПК адвокаттын, мыйзамдуу өкүлдүн катышуусу, зарылчылыкка жараша – мугалимдин же психологдун катышуусу, ошондой эле балага жана анын өкүлдөрүнө бардык укуктары менен милдеттерин түшүндүрүү сыяктуу процессуалдык кепилдиктер караштырылган, бул кылмыш-жаза процессинде адилеттүүлүктү жана баланын кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылууга багытталган.

2. Кыргызстандын мыйзамдары баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшүнөн чыгаруу үчүн деталдаштырылган процедураларды жана шарттарды караштырат, ага бул чаранын маңызы, шарттары жана кесепеттери жөнүндө кенен маалымат берүү кирет. Маанилүү аспектиси мындай процедурага баланын ыктыярдуу түрдөгү макулдугу кирет.

3. Мыйзам ченемдери бар болгонуна карабастан, иш жүзүндө маанилүү чакырыктар пайда болууда, алар: 1) мугалимди/психологду даярдоо жана алардын процессуалдык аракеттерге катышуу усулдары боюнча конкреттүү талаптардын жоктугу, анткени суроолорду берүү боюнча ыйгарым укуктар кеңири болгондуктан бул баланын эң мыкты кызыкчылыктарына, ошондой эле тергөөнүн кызыкчылыктарына дагы кайчылаш болуп өтүшү мүмкүн, адистердин жетишсиздиги, өзгөчө аймактарда; 2) мугалимдердин жана психологдордун эмгек акысын төлөп берүү механизмдеринин жоктугу, бул аларды процесске катыштыруудагы тоскоолдуктарды пайда кылат.

4. Кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн бардык катышуучуларынын ролдорунун маанилүүлүгү жана алардын мыйзам менен чатагы бар баланы коргоо бөлүгүндөгү функциялары менен катар эле, баланын кызыкчылыктары үчүн аракеттенүүчү негизги субъект анын мыйзамдуу өкүлү болуп эсептелет, мына ушундайча анын кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагындагы укуктары жана процессуалдык мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматтуулугу, баланын эң мыкты кызыкчылыктарын сактоо мүмкүнчүлүгү менен тыгыз байланыштуу. Мыйзамдуу өкүлдүн кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн ар бир катышуучусунун функциялары жөнүндө маалыматка ээ болуусу, баланын эң мыкты укуктарынын сакталышын камсыз кылууга шарт түзөт жана кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн субъектилери өз милдеттерин кыйла сапаттуу аткаруусуна түрткү болот. Мындай мүмкүнчүлүктөргө мугалимди же психологду катыштырууну, же УББКБ адисинин БКЖП (баланы коргоонун жекече планын) түзүүнү кошууга болот.

Сунуштамалар

1. КР КПК 464-беренесинин талабына ылайык, 16 жашка чейинки балдардын иштери боюнча мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун алкагында адвокаттар катышкан сыяктуу эле, мугалимдин же психологдун катышуусун камсыз кылуу зарыл.

2. МКЮЖ координацилоо борборуна өзүнүн раймий сайтында мыйзамдуу өкүлдөр үчүн мыйзам менен чатагы бар баланын укуктары жөнүндө зарыл маалыматтарды камтыган бөлүмдү ачуу сунушталат.

3. Ошол эле мезгилде, КР КПК жоболору тарабынан мугалим/психолог жооп берүүсү керек болгон талаптар так көрсөтүлгөн эмес (мисалы, мыйзам менен чатагы бар же байланыштуу

жашы жетелек өспүрүмдөр менен иштөө боюнча кошумча даярдык талабы). КР КПК 464-беренесинин 3-бөлүгү мугалимдин/психологдун тергөөчүнүн/прокурордун уруксаты менен шектелип жаткан/айыпталуучу балага суроолорду берүү укугун караштырган. Кошумча даярдыктан өткөндүгү жөнүндө талаптар жок болгондуктан, бул укук туура эмес суроолорду берүү тобокелчилигин (мисалы, багыттоочу/ суггестивдик), баланын эң мыкты кызыкчылыктарына, ошондой эле тергөөнүн кызыкчылыктарына кайчылаш келүүчү баланы уят кылуучу, жана башка аракеттердин орун алуусун потенциалдуу түрдө пайда кылышы мүмкүн. КР КПКде мугалимде/психологдо мыйзам менен чатагы бар/байланыштуу жашы жетелек өспүрүмдөр менен иштөө үчүн тиешелүү түрдөгү даярдыгы бар болуусу талабын караштыруу сунушталат, ошондой эле мыйзам алдындагы ченемдик-укуктук актылардын деңгээлинде суракка алуулардын жана башка процессуалдык аракеттердин алкагында окутуудан өткөн мугалимдин/психологдун жана тергөөнүн ортосундагы өз ара аракеттенишүү усулун иштеп чыгуу жана ишке киргизүү сунушталат.

4. Бекитилген усул боюнча тергөөчү менен өз ара аракеттенишип иштей турган, жашы жетелек өспүрүмдөрдү суракка алууну жүргүзүү усулу боюнча окутуудан өткөн адистерди-психологдорду даярдоо сунушталат. Алардын байланышуу түйүндөрү атайын бекитилген реестр аркылуу тергөөчүлөргө, прокурорлорго жеткиликтүү болуусу зарыл.

5. КР КПК талабына ылайык 16 жашка чейинки балдардын иштеринде, жашы жетелек өспүрүмдөрдү суракка алуу боюнча гана атайын даярдыктан өткөн адистердин реестрине киргизилген мугалимдин, же психологдун катышуусун алардын эмгек акысын мамлекеттик бюджеттен караштыруунун негизинде камсыз кылуу зарыл.

5.4-КК. Балдарга жана алардын ата-энелерине сотко чейинки өндүрүштүн алкагында өзгөчө шарттар кепилдиги берилет

Сыпаттамасы

Сотко чейинки өндүрүштө баланын жеке жана үй-бүлөлүк жашоосу кийлигишүүдөн корголуу кепилдиги камсыз кылынышы зарыл.[28] Процесстин жүрүшүндө балдардын кызыкчылыктары камсыз кылышы керек.[29] Мыйзамдар жана укук колдонуу тажрыйбасы тергөө органдары менен аңгемелешүүдө баланын укуктарынын кепилдиктерин камсыз кылуулары керек.[30] Жашы жетелек өспүрүмдөрдүн катышуусундагы процесстер мене ниш алып барууда *көп профилдүү ыкма* колдонулушу зарыл.[31]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

[28] 6-10-сунуштамалар. Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин Балага карата достук маанайдагы сот адилеттиги боюнча сунуштамалары (Министрлердин орун басарларынын 1098-жолугушуусунда Министрлер Комитети тарабынан кабыл алынган). 17-ноябрь, 2010-жыл, URL: https://nadejdaarh.ru/images/dokuments/norm_prav_baza/%D1%80%D0%B5%D0%BA_%D0%BA%D0%BE%D0%BC%D0%BC%D0%B8%D0%BD_%D1%81%D0%B5_%D0%BF%D0%BE_%D0%BF%D1%80%D0%B0%D0%B2%D0%BE%D1%81%D1%83%D0%B4.pdf

[29] 11-13-сунуштамалар. Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин Балага карата достук маанайдагы сот адилеттиги боюнча сунуштамалары (Министрлердин орун басарларынын 1098-жолугушуусунда Министрлер Комитети тарабынан кабыл алынган). 17-ноябрь, 2010-жыл,

[30] 27-33-сунуштамалар. Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин Балага карата достук маанайдагы сот адилеттиги боюнча сунуштамалары (Министрлердин орун басарларынын 1098-жолугушуусунда Министрлер Комитети тарабынан кабыл алынган). 17-ноябрь, 2010-жыл,

[31] 16-18-сунуштамалар. Европа Кеңешинин Министрлер Комитетинин Балага карата достук маанайдагы сот адилеттиги боюнча сунуштамалары (Министрлердин орун басарларынын 1098-жолугушуусунда Министрлер Комитети тарабынан кабыл алынган). 17-ноябрь, 2010-жыл,

КР КПК 54-бөлүмү мыйзам менен чатагы бар балдар тарабынан жасалган кылмыштар жөнүндө иштер боюнча кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн тартибин аныктайт

Мыйзам менен чатагы бар балдарга карата иштер боюнча адистештирилген прокурордун, тергөөчүнүн, судьянын жана балдардын иштери боюнча адвокаттын, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, жабырлануучунун жана күбөлөрдүн катышуусу милдеттүү болуп саналат (КР КПК 457-бер., 2-б.).

Балдар жасаган кылмыштар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштө жана соттук териштирүүдө төмөнкүлөр аныкталышы керек: баланын курагы (туулган күнү, айы, жылы); баланын жашоо жана тарбияланууу шарттары; интеллектуалдык, эрктик жана психикалык өнүгүү даражасы, мүнөзүнүн жана темпераментинин өзгөчөлүктөрү, керектөөлөрү жана кызыкчылыктары; балага чоң адамдардын жана кошо катышуучулардын таасиринин болушу же жоктугу (КР КПК 458-бер., 1-бөл.).

Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери баланын жашоо-турмуш кырдаалына баа берет жана талдоо жүргүзөт, анын жыйынтыгы боюнча корутунду түзөт жана тергөөчүнүн жана соттун кароосуна берет (КР КПК 458-бер., 4-бөл.).

Чоңдор менен кошо кылмыш жасоого катышкан балага карата иш өзүнчө өндүрүшкө бөлүнөт. Эгерде ишти өзүнчө өндүрүшкө бөлүү мүмкүн болбосо, чоңдор менен кошо бир иш боюнча жоопкерчиликке тартылган балага КР КПК 54-бөлүмүнүн эрежелери колдонулат (КР КПК 459-бер.).

Баланы кармоо жана ага карата камакка алуу түрүндө бөгөт коюу чарасын колдонуу өзгөчө учурларда жүргүзүлөт (КР КПК 460-бер.,1-б.). Балага карата бөгөт коюу чарасын колдонуу жөнүндө маселени чечүүдө ар бир учурда баланы көз салып турууга өткөрүп берүү сыяктуу чараны колдонуу мүмкүнчүлүгү талкууланышы керек (КР КПК 460-бер., 3-б.). Баланы кармоо, камакка алуу жөнүндө кармалган же камакка алынган учурдан тартып 3 сааттын ичинде баланын ата-энесине же анын мыйзамдуу өкүлдөрүнө билдирилүүгө тийиш (КР КПК 460-бер., 4-б.).

Камакка алынбаган айыпталуучу баланы тергөөчүгө, сотко чакыруу анын ата-энеси же башка мыйзамдуу өкүлдөрү аркылуу, эгерде бала атайын тарбиялоо мекемесинде болсо - ушул мекеменин администрациясы аркылуу жүргүзүлөт (КР КПК 461-бер.).

Шектүү, айыпталуучу катары баланы суракка алуу саат 8.00дөн саат 22.00гө чейинки мезгилде жүргүзүлөт жана тыныгуусуз 2 сааттан узакка созулбайт, ал эми жалпысынан алганда - күнүнө 4 сааттан ашпайт (КР КПК 462-бер., 1-б.).

Шектүү, айыпталуучу катары баланы суракка алуу адвокаттын, мыйзамдуу өкүлдүн, зарыл болгондо – балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкеринин, психологдун, педагогдун катышуусунда өтөт, алар суракка алынып жаткан адамга суроолорду берүүгө, ал эми сурак бүткөндө – протокол менен таанышууга, көрсөтмөлөрдүн туура жана толук жазылгандыгы жөнүндө пикирин билдирүүгө укуктуу (КР КПК 462-бер., 1-б.).

Балдар жасаган кылмыштар боюнча ишке адвокаттын катышуусу милдеттүү (КР КПК 463-бер., 1-б.).

16 жашка чыга элек жана бул жашка чыккан, бирок акыл-эси жагынан артта калган деп таанылган шектүү, айыпталуучу баланы суракка алууга мугалимдин же психологдун катышуусу милдеттүү (КР КПК 464-бер., 1-бөл.).

16 жашка чыккан балдар жасаган кылмыштар жөнүндө иштер боюнча мугалимдин же психологдун суракка катышуусуна тергөөчүнүн, прокурордун каалоосу боюнча же болбосо адвокаттын, мыйзамдуу өкүлдүн өтүнүчү боюнча жол берилет (КР КПК 464-бер., 2-бөл.).

Балдар жасаган кылмыштар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүшкө кеңири укуктарга ээ баланын мыйзамдуу өкүлү катышат (КР КПК 465-бер. 1-3 бөл-ү.).

Эгерде мыйзамдуу өкүлдүн аракеттери баланын кызыкчылыктарына залал келтирет же сотко чейинки өндүрүшкө тоскоолдук кылууга багытталган деп эсептөөгө негиздер бар болсо, ал ишке катышуудан четтетилет. Тергөөчү бул тууралуу жүйөлөнгөн токтом чыгарат. Бул учурда ишке катышууга башка мыйзамдуу өкүлгө жол берилет (КР КПК 465-бер. 5-бөл.).

Алгачкы текшерүү органынын кызмат адамы, тергөөчү балдардын катышуусунда бардык тергөө иш-чараларын балдар иши боюнча адистешкен тергөөчүнүн «достук маанайдагы бөлмөсүндө» жүргүзүүгө милдеттүү. Баланын алдын ала текшерүү жана тергөө алкагында аракеттерди жүргүзүүнү күтүүсүнө балдар үчүн өзүнчө күтүү бөлмөлөрүндө гана жол берилет (КР КПК 78-бер.). Ички иштер органдарынын балдар үчүн юстиция тутумунда балдар үчүн достук маанайдагы процедураларды колдонуусунун тартиби, Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын балдар үчүн юстиция тутумундагы жашы жетелей өспүрүмдөргө карата достук маанайдагы процедураларды колдонуу боюнча Нускама аркылуу аныкталат.[32]

Судья кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында балдарга карата иш-чараларды, Кыргыз Республикасынын сот органдарындагы балдар үчүн юстиция тутумундагы жашы жетелек өспүрүмдөргө карата достук маанайдагы процедураларды колдонуу боюнча Нускамада аныкталган стандартка ылайык жабдылган атайын залдарда жүргүзүүгө милдеттүү (КР КПК 78-бер.)[33].

Сурамжылоого катышкан 21 тергөөчүнүн ичинен (19%) болгону 4 гана РИИБдерде тергөөчү үчүн адистештирилген бөлмө жана КР КПК жана жогоруда аталган Нускаманын талаптарына ылайык балдар үчүн күтүү бөлмөсү бар деп билдиришти.

Сурамжылоого катышкан адвокаттардын ичинен болгону 2 гана адвокат (6%) РИИБдерде суракка алуулар жана процессуалдык аракеттер тергөөчүнүн адистештирилген бөлмөсүнө өткөрүлгөн, ал эми бала күтүү убактысын КР КПК жана жогоруда аталган Нускаманын талаптарына ылайык балдар үчүн күтүү бөлмөсүндө өткөрө алган деп билдиришти.

Корутундулар

1. Кыргыз Республикасы мыйзам менен чатагы бар балдар жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрү үчүн сотко чейинки өндүрүштүн алкагында өзгөчө шарттарды кепилдикке алган көптөгөн эл аралык ченемдерди жана стандарттарды улуттук мыйзамдарда бекиткен. Алардын катарында балдардын иштери боюнча баланын турмуштук кырдаалынын жекече жагдайларын кошумча түрдө аныктоо зарылдыгы талабы дагы белгиленген, кылмышты жасоого жашы жеткен чоң адам менен чогуу катышкан балага карата иш өзүнчө өндүрүшкө бөлүнүп жүргүзүлөт, сот тарабынан баш коргоо чарасы аныкталганга чейин камакка алуунун атайын (чоң адамдар үчүн белгиленген мөөнөттөргө салыштырмалуу кыскартылган мөөнөт)

[32] Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдарынын балдар үчүн юстиция тутумундагы жашы жетелей өспүрүмдөргө карата достук маанайдагы процедураларды колдонуу боюнча Нускама. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министринин Буйругу менен бекитилген. №269, 05.03.2018-жыл.

[33] Кыргыз Республикасынын сот органдарындагы балдар үчүн юстиция тутумундагы жашы жетелек өспүрүмдөргө карата достук маанайдагы процедураларды колдонуу боюнча Нускама. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Төрагасынын Буйругу менен бекитилген. №15, 2-март, 2018-жыл.

мөөнөттөрү аныкталган, мыйзам менен чатагы бар бала катышып жаткан процессуалдык аракеттерге адвокат менен чогуу эле, кошумча түрдө УББКБ адиси, мыйзамдуу өкүл катышуусу керек, ал эми эгерде баланын жаш курагы 16 жаштан төмөн болсо, анда мугалим же психолог катышышат, тергөөчү мыйзам менен чатагы бар бала катышып жаткан бардык процессуалдык аракеттерди атайын «достук маанайдагы» бөлмөлөрдө өткөрүүгө милдеттүү.

2. КР КПК 78-беренесине ылайык, алгачкы текшерүү органынын кызматкери, тергөөчү балдар катышкан бардык тергөө иш-чараларын «балдар үчүн достук маанайдагы бөлмөлөрдө», балдар иштери боюнча адистештирилген тергөөчүнүн катышуусун камсыз кылуу менен өткөрүүлөрү керек. Баланын тергөөгө чейинки жана тергөө убагындагы аракеттеринин алкагындагы иш-чараларды өткөрүү үчүн күтүүсү, бир гана балдар үчүн өзүнчө каралган күтүү бөлмөлөрдө күтүп туруусуна жол берилет. Баланы, мыйзам менен чатагы бар баланы жаракатка кабылтуучу таасирлерин төмөндөтүү максатында белгиленген бул берененин талаптары, атайын бөлмөлөр жок болгондуктан көп учурда сакталбайт.

Сунуштамалар

1. КР Ички иштер министрлигине, балдар катышкан бардык тергөө иш-чараларын «балдар үчүн достук маанайдагы бөлмөлөрдө» балдар иштери боюнча адистештирилген тергөөчүнүн катышуусун камсыз кылуу менен өткөрүү бөлүгү боюнча, ал эми баланын тергөөгө чейинки жана тергөө аракеттеринин алкагындагы иш-чараларды өткөрүү үчүн күтүүсүн – атайын балдар үчүн түзүлгөн күтүүчү бөлмөлөрдө гана камсыз кылуу бөлүгү боюнча райондук ишки иштер бөлүмдөрүнүн деңгээлинде КР КПК талаптарынын аткарылышына үзгүлтүксүз түрдө текшерүү жүргүзүп туруу сунушталат.

4) 8-чөйрө. Кылмыш-жаза аткаруу тутуму

11-индикатор. Өлкөдө ар башка топко тиешелүү эркиндигинен ажыратылган адамдардын өзгөчө муктаждыктарына көңүл бурулат

11.4-КК. Эркиндигинен ажыратылган балдардын өзгөчө муктаждыктарына көңүл бурулат

Сыпаттаамасы

Эл аралык стандарттар жашы жетелек өспүрүм айыпталуучуларга жаш курактарына жана укуктук макамына шайкеш келген режимди берүү менен, аларды жашы жеткен соттолуучулардан милдеттүү түрдө бөлүүнү белгилейт.[34] Жашы жетелек өспүрүмдөрдү кармоо кийинкидей атайын шарттарга жооп бериши керек: 1) балдарды кабыл алуу процессинде Гаван эрежесинде караштырылгандай, алардын өзгөчө муктаждыктары эске алынышы керек;[35] 2) эркиндигинен ажыратылган балдар мекемелерде кармалышат жана ден соолуктарын жана адамзаттык кадыр-баркын камсыз кылуунун бардык талаптарына

[34] ЖСУЭП, 10-берене, 2-пункт (b); Бириккен Улуттар Уюмунун Эркиндигинен ажыратылган жашы жетелек өспүрүмдөрдү коргоого тиешелүү Эрежелери (Гаван эрежелери). Башкы Ассамблеянын й 45/113 резолюциясы менен кабыл алынган. 14-декабрь, 1990 -жыл, 29-пункт. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/juveniles_liberty.shtml; Бириккен Улуттар Уюмунун Эркиндигинен ажыратылган жашы жетелек өспүрүмдөрдү коргоого тиешелүү Эрежелери (Нельсон Манделанын эрежелери), 11-эреже (d). URL: https://www.unodc.org/documents/justice-and-prison-reform/Nelson_Mandela_Rules-R-ebook.pdf

[35] Гаван эрежелери, 27- 28-эрежелер.

жооп берген кызмат көрсөтүүлөрдөн алышат;[36] 3)камакта кармалган балдарга билим алуу үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлөт;[37] 4) кармалган балдардын сырткы дүйнө менен байланышуусу камсыз кылынат;[38] 5) кармалган балдардын муктаждыктары бошотулгандан кийин толугу менен сакталат.[39] Эске алуу маанилүү, чогуу пенитенциардык мекемелерде ата-энелери менен чогуу турган балдар соттолгондор катары каралбайт.[40]

Кыргызстандагы макамы жана чакырыктар

Түзөтүү мекемелеринде аялдар менен эркектерди, балдар менен эрезеге жеткендерди өзүнчө кармоо белгиленет (КР КЖАК 79-бер.).

Эркиндигинен ажыратууга соттолгондор жаза өтөө мезгилинде иштеп тапкан акча каражаттарынын, алар алуучу пенсиялардын жана социалдык жөлөк пулдардын эсебинен, ал эми соттолгон балдар - өздөрүнүн жеке эсеп-кысаптарындагы акча каражаттарын накталай эмес эсептешүү боюнча тамак-аш азыктарын жана күндөлүк керектелүүчү предметтерди чектөөсүз сатып ала алат (КР КЖАК 88-бер.).

Соттолгон балдарга жакшыртылган турак жай турмуш-тиричиликтик шарттар түзүлөт, тамак-аштын жогорулатылган ченеми белгиленет (КР КЖАК 99-бер.).

Соттолгон балдар эмгек мыйзамдарына ылайык эмгекке тартылат (КР КЖАК 103-бер.).

Соттолгон балдардан эмгек акысынан же башка кирешелеринен 25 пайыздан көп эмес өлчөмдө жүргүзүлөт (КР КЖАК 107-бер.).

КР КЖАК 19-бөлүмү (главасы) «Эркиндигинен ажыратылган балдардын жазасын аткаруусунун өзгөчөлүктөрү», жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдардын билим алуусун жана аларды медициналык тейлөөнүн, кармоо тартибин жөнгө салган бир катар беренелерди камтыйт.

КР «Пробация жөнүндө» Мыйзамына ылайык[41], пенитенциардык пробация жоголгон документтерин кайра калыбына келтирүү, андан ары жумушка орношуу үчүн кесиптик даярдоо, кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү максатында баштапкы кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар менен байланыштарды түзүү, соттолгон адамдарга ваканттык бош орундар жана жумуш ордун тандоо жөнүндө маалыматтарды берүү үчүн калкты жумушка орноштуруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар менен байланыштарды түзүү, алардын калкты жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү органдарга каттоого туруусуна көмөктөшүү, социалдык турак жай издөө жана алуу ж.б. үчүн мамлекеттик органдар, жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын аткаруучу органдары жана башка уюмдар жана мекемелер менен байланыштарды жолго коюу боюнча чараларды камтыйт. Жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдарды кайра социалдаштыруу боюнча атайын программалар иштелип чыккан эмес.

---

[36] Ошол жерде, 32 – 34-эрежелер.

[37] Ошол жерде, 38 -39-эрежелер.

[38] Ошол жерде, 59 -62-эрежелер.

[39] Ошол жерде, 79 -80-эрежелер.

[40] Нельсон Манделанын эрежелери, 29-эреже; Бириккен Улуттар Уюмунун соттолгон аялдарга мамиле кылууга тиешелүү жана эркиндигинен ажыратууга байланыштуу эмес аял укук бузуучулар үчүн чараларга тиешелүү Эрежелери (Бангкок эрежелери) A/RES/65/229, 9- 50 -51-эрежелер. URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/bangkok_rules.shtml

[41] КР «Пробация жөнүндө» мыйзамы, 24-февраль, 2017-жыл. № 34. URL: https://cbd.minjust.gov.kg/111517/edition/14118/ru

2024-жылдын 12-мартында жана 9-апрелинде Акыйкатчы институтунун, Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбордун, «Баланын укугун коргоочулардын лигасы» КФ, «Балдар үчүн юстиция» адвокаттар коллегиясынын өкүлдөрү менен биргеликте, КР Юстиция министрлигинин алдындагы Жазаларды аткаруу кызматынын №14 мекемесине мониторингдик баруулар жүргүзүлдү. Мониторинг учурунда чечүүнү талап кылган бир нече суроолор аныкталды. Аларга тамак-аштын сапаты кирет (КР КЖАК «Эркиндигинен ажыратууга соттолгондорду материалдык турмуш-тиричилик жактан камсыз кылуу» деген 99-беренесине ылайык, соттолгон балдар тамак-аштын жогорулатылган өлчөмү менен камсыз болууга укуктуу; балдар менен аңгемелешүүдө алар дайыма эле тоюшунча тамактана бербестигин айтышты), жана балдардын ден соолуктарынын абалы (КР КЖАК «Соттолгондордун саламаттыгын сактоого жана квалификациялуу медициналык жардам алууга укугу» деген 20-беренеси, мониторингдик топ балдарга сырткы кароо жүргүзүү учурунда медициналык жардамга муктаж балдар аныктады). Абактын балдар кармалып турган имараты оңдоп-түзөөнү талап кылат. Ичиндеги жайларда жагымдуу температура жана жарыктандыруу камсыз кылынган.

Мониторингдик баруулардын жүрүшүндө, жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жатышкан мыйзам менен чатагы бар 13 бала менен маектешүү жүргүзүлдү (алардын ичинен эркек балдар -13).

Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча 13 баланын ичинен 11 мекемеге келгенден кийин, эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазасын өтөө учурундагы өздөрүнүн негизги укуктары жана милдеттери жөнүндө маалымат алышкан.



Сурамжылоонун жыйынтыктарына ылайык, эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазасын өтөп жаткан балдардын 100% билим алышат (9 – жалпы орто билим алышат жана 7 бала – орто кесиптик билим алышат).

13 баланын ичинен 9 бала туугандары жана адвокаты менен кат жана телефон аркылуу сүйлөшүп турушарын айтышты, 13 баланын ичинен 9 бала маалыматтын жана жаңылыктардын булагы катары телени, радиону, гезитти, журналды аташты.



Балдардын 100% аларга спорт менен машыгуу үчүн убакыт берилерин айтышты. Эс алуучу иш-чаралар катары балдар спорттук иш-чараларды, телевизор көрүүнү, шахмат ойноону, оюндарды аташты.



13 баланын ичинен болгону 6 аларга гигиеналык муктаждыктарын камсыз кылуу үчүн мекеменин ичинде зарыл каражаттар берилет деп жооп беришти, 6 болгон самын берилет деп айтышты, 1 бала каражаттар берилбейт деп айтты.



Корутундулар

1. Жашоо-тиричиликтик шарттардын канааттандырбаган фонунда жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдардын негизги базалык муктаждыктары, тамактануу жана медициналык жардам көрсөтүү бөлүгүндө ортодон төмөн деңгээлде камсыз кылынууда. Ошол эле учурда жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдар 100% билим алып жатышат, спорт менен машыгуу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ.

2. Жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан балдарды кайрадан социалдаштыруу менен камсыз кылуу чөйрөсүндө пенитенциардык пробация активдүү өнүктүрүүнү талап кылат, анын ичинде кайрадан социалдаштыруучу атайын программаларды иштеп чыгууну дагы талап кылат.

Сунуштамалар:

1. КР МЖАКна КР Юстиция министрлигинин алдындагы Жазаларды аткаруу кызматынын №14 мекемесинде балдардын керектөөлөрүнө жооп бере турган жана жетиштүү тамак аштын деңгээли менен камсыз кылуу боюнча, ошондой эле медициналык жардам көрсөтүүнүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү сунушталат.

2. Жазасын эркиндигинен ажыратуу түрүндө өтөп жаткан ар бир бала боюнча бейне-менеджментин киргизүү аткарылуучу чара катары сунушталууда, ал кайрадан тарбиялоого жана келечекте натыйжалуу түрдө кайра социалдаштырууга багытталган. Бейне-менеджменти, бекитилген усулду сактоо менен жүргүзүлгөн тобокелчиликтерге жана муктаждыктарга комплекстүү баа берүүнүн жыйынтыктарына негизделген бала менен иштөөнүн деталдуу жекече планын өзүнө камтышы керек. Жекече иштөө планын ишке ашыруу жүрүп жаткан кезде ага үзгүлтүксүз түрдө баа берилип турушу керек, зарылчылыкка жараша кайра каралып чыгуусу зарыл. Пландын түзүлүшүнө эң минималдуу дегенде кайра калыбына келтирүү боюнча жана/же үй-бүлөсү менен байланышты сактоо боюнча иштер жөнүндө бөлүмдөр киргизилиши керек. Орундуу учурларда элдештирүүчү процедураларды колдонуу, билим алуу жана эмгектенүү көндүмдөрүнө ээ болуу боюнча план, баланын ден соолугунун абалы жана дарылануу зарылдыгы жөнүндө бөлүм, социалдык-когнитивдик көндүмдөрдү (зомбулуксуз байланышуу көндүмдөрүн кошкондо) алуу/күчтөндүрүү боюнча

план ж.б. камтылат. Бала абактан бошотулган учурда бейне жабылбашы керек, мунун ордуна баланы кайрадан социалдаштырууга багытталган пенитенциардык пробациядан кийинки механизмдер ишке ашырылып баштайт.

ЧӨЙРӨГӨ БАА БЕРҮҮ

1-ЧӨЙРӨ. КЫЛМЫШ-ЖАЗА САЯСАТЫ			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө карата комментарийлер**
Кылмыш-жаза саясаты чөйрөсүндөгү эл аралык милдеттенмелер			
9. Эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу	9.3. Жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жасалган сексуалдык кылмыштардын эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн эсептөө жабыр тарткан адамдын жашы жеткен күндөн башталат	0,5	$З_{0,5}+П_{0,5}=0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени КРда жашы жетелек өспүрүмдөргө карата сексуалдык кылмыштар үчүн эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу жалпысынан эл аралык стандарттарга шайкеш келет, бирок КР ар түрдүү беренелеринде балдардын жаш курактык категорияларын аныктоого карата бирдиктүү ыкманын жоктугуна байланыштуу, ошондой эле 157-беренеге карата эскирүү мөөнөтү өткөндүгүн колдонуу менен байланыштуу чакырыктар бар бойдон калууда, бул жабыр тарткан адамдар үчүн сот адилеттүүлүгүнүн жеткиликтүү болуусун чектеши мүмкүн.
13. Кылмыш-жаза кодекси балдардын жана жаш адамдардын кылмыш-жаза жоопкерчилигинин жана аларды жазалоонун өзгөчөлүктөрүн караштырат	13.1. Кылмыш-жаза кодеси жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жазалоону колдонуунун ордуна таасир этүүнүн башка жаза-чараларын колдонуу мүмкүнчүлүгүн караштырат	0,5	$З_{1}+П_{0,5}=0,5$ Кыргызстан мыйзам менен чатагы бар балдарга мамиле кылуу боюнча эл аралык стандарттарды маанилүү деңгээлде интеграциялаган. Бул мыйзамда көрсөтүлгөн, алар пробациялык көзөмөл жана тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоочу чаралар сыяктуу эркиндигинен ажыратууга карата альтернативдүү чаралар. Ошол эле учурда, көзөмөлдөөгө өткөрүп берүү жана жүрүм-турумун чектөө сыяктуу тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоочу чаралар жеткиликтүү түрдө белгиленген тарбиялоочу компонентке ээ, ал эми бул чараларды ишке ашыруу болсо, мыйзам менен чатагы бар балдардын үй-бүлө мүчөлөрүндө жоопкерчиликтүү чоң адам жок болгондугу менен

			татаалдашууда. Ювеналдык пробация сектору кадрды ресурсу өтө төмөн болуп жатат.
	13.2. Кылмыш-жаза кодекси балдар жана жаш адамдар үчүн жазаны жумшартуу мүмкүнчүлүгүн караштыруусу керек	0,5	$З_1+П_{0,5}=0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, себеби КР КЖК эл аралык стандартка толугу менен шайкеш келүүнү көрсөтүп турат, балдар жана жаш адамдар үчүн жазалоону жумшартуу мүмкүнчүлүгүн караштырат. Укук колдонуу тажрыйбасына талдоо жүргүзүү, ал эми укук колдонуу тажрыйбасы болсо КР КЖКде мыйзам менен чатагы бар баланы анын инсандыгын жана жекече жашоо шарттарын эске алуу менен жазаны жеңилдетүү боюнча укуктук мүмкүнчүлүктөрдү толук көлөмдө колдонулбай жаткандыгын көрсөттү.
5-ЧӨЙРӨ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүч**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү			
3. Жабыр тарткан адамдар квалификациялуу юридикалык жардам алуунун жеткиликтүүлүгүнө ээ	3.1. Укук бузуулардан/кылмыштардан жабыр тарткан адамдар (жабырлануучулар) эгердеюридик алык колдоо көрсөтүүгө муктаж болушса, юридикалык жардам алышат	1	$З_1+П_1= 1$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 1 балл берилди, себеби КР КЖК жана КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы эл аралык стандарттарга толук шайкеш келерин көрсөтүп турат. Укук колдонуу тажрыйбасы мыйзамдарга шайкеш келет, ошол эле учурда жабыр таркан балдарга жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө мамлекеттин эсебинен юридикалык жардам алуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө кыйла сапаттуу маалымат берүү аркылуу,. Ошондой эле тергөөчүнүн жабыр тарткан балага МКЮЖ тутумунан адвокатты өз алдынча негизде кайрылып катыштыруу, буга окшош эле шектүү же айыпталып жаткан бала үчүн дагы тергөөчүнүн МКЮЖ катыштыруусу аркылуу мындан дагы жакшыртылуусу мүмкүн.

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын сапаты			
7. Муктаж болгон адамдарга натыйжалуу жана сапаттуу юридикалык жардам көрсөтүлөт	7.2. Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүгө ыйгарым укуктуу адамдарды даярдоо жана усулдук жардам көрсөтүү туруктуу негизде жүргүзүлөт	0,5	$З_1+П_{0,5}=0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени КР КЖК жана КР «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы, ошондой эле мыйзам алдындагы актылар эл аралык стандарттарга толугу менен шайкеш келерин көрсөтүп турат, МКЮЖ тутумунун адвокаттарын балдар иштери боюнча иштөө үчүн адистештирилген усулдук даярдоо караштырылган, бул иш жүзүндө (практикада) дагы ишке ашырылат. Ошол эле учурда жүргүзүлгөн талдоо иш жүзүндө (практикада) болсо, КР КПК милдеттүү түрдө адистештирүүнү караштырганына карабастан, тергөөчүлөрдү, прокурорлорду, сотторду, МКЮЖ тутумунан сырткаркы адвокаттарды балдардын иштери боюнча суроолор жаатында адистештирилген даярдоо жана квалификацияларын жогорулатуу тутуму жок экендигин көрсөттү.
6-ЧӨЙРӨ. СОТКО ЧЕЙИНКИ ЭТАП			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
Сотко чейинки өндүрүштүн катышуучуларынын укуктарын жана мыйзамдуулукту сактоо			
3. Кылмыш иштери боюнча сотко чейинки өндүрүш адам укуктарынын минималдуу кепилдиктерин камсыз кылат	3.4. Кылмыш-жаза айыбы боюнча кармалган ар бир адам сотко дароо жеткирилүүгө укуктуу	0,5	$З_1+П_{0,5}=0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени КР КПК эл аралык стандарттарга толук түрдөгү шайкештикти көрсөтүп турат, мыйзам чегинде жашы жетелек өспүрүм кармалган адамды дароо сотко жеткирүү боюнча талаптар белгиленген. Талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча, укук колдонуу тажрыйбасы айрым учурларда мыйзамдын талаптарына кайчылаш жүргүзүлүүдө жана кармаган убактан баштап сотко жеткирүүгө чейинки мөөнөтөрү мыйзамда бекитилгенден ашып кетет.
Жашы жетелек өспүрүмдөргө достук маанайдагы сот адилеттиги			

5. Сотко чейинки стадиядагы сот адилеттиги балага карата достук маанайда болуп эсептелет	5.1. Сотко чейинки стадияда балдарга карата сот өндүрүшүнүн альтернативасы караштырылган	0,5	$З_1$+$П_{0,5}$=0,5 Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени өлкөдө балдарды кылмыш-жаза сот өндүрүшү тутумунан чыгарууга багытталган мыйзамдуу механизмдер эл аралык стандарттарга шайкештикте караштырылган. Укук колдонуу тажрыйбасы балдарды кылмыш-жаза сот өндүрүшү тутумунан чыгаруу боюнча көрүлгөн чаралардын саны өсүп жаткандыгын көрсөтүп турат, бирок алардын иш жүзүндө колдонулушунда олуттуу кемчиликтер аныкталды.
	5.2. Эркиндигинен ажыратууну бөгөт коюу жана жазалоо чаралары катары колдонууну чектөө	0,5	$З_1$+$П_{0,5}$=0,5 Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени КР КПК эл аралык стандартка толугу менен шайкештикти көрсөтүп турат, бирок укук колдонуу тажрыйбасы мыйзамдарга толугу менен шайкеш келбейт. Көзөмөлгө өткөрүп берүү дайыма эле жеткиликтүү жагдай болуп эсептелбейт, мыйзам менен чатагы бар балдар мына ушундайча баланы камоо акыркы чара катары эмес, баш коргоо чарасынын жалгыз гана жеткиликтүү чара катары колдонулууда.
	5.3. Балдарга жана алардын ата-энелерине алардын укуктары жөнүндө өз убагында маалымат берилет	0,5	$З_1$+$П_{0,5}$=0,5 Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени КР КПК эл аралык стандартка толук шайкеш келерин көрсөтүп турат, мыйзам менен чатагы бар балдарды жана алардын ата-энелерине алардын укуктары жөнүндө милдеттүү түрдө маалымат берүү мыйзам чегинде бекитилген. Ал эми ошол эле учурда болсо, мугалимдердин жана психологдордун жетишпестигинен, өзгөчө аймактарда жетишпестигинен; алардын эмгек акыларын төлөө механизминин жоктугунан жана алыскы райондордо консультация берүүлөрдүн жана маалыматтын жеткиликсиздиги көйгөйүнөн улам, укук колдонуу тажрыйбасы мыйзамга толугу менен шайкеш келбейт.

	5.4. Балдарга жана алардын ата-энелерине сотко чейинки өндүрүштүн алкагында өзгөчө шарттар кепилдиги берилет	0,5	$З_1+П_{0,5}=0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени КР КПК эл аралык стандарттарга шайкеш келерин көрсөтүп турат, бирок укук колдонуу тажрыйбасы мыйзамга толугу менен шайкеш келбейт. Балдардын катышуусундагы процессуалдык аракеттердин баары эле балдарга ылайыкташтырылып атайын жабдылган бөлмөлөрдө өткөрүлбөйт.
8-СФЕРА. КЫЛМЫШ-ЖАЗА АТКАРУУ ТУТУМУ			
Индикатор	**Көзөмөлдөөчү көрсөткүчтөр**	**Баа берүү**	**Баа берүүгө комментарий**
Аярлуу топтор үчүн кошумча кепилдиктер			
11. Өлкөдө ар түрдүү топко тиешелүү эркиндигинен ажыратылган адамдардын өзгөчө муктаждыктарына көңүл бурулат	**11.4.** Эркиндигинен ажыратылган балдардын өзгөчө муктаждыктарына көңүл бурулат	0,5	$З_1+П_{0,5}=0,5$ Көзөмөлдөөчү көрсөткүчкө 0,5 балл берилди, анткени КР КЖАК эл аралык стандартка шайкеш келерин көрсөтүп турат, бирок укук колдонуу тажрыйбасы мыйзамдарга толугу менен шайкеш келбейт. Балдар эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жазасын өтөп жатышкан жайдагы жашоо-тиричилик шарттары канааттандырарлык эмес болуп саналат. Ошондой эле жазасын өтөп жаткан балдарды кайра социалдаштыруу боюнча тутумтуу түрдө (системалуу) иш алып барылбайт.

КОРУТУНДУ

Өткөрүлгөн талдоо жүргүзүүнүн негизинде Кыргыз Республикасындагы кылмыш-жаза сот өндүрүшү тутумунун балдардын укуктарын сактоо бөлүгүндөгү учурдагы абалы жөнүндө бир катар корутундуларды жасоого мүмкүн болду:

Эл аралык стандарттар жашы жетелек өспүрүмдөргө карата жасалган сексуалдык кылмыштардын эскирүү мөөнөтү өткөндүгү бөлүгүндө сакталууда, алсак жабыр тарткан бала жашы чоң адам курагына толгондон кийин өз укугун коргоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусу сакталат же убакыттар өткөндөн кийин башынан өткөргөн зомбулукту таануруга даяр болсо, жосунду жасаган адамга карата кылмыш куугунтугун баштоо мүмкүнчүлүгү аталган беренелер боюнча күчүн жоготпойт.

Кылмыш жасаган мыйзам менен чатагы бар балага, жазанын ордуна тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чаралары колдонулушу мүмкүн, пробациялык көзөмөл дайындалышы мүмкүн, ошондой эле мыйзам менен чатагы бар баланы кылмыш-жаза сот өндүрүшү тутумунан чыгаруу колдонулушу мүмкүн. Бул ыкма жалпыга таанылган эл аралык стандарттарга толугу менен шайкеш келет. Ошол эле учурда, республикада ювеналдык пробацияны өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу жана күч жумшоо зарыл. Ошондой эле мыйзам менен чатагы бар балага карата тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жеткиликтүү түрдө жөнгө салынган эмес, бул натыйжанын төмөн болушуна алып келет жана муну мыйзамдык деңгээлде маанилүү түрдө жеткире иштеп чыкса болот. Мыйзам менен чатагы бар баланы чыгаруу институту укук колдонуу бөлүгүндө дагы, ошондой эле анын мыйзамдык негиздерин жакшыртуу бөлүгүндө дагы өнүгүүдө.

Ошол эле учурда мыйзам менен чатагы бар баланын инсандыгын жана жекече жашоо шарттарын эске алуу менен, кылмыш-жаза мыйзамы балдар үчүн жана жаш адамдар үчүн жазаны жумшартуу мүмкүнчүлүгүн караштырат, укук колдонуу тажрыйбасы болсо бул мүмкүнчүлүктү жетиштүү түрдө колдонбойт. Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ишин, кылмыш-жаза сот өндүрүшүнүн алкагында аталган мамлекеттик органдардын адистеринин баланын кызыкчылыктарын ишке ашыруусунун сапаты бөлүгүндө жакшыртууну талап кылат.

Жабыр тарткан балдар үчүн жана мыйзам менен чатагы бар балдар үчүн мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү, ошондой эле мамлекет кепилдеген юридикалык жардам тутумунун адвокаттарын балдардын иштери боюнча адистештирүү камсыз кылынган. Ал эми мунун катарында эле, сотторду, тергөөчүлөрдү, прокурорлору, МКЮЖ тутумуна кирбеген адвокаттарды балдардын иштери боюнча адистештирүү тутуму жок, ошондой эле балдарды коргоо тутумундагы аталган кесип ээлеринин балдардын иштери боюнча квалификацияларын жогорулатуу тутуму дагы жок.

Талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыгында, КР КПКнын кармалган баланы дароо сотко жеткирүү бөлүгүндө укук колдонуу тажрыйбасынын шайкеш келбегендиги өзүнө өзгөчө көңүлдү бурдурат. Авдокаттарды сурамжылоонун жыйынтыгына ылайык, кармагандан кийин сотко жеткирүүнүн мөөнөттөрү бардык жерде бузулат.

Мыйзам менен чатагы бар балдарды камакка алууга жайгаштыруу бардык жерлерде колдонулат жана балдардын камкорчусу жок болгон учурларга карата альтернативалар жок, бул баш коргоо чарасынын ушул түрүнө карата альтернативаларды киргизүү боюнча ыкчам чараларды көрүүнү талап кылат.

Мыйзам менен чатагы бар балдарга жана алардын ата-энелерине кылмыш-жаза мыйзамдары тарабынан сотко чейинки өндүрүштүн алкагында өзгөчө шарттар кепилденет, бул укук колдонуу тажрыйбасында бардык убакта камсыз кылынбай калышы мүмкүн.

КР Кылмыш-жаза аткаруу кодексинде эркиндигинен ажыратуу менен байланыштуу жазасын өтөп жаткан балдарга, алардын кайра социалдашуусуна жана кайра тарбияланууусуна шарт түзгөн өзгөчө шарттар кепилдиги берилет. Бул кепилдиктерди иш жүзүндө (практикада) ишке ашыруу материалдык-техникалык базанын жетишсиздигинен, пенитенциардык тутумдун жана пробация кызматынын адистеринин усулдук жактан даярдыгынын жетишсиздигинен толук кандуу ишке ашырылбай калышы мүмкүн.

Мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары, балдар үчүн юстиция тутумунун иш алып баруусунун практикалык аспектилерин жакшыртуу үчүн негиз катары кызмат кылат. Иштелип чыккан сунуштамалар соттордун, балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын, тарбиялоо мекемелеринин жана жашы жетелек өспүрүмдөрдү коргоо процессине катышкан башка ведомстволордун ишмердүүлүгүндө колдонулушу мүмкүн. Бул ведомстволор аралык өз ара аракеттенишүүнүн натыйжалуулугун жакшыртууга жол ачат жана балдардын иштерин кароодо баланын эң мыкты кызыкчылыктарына багытталган ыкманы камсыз кылат.